DOSCREDOBANK

2023

Туруктуу өнүгүү жөнүндө отчет



# ЖАШЫЛ КАРЖЫЛООНУ ӨНҮКТҮРӨБҮЗ

# Мазмуну

**Директорлор Кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу** 2
**Башкарманын Төрагасынын кайрылуусу** 3
**Банк жөнүндө** 4
“Дос-Кредобанк” ААК цифралар менен 5
Биздин сыйлыктарыбыз жана жетишкендиктерибиз 6
Банк жөнүндө жалпы маалымат 7
Биздин негизги продукттарыбыз 8
Миссия, баалуулуктар 9
Бизнес-модель 10
Иштин негизги көрсөткүчтөрү, 2022–2023 11
2023-жылдын негизги окуялары 12
**Туруктуу өнүгүүнү башкаруу** 13
Биздин ESG-стратегиябыз 14
Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн ESG-бөлүгү 16
Кыргызстанда ESG-принциптерин киргизүүгө биздин салымыбыз 18
БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин жактоочулук 19
БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө Банктын салымы 20
Стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү 24
**Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү** 26
Биздин стратегия 27
Бизнес-этика 29
Коррупцияга каршы аракеттенүү 30
Сатып алуу иши 33
Маалыматтык коопсуздук 34
**Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү** 36
Биздин мамиле 37
Айлана-чөйрөгө кам көрүү чөйрөсүндөгү “Дос-Кредобанк” ААКнын негизги жетишкендиктери жана сыйлыктары 40
Жашыл облигациялар эмиссиясы 41
Биздин климаттык стратегиябыз 45
Жоопкерчиликтүү каржылоо 47
DCB Green 49
Айлана-чөйрөгө кам көрүү 53
**Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү** 56
Биздин кызматкерлерибиз 57
Коом менен өз ара аракеттенүү 70
**Корпоративдик башкаруу** 74
Банктын корпоративдик башкаруу тутуму 75
Директорлор кеңеши 77
Башкарма 84
Маалыматты ачыкка чыгаруу 86
Тобокелдиктерди тескөө 87
**Тиркемелер** 98
1-тиркеме. Отчет жөнүндө 99
2-тиркеме. GRI таблицасы 104
3-тиркеме. Ассоциацияларга мүчөлүк 112
Байланыш маалыматы 114

# Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу

## Урматтуу акционерлер, кардарлар, өнөктөштөр жана кесиптештер

"Дос-Кредобанк" ААКнын Директорлор кеңешинин атынан сиздерге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү биздин артыкчылыктарыбызды жана негизги жетишкендиктерибизди чагылдырган биринчи ачык Отчетубузду сунуштоого кубанычтамын.

Биз 27 жылдан ашык убакыттан бери бүтүндөй өлкө боюнча 500 миңден ашык кардар үчүн ишенимдүү өнөктөш болуп саналабыз. "Дос-Кредобанк" кредиттөөдөн жана депозиттерден тартып акча которууларга жана жашыл каржылоо үчүн инновациялык чечимдерге чейин продукттардын жана кызматтардын кеңири спектрин сунуштайт. Биз туруктуулугубуз менен сыймыктанабыз, биздин кызматтарыбызды жеткиликтүү жана сапаттуу кылуу үчүн санариптик чечимдерди киргизебиз.

Банкты өнүктүрүү стратегиясынын негизги багыттарынын арасында – жашыл экономиканы каржылоого багытталган инструменттердин линейкасын кеңейтүү; инновациялык продукттарды иштеп чыгуу жана киргизүү бар.

Биздин Банк экономикалык, экологиялык жана социалдык максаттардын шайкештигин камсыз кылуу менен өз ишин жүргүзүүгө умтулат. Туруктуу өнүгүү – бул ийгиликтүү келечектин ачкычы деп ишенебиз жана бул Отчет финансылык жыйынтыктар менен коомдун жана айлана-чөйрөнүн алдындагы жоопкерчиликтин ортосундагы шайкештикке умтулуубузду баса көрсөтөт.

Ишеним арткандыгы жана колдоо көрсөткөндүгү үчүн бардык өнөктөштөрүбүзгө жана кардарларыбызга ыраазычылык билдирем. Алдыда бизди дагы көптөгөн бийиктиктер жана ийгиликтер күтүп турат деп ишенем.

**НАРИМАН УУЛУ БАКЫТ,**
"ДОС-КРЕДОБАНК" ААКнын ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ



# Башкарманын төрагасынын кайрылуусу

## Урматтуу кесиптештер, өнөктөштөр жана кардарлар!

Сиздерге "Дос-Кредобанк" ААКнын туруктуу өнүгүү жөнүндө биринчи отчетун сыймыктануу менен сунуштайм. Бул Отчет биздин коом жана планета үчүн узак мөөнөттүү баалуулуктарды түзүүгө карай умтулуубузду чагылдырат. Биз жетишкен жыйынтыктарды жана экологиялык таасирди минималдаштырууга, социалдык шарттарды жакшыртууга жана корпоративдик башкаруу принциптерин бекемдөөгө багытталган жаңы демилгелерди бөлүшөбүз.

Биздин Банк туруктуулуктун стандарттарын сактоо жана экологиялык тазалыкты жана социалдык жоопкерчиликти колдогон технологиялар менен процесстерге инвестиция салуу менен мезгилдин чакырыктарына ыңгайлашууну улантууда. Туруктуу өнүгүү – бул милдет гана эмес, келечектеги өсүүнүн жана ийгиликтин ачкычы деп ишенебиз.

Биз жашыл каржылоону өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасайбыз. 2023-жылы биздин Банк Кыргызстанда биринчи болуп жашыл облигацияларды чыгарды, алардан түшкөн каражаттар экологиялык жактан туруктуу долбоорлорду өнүктүрүүгө багытталган. 2021-жылдан баштап биз DCB Green долбоорун ишке ашырып жатабыз, ал экологиялык таза жана энергиялык майнаптуулук долбоорлорун каржылоого багытталган. Мындан тышкары Банкта калдыктарды ылгоо жолго коюлган, ошондой эле энергияны жана сууну керектөөнү кыскартуу демилгелери киргизилген.

Социалдык жоопкерчилик биздин ишибиздин негизги элементи болуп саналат. Биз кызматкерлерибиз үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө умтулабыз, аларды окутуу жана өнүктүрүү программаларына инвестиция салабыз, ошондой эле тең укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн сакталышын көзөмөлдөйбүз. Биз "Дос-Кредобанк" социалдык демилгелерди активдүү колдоого алгандыгы жана адам капиталын өнүктүрүүгө инвестиция салып жаткандыгы менен сыймыктанабыз.

Корпоративдик башкаруу жаатында Банк операциялык ишке жана чечимдерди кабыл алууга контролду күчөтүү менен ички процесстерди ырааттуу өркүндөтүп жатат. Биз алдыга койгон максаттарга натыйжалуу жетүүгө жана кардарлардын жана өнөктөштөрдүн ишенимин сактоого мүмкүндүк берген алдыңкы башкаруу стандарттарын киргиздик. 2024-жылдын маанилүү окуяларынын бири климаттык тобокелдиктерди камтыган ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатты киргизүү болду. Эми биздин тобокелдиктерди тескөө системабыз кредиттөөнүн бардык этаптарында ESG-тобокелдиктерди эске алат.

Биз туруктуу өнүгүүгө шарт түзүү менен, стратегиялык максаттарга жетүү аракетибизди улантабыз.

Бул жолдо бизге колдоо көрсөткөндөрдүн бардыгына ыраазычылык билдиребиз. Биздин Отчет сиздерди кызматташууга шыктандырат жана туруктуу жана адилеттүү келечекке карай умтулуубузду жакшы түшүнүүгө жардам берет деп үмүттөнөбүз.

**ЧОЛПОН МОЛДАЛИЕВНА ЭШБЕРДИЕВА,**
"ДОС-КРЕДОБАНК" ААКнын БАШКАРМАСЫНЫН ТӨРАГАСЫ



DOSCREDOBANK



# БАНК ЖӨНҮНДӨ

# “Дос-Кредобанк” ААК цифралар менен

Кыргызстандын банктык кызматтар рыногунда **27** жылдан ашык

**500 000** ашык кардарлар

**24/7** күнү-түнү иштейт

Банктын Бишкектеги жана Оштогу төрт бөлүмү

Бүтүндөй Кыргызстанда **60** бөлүм (2024-жылдын октябрына карата абал боюнча)

# Биздин сыйлыктарыбыз жана жетишкендиктерибиз

"Астананын эл аралык финансы борборунан" GREEN FINANCE AWARDS 2023, АЭФБ "Жашыл каржылоону өнүктүрүүгө олуттуу салым" номинациясында (Outstanding Contribution to the Development of Green Finance).




The Amcham Awards 2023 "Жашыл лидер" номинациясында (Green Leader).




HoReCa сектору үчүн жашыл каржылоого олуттуу салым үчүн сыйлык.




"Green Waste Leaders – 2023" иш-чарасынын алкагында WasteNet бизнес-платформасынан "Калдыктарды башкаруунун мыкты практикасы" шайкештик сертификаты/маркалоосу.




2023-жыл – дебюттук Жашыл облигациялар эмиссиясы – Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу. Жашыл долбоорлорду өнүктүрүүгө түрткү берди, баалуу кагаздар рыногуна инновациялык финансылык инструментти алып келди.

# Банк жөнүндө жалпы маалымат

“Дос-Кредобанк” ААК 1997-жылдын 18-июнунда негизделген жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын №037 лицензиясына ээ.

Бүгүнкү күндө “Дос-Кредобанктын” Кыргызстандын бардык аймактарында жайгашкан жана кардарларга банктык операциялардын жана кызматтардын толук спектрин сунуштаган 60 бөлүмү бар.

“Дос-Кредобанк” – Бишкекте жана Ошто 24/7 режиминде банктык кызматтардын толук топтомун сунуштаган 4 филиалы бар Кыргыз Республикасындагы биринчи банк.


Банктын уюмдаштыруучулары жана акционерлери – жеке жана юридикалык жактар, Кыргыз Республикасынын резиденттери.

Банктын өлкө ичинде, ошондой эле чет өлкөлөрдө кеңири өнөктөштүк тармагы бар. Биз эл аралык байланыштар жаатында активдүү саясатты жүргүзөбүз жана бир катар алдыңкы чет өлкөлүк банктар менен корреспонденттик мамилелерди жөнгө салдык. Банк кредиттөө рыногунун активдүү катышуучусу болуу менен, Золотая Корона, UPT, Ria, Western Union, MoneyGram жана башка алдыңкы акча которуу системалары менен кызматташат. Жакынкы келечекте Банк дүйнө жүзү боюнча алдыңкы финансы институттары менен өз ара пайдалуу байланыштарды түзүүнү көздөп жатат.


**“Дос-Кредобанк” – Кыргыз Республикасынын банктык системасынын лидерлеринин бири. 27 жылдан ашык убакыттан бери тейлөөнүн ишенимдүүлүгүн, сапатын жана ыңгайлуулугун камсыз кылуу менен, кардарларыбызга финансы кызматтарынын кеңири спектрин сунуштап келебиз.**

**“Дос-Кредобанк” – Бишкек жана Ош шаарларында күнү-түнү банктык кызматтардын толук спектрин сунуштаган филиалдары бар Кыргыз Республикасындагы биринчи банк.**

# Биздин негизги продукттарыбыз



**Аманатты**




**Насыялар**

**(чакан жана орто бизнес үчүн насыялар, эко-насыялар, мамлекеттик колдоо программасы боюнча насыялар, бөлүп төлөө)**




**Акча которуулар**

**(Western Union, MoneyGram, UPT, Ria, Swift, Аманат)**



**Жашыл каржылоо инструменттери**



**Карта эсептери, эмгек акы долбоорлору**

# Миссия, баалуулуктар

## Биздин миссия

КҮТКӨНДӨН АРТЫК БОЛУУ

Күн сайын биз мыкты болуу жана кардарларыбызды тейлөөнүн жана продукттардын сапаты менен таң калтыруу үчүн бизнес-процесстерди өркүндөтүүнүн үстүнөн иштеп жатабыз. Биз инновацияларды жана алдыңкы технологияларды колдонуу менен адамдардын жана коомдун жыргалчылыгы үчүн эң жогорку сапаттагы жана эң жогорку ылдамдыктагы финансылык кызматтарды көрсөтүү менен негизги миссиябызды сактоого умтулабыз.

Банктын бардык кызматкерлери Кайдзен корпоративдик маданиятын жайылтуу менен бирдиктүү командада иштешет жана туруктуу өркүндөөгө умтулушат.

## Биздин баалуулуктар

- Сый-урмат мамиле
- Стандарттуу эмес ой жүгүртүү жана стереотиптерден алыс болуу
- Туруктуу өнүгүү жана өркүндөө
- Азыраак чыгым менен көбүрөөк жыйынтык
- Ачык жана ишенимдүү мамилелерди түзүү

**Тыкандык** — **Тартип** — **Тазалык** — **Стандартташтыруу** — **Дисциплина**

Кайдзен ыкмалары беш элементке негизделген жана Банктын Корпоративдик этика кодексинде чагылдырылган.

# Бизнес-модель

## РЕСУРСТАР

### Финансылык капитал

**Активдер**
**11 678 210**
миң сом
(2023-жылдагы маалымат)

**Капитал**
**1 789 183**
миң сом
(2023-жылдагы маалымат)

### Өндүрүштүк капитал

**60** Бүтүндөй Кыргызстан боюнча бөлүм

### Адам капиталы

**982**
кызматкер

### Жашыл каржылоо

- “Дос-Кредобанк” жашыл долбоорлорго инвестиция салат.
- Биз DCB Green программабызды ишке ашырабыз, ал экологиялык таза келечекке өтүүнү колдойт.

### Репутациялык капитал

- GREEN FINANCE AWARD 2023 “Жашыл каржылоону өнүктүрүүгө олуттуу салым” номинациясында.
- The Amcham Awards 2023 “Жашыл лидер” номинациясында.
- Кыргызстандын мыкты банкы – 2022.

## БИЗДИН ПРОДУКТТАР ЖАНА КЫЗМАТТАР

**Биздин продукттар жана кызматтар кардарларыбызга өз максатына жетүүдө жардам берет:**

- кредиттер
- депозиттер
- акча которуулар
- карта эсептери, эмгек акы долбоорлору
- жашыл каржылоо инструменттери

### Жергиликтүү коомчулук

**1 347**
миң сомду

**Банк 2023-жылы кайрымдуулукка жана демөөрчүлүккө жумшаган**

## Стейкхолдерлер үчүн түзүлгөн баалуулук

### Кардарлар

**Кредиттик портфель**
**5 944 286**
миң сом
(2023-жылдагы маалымат)

**Депозиттик портфель**
**8 383 395**
миң сом
(2023-жылдагы маалымат)

**4** Бишкекте жана Ошто 4 бөлүмүбүз 24/7 режиминде иштейт

**24/7**

### Биздин кызматкерлерибиз

**1 474** миң сом — **2023-жылы кызматкерлерибизди окутууга жана өнүктүрүүгө инвестиция**

**34%** — **Банктын кызматкерлери окутуу жана өнүктүрүү программалары менен камтылган**

**10,5%** — **2023-жылы кызматкерлерибиздин эмгек акысынын орточо өсүшү**

### Мамлекет

**Банк Кыргыз Республикасында жашыл каржылоону өнүктүрүүгө көмөктөшөт. 2023-жылы биз биринчи жолу Кыргызстанда жашыл бонддорду чыгарууну ишке киргиздик.**

# Иштин негизги көрсөткүчтөрү, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Кредиттик портфель, миң сом | 4 345 180 | 5 944 286 |
| Депозиттик портфель, миң сом | 5 790 400 | 8 383 395 |

### Активдер, милдеттенмелер жана жеке капитал

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Активдер, миң сом | 8 373 081 | 11 678 210 |
| Милдеттенмелер, миң сом | 6 988 879 | 9 889 027 |
| Капитал, миң сом | 1 748 202 | 1 789 183 |

### Банктын кирешелери

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Таза пайыздык киреше, миң сом | 433 684 | 609 213 |
| Таза пайыздык эмес киреше, миң сом | 1 494 122 | 813 937 |
| Таза пайда, миң сом | 830 225 | 266 467 |

### Банктын ишинин негизги финансылык эмес көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Пайдага салык, миң сом | 35 091 | 93 546 |
| Кызматкерлерди өнүктүрүүгө инвестиция, миң сом | 751,002 | 1 474, 470 |
| Социалдык инвестициялар, кайрымдуулук жана демөөрчүлүк, миң сом | 584,195 | 1 347,463 |

# 2023-жылдын негизги окуялары

**20.01.2023**

"Дос-Кредобанк" "Акчабар" финансы порталынын версиясы боюнча Кыргызстандын мыкты банкы – 2022 деп таанылган.

**01.03.2023**

"Дос-Кредобанк" ГУМ "Чынар" соода борборунда экологиялык таза кеңсени ачкан.

**07.03.2023**

"Дос-Кредобанк" Банктын аккредитация алдындагы даярдыгы катары Жашыл климаттык фонддон Техникалык көмөктөшүү долбоорун ишке ашырып жатат.

**17.04. 2023**

"Дос-Кредобанк" ААКнын кызматкерлери DCB Green долбоорунун алкагында 3 миңден ашык көчөт отургузушкан.

**19.05.2023**

Банк экинчи жыл катары менен WasteNet.KG бизнес-платформасынан "Калдыктарды башкаруунун мыкты практикасы" стандарттарына ылайык Лидер наамын тастыктап келет.

**01.06.2023**

"Дос-Кредобанк" балдардын эрте жашынан өз каражатын башкарууну үйрөнүүсүнө жардам берген жаңы DCB KIDS балдардын банктык карталарын ишке киргизген.

**06.06.2023**

"Дос-Кредобанк" "Outstanding Contribution to the Development of Green Finance" номинациясында Green Finance Awards сыйлыгын алган.

**15.06.2023**

Банк жашыл облигациялардын дебюттук чыгарылышын ишке ашырган.

**26.07.2023**

"Дос-Кредобанк" 85 млн сом көлөмүндө жашыл облигациялардын дебюттук чыгарылышын жайгаштырууну аяктады.

**28.08.2023**

"Дос-Кредобанк" Кыргыз Республикасында депозиттерди коргоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктен ыраазычылык кат алды.

**05.09.2023**

"Дос-Кредобанк" энчилүү жашыл облигациялары боюнча кирешелерди төлөө жөнүндө жарыялады.

**27.10.2023**

"Дос-Кредобанк" ААК "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК менен биргеликте чакан жана орто бизнес чөйрөсүндөгү инновацияларды киргизүүдө: моменталдык накталай эмес төлөмдөр үчүн QR-код.

**01.11.2023**

Банк жабдууну актуалдаштыруу жана абага мониторинг жүргүзүү датчиктеринин санын көбөйтүү аркылуу MoveGreen коомдук экологиялык уюму менен кызматташууну улантат.

**06.12.2023**

"Дос-Кредобанк" Amcham Awards – 2023 сыйлыгында "Жашыл лидер" номинациясы боюнча жеңүүчү деп табылды.

DOSCREDOBANK



# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮ БАШКАРУУ

# Биздин ESG-стратегиябыз

## Экологиялык аспект:

- Адам капиталын өнүктүрүү, кызматкерлердин ден соолугуна жана коопсуздугуна кам көрүү
- Адам укуктарын сактоо, ар түрдүүлүктү жана тең мүмкүнчүлүктөрдү колдоо
- Кардарлардын маалыматтарынын купуялуулугу жана коопсуздугу




## Экологиялык аспект:

- Жашыл каржылоо
- Энергиялык майнаптуулук жана калдыктарды башкаруу
- Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүүгө салым кошуу

## Башкаруу аспекти:

- Натыйжалуу корпоративдик башкаруу
- Жоопкерчиликтүү иштиктүү практика жана коррупция менен күрөшүү
- Кардарлар жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүдөгү ачыктык жана айкындуулук сторонами.

# Туруктуу өнүктүрүү жаатындагы биздин стратегиябыз

**“Дос-Кредобанк” ААК, Кыргыз Республикасын социалдык жана экономикалык өнүктүрүүдө өзүнүн ролун түшүнүү менен, экономикалык, экологиялык жана социалдык максаттардын шайкештигин камсыз кылып, өз ишин жүргүзүүгө умтулат.**

---

***“ESG-принциптерин киргизүү – бул бизнес үчүн, жалпысынан коом үчүн баалуулуктарды түзүүгө багытталган стратегиялык чечим. Экологиялык стандарттарга, социалдык жоопкерчиликке жана корпоративдик башкаруунун жогорку деңгээлине берилгендик биздин кардарларыбыз, өнөктөштөрүбүз жана инвесторлорубуз менен бекем жана ишенимдүү мамилелерди түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул финансылык жыйынтыктарды жакшыртууга гана эмес, экономикалык жана социалдык чакырыктарга, ошондой эле экологиялык тобокелдиктерге туруктуулукту жогорулатууга көмөктөшөт. “Дос-Кредобанкта” биздин операцияларыбыз жана инвестициялар айлана-чөйрөнү сактоого көмөктөшүүсүнө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылуусуна, ачык-айкын жана жоопкерчиликтүү башкарууга негизделишине умтулуу менен, өз ишибизге ESG-принциптерин активдүү киргизип жатабыз. ESG – бул туруктуу жана гүлдөп өнүккөн келечекти куруу үчүн негиз экенине терең ишенебиз”.***

**ЧОЛПОН ЭШБЕРДИЕВА,**
“ДОС-КРЕДОБАНК” ААКнын БАШКАРМАСЫНЫН ТӨРАГАСЫ

---

# Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн ESG-бөлүгү

### Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн экономикалык бөлүгү:

- акционерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
- натыйжалуу корпоративдик башкаруу;
- туруктуу жумуштуулукту колдоо жана жаңы жумуш орундарын түзүү;
- туруктуу өнүгүү чөйрөсүндө билимди жана тажрыйбаны алмашуу үчүн өнөктөштүктү кеңейтүү.

### Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн экологиялык бөлүгү:

- айлана-чөйрөгө таасирди минималдаштыруу;
- ресурстарды жоопкерчиликтүү керектөө;
- экологиялык, энергияны жана ресурсту үнөмдөөчү технологияларды колдонуу;
- Банктын экологиялык демилгелери жөнүндө маалыматтын ачыктыгы жана айкындуулугу;
- Банктын кызматкерлеринин арасында экологиялык маданиятты өнүктүрүү.

### Банктын туруктуу өнүгүүсүнүн социалдык бөлүгү:

- этикалык принциптерге шайкештик, коррупция менен күрөшүү;
- адам укуктарын сактоо жана тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
- татыктуу жумуш, адилеттүү сый акы жана кызматкерлердин укуктарын сактоо;
- кызматкерлердин коопсуздугуна жана ден соолугуна камкордук;
- кызматкерлер үчүн социалдык программаларды ишке ашыруу;
- кызматкерлерди окутууга жана өнүктүрүүгө инвестиция;
- социалдык маанилүү долбоорлорго инвестиция;
- жеткиликтүү продукттарды жана кызматтарды түзүү.

# Туруктуу өнүгүүнү башкаруу системасы

Банкта туруктуу өнүгүү маселелерин башкаруу Банктын ишин жалпы башкаруу системасынын алкагында жүргүзүлөт жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Азыркы убакта биз мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык туруктуу өнүгүүнү башкаруунун толук түзүмүн түзүп жатабыз жана бул тууралуу келечектеги отчетторубузда кеңири айтып беребиз. 2024-жылы Банкта туруктуу өнүгүү жаатындагы иштин багытын тескеген түзүмдүк бөлүм аныкталган. Биздин кыска мөөнөттүү пландарыбыз төмөнкү кадамдарды камтыйт:

- Банктын Башкармасы туруктуу өнүгүүнү башкаруунун талаптагыдай системасын түзүүнү жана киргизүүнү камсыз кылат. Банктын Башкармасы азыркы учурда туруктуу өнүгүү жаатындагы тиешелүү иш-чаралар планын бекитип жатат.
- Банктын түзүмдүк бөлүмү туруктуу өнүгүү жаатындагы иш-чараларды ишке ашырат, ошондой эле туруктуу өнүгүү жаатындагы иш-чараларды ишке ашыруунун жыйынтыктары жөнүндө маалыматты жана Банктын жылдык отчетуна жана  туруктуу өнүгүү жөнүндө отчетуна (суроо-талап боюнча) киргизүү үчүн маалыматты берет. Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү зарыл болгондо бул жаатта Банктын ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет.

**2023-жылы Директорлор кеңешинин алдындагы Комитеттери төмөнкү маселелерди караган:**

- “Дос-Кредобанк” ААКнын жашыл облигациялар эмиссиясы;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын Жашыл каржылоо саясаты” документин кароо жана бекитүү;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын гендердик саясаты” документин кароо жана бекитүү;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын экологиялык жана социалдык башкаруу тутумун” кароо жана бекитүү;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын экологиялык жана социалдык саясатын” кароо жана бекитүү.

# Кыргызстанда ESG-принциптерин киргизүүгө биздин салымыбыз

ESG-принциптери – компаниялардын ишинде экологиялык жоопкерчиликти, социалдык адилеттүүлүктү жана ачык-айкын башкарууну камтыган принциптер. Аларды киргизүү айлана-чөйрөгө терс таасирди азайтууга, кызматкерлер жана коом менен мамилелерди жакшыртууга көмөктөшөт, ошондой эле башкаруудагы ишенимдин деңгээлин жана ачык-айкындуулугун жогорулатат.

“Дос-Кредобанк” ААК Кыргызстанда биринчилерден болуп ESG-принциптерин киргизүүгө киришти. Бул чөйрөдөгү биздин жолубуз 2021-жылы DCB Green долбоорун ишке киргизүү менен башталган, ал экологиялык туруктуу келечекке карай маанилүү кадам болуп калды.

Банк өз кардарларына экологиялык таза транспортту каржылоону, жашыл технологияларды пайдаланып үй курууну сунуштоо, агросектордо – ресурсту үнөмдөөчү технологияларды киргизүүнү колдоо аркылуу DCB Green долбоорунун алкагында жоопкерчиликтүү каржылоо принциптерин сактайт. Биздин активдүүлүк DCB Green долбоору менен гана чектелбейт. Биз аймактагы экологиялык демилгелерде лидерлик позицияны ээлейбиз. “Дос-Кредобанк” ААК Кыргызстанда биринчи болуп “Алкак жана жол” демилгесинин алкагында Green Investment Principles принциптерине кол койгон, бул туруктуу каржылоого - жашыл инвестицияларга карай маанилүү кадам болуп калды (кененирээк “Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү” бөлүмүнөн окуңуз).

2022-жылы биз биринчи Жашыл инвестициялар форумун уюштурдук, бул экологиялык жоопкерчиликтүү инвестициялоону илгерилетүүдөгү биздин ролубузду баса көрсөтөт. “Дос-Кредобанк” ААК аккредитация алдындагы техникалык жардамды алган жана Жашыл климаттык фонддо аккредитация боюнча өлкөнүн атынан талапкер катары таанылган, бул Фонддун ресурстарына жетүү мүмкүндүгүн ачат.

Банктын “Юнисон групп”, Tazar, MoveGreen, Wastenet.kg, “Жашыл альянс” менен кызматташтыгы биргелешкен жашыл жана социалдык долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Банк үчүн жана Кыргызстан үчүн олуттуу кадам дебюттук жашыл облигацияларды чыгаруу болуп калды, ал климаттык күн тартиби бар долбоорлорго түрткү берди, ошондой эле өлкөнүн баалуу кагаздар рыногуна инновациялык финансы инструментин киргизүүгө мүмкүндүк берди.
Бул демилгелердин жана иш-чаралардын бардыгы Банктын ишине ESG-принциптерин киргизүү боюнча биздин комплекстүү стратегиябыздын бир бөлүгү болуп калды. Алар бизге пайда болгон кыйынчылыктарды натыйжалуу жеңүү гана эмес, Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүүгө реалдуу салым кошуу мүмкүнчүлүгүн берет.

# БУУнун Глобалдык келишиминин принциптерин жактоочулук

**“Дос-Кредобанк” ААК өз ишинде БУУ Глобалдык келишиминин принциптерин жактоочулугу жөнүндө билдирет.**

**Адам укуктарын коргоо жаатында:**

- Банк эл аралык деңгээлде жарыяланган адам укуктарын коргоону камсыз кылат жана урматтайт;
- Банк адам укуктарын бузууга катышы жоктукту камсыз кылат.

**Эмгек мамилелери жаатында:**

- Банк жамааттык келишимдерди түзүүгө укукту колдойт жана таанайт;
- Банк эмгек жана жумуштуулук чөйрөсүндө балдар эмгегин жана кандайдыр бир басмырлоону толук жоюуну колдойт;
- Банк студенттердин, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн же башка адистердин практикадан жана стажировкадан өтүү укугун колдойт жана таанайт.

**Айлана-чөйрөнү коргоо жаатында:**

- Банк экологиялык маселелерге сактык принцибине негизделген мамилени колдойт;
- Банк айлана-чөйрөнүн абалы үчүн жоопкерчиликти жогорулатууга багытталган демилгелерди көтөрөт;
- Банк экологиялык жактан коопсуз технологияларды өнүктүрүүгө жана жайылтууга көмөктөшөт.

**Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында:**

- Банк коррупциянын бардык түрлөрүнө жана башка мыйзамсыз аракеттерге, анын ичинде опузалап талап кылууга жана паракорчулукка жол берилбей тургандыгын билдирет.

# БУУНУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫНА ЖЕТҮҮДӨ БАНКТЫН САЛЫМЫ

**Банк 2015-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган, ачкалыкты жоюуга, планетанын ресурстарын сактоого жана жалпы жыргалчылыкты камсыз кылууга багытталган Туруктуу өнүгүү максаттарын (мындан ары – ТӨМ) колдойт. "Дос-Кредобанк" ААК 17 ТӨМ ичинен 11ине жетүүгө олуттуу көңүл бурат.**

| БУУнун Туруктуу өнүгүү максаты | Банк үчүн релеванттуу ТӨМ | Банктын долбоорлору, демилгелери, иш-чаралары |
|---|---|---|
|  | **Максат 3.** Дени сак жашоо мүнөзүн камсыздоо жана бардык курактагы ар бир адамдын бакубаттуулугу үчүн көмөктөшүү. | "Дос-Кредобанк" ААК өз кызматкерлеринин ден соолугуна кам көрөт. Банкта кызматкерлер арасында сергек жашоо образын жайылтууга багытталган программалар иштелип чыккан. |
|  | **Максат 4. Ар тараптуу жана адилеттүү, сапаттуу билим берүүнү камсыздоо жана бардыгы үчүн окуу мүмкүнчүлүгүн түзүү.** | Банкта заманбап технологияларды колдонуу менен персоналды туруктуу окутуу жана өнүктүрүү системасы иштейт.<br>Мындан тышкары Банк Кыргызстандагы билим берүү системасын өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Алсак, 2023-жылы Банк Бишкектеги мектептердин бирин оңдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү каржылаган. |

| БУУнун Туруктуу өнүгүү максаты | Банк үчүн релеванттуу ТӨМ | Банктын долбоорлору, демилгелери, иш-чаралары |
|---|---|---|
| 5 ГЕНДЕРНОЕ РАВЕНСТВО | **5-максат.** Гендердик теңдүүлүккө жетүү жана бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. | Банк өз кызматкерлерине гендердик таандыктыгынан көз карандысыз, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.<br>2023-жылы Банкта жетекчи кызматтарда иштеген аялдардын үлүшү 48%ды түздү. Жогорку жетекчилик позицияларда аялдардын үлүшү 57%ды түздү. |
| 7 НЕДОРОГОСТОЯЩАЯ И ЧИСТАЯ ЭНЕРГИЯ<br>13 БОРЬБА С ИЗМЕНЕНИЕМ КЛИМАТА | **7-максат.** Ишеничтүү, арзан, туруктуу жана заманбап электр энергиясына болгон жалпы жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.<br><br>**13-максат.** Климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери боюнча күрөшүүнүн шашылыш чараларын кабыл алуу. | Банк энергиянын кайра жаралуучу булактарынан электр энергиясын өндүрүү жана керектөө үлүшүн көбөйтүү боюнча амбициялуу максатты колдойт.<br><br>Банк “Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын планынын жана анын парник газдарынын эмиссиясын кыскартуу боюнча глобалдык аракеттерге кошкон салымынын” максаттарын колдойт жана тең бөлүшөт (Париж макулдашуусунда “Кыргыз Республикасынын улуттук деңгээлде аныкталуучу салымы”, ОНУВ).<br><br>Банк экологиялык таза өндүрүштү жана ресурстарды үнөмдөөчү долбоорлорду каржылоого умтулат.<br><br>Банк 2023-жылы Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу жашыл облигациялардын эмиссиясын ишке ашырган.<br><br>Бул тууралуу кеңири маалыматты “Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү” бөлүмүнөн окуңуз. |
| 8 ДОСТОЙНАЯ РАБОТА И ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РОСТ | **8-максат.** Туруктуу, ар тараптуу экономикалык өсүшкө, бардыгы үчүн татыктуу жумуш жана өндүрүштүк иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү. | Банк ишкердикти, чакан жана орто бизнес секторун өнүктүрүүнү колдоо аркылуу Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө көмөктөшөт.<br><br>Банктын долбоорлору мультипликативдик таасирге ээ жана ишканаларды түзүүгө, жаңы жумуш орундарынын пайда болушуна жана салыктык чегерүүлөрдүн көбөйүшүнө көмөктөшөт. |

| БУУнун Туруктуу өнүгүү максаты | Банк үчүн релеванттуу ТӨМ | Банктын долбоорлору, демилгелери, иш-чаралары |
|---|---|---|
| | **11-максат.** Шаарларды жана калктуу конуштарды ачык, коопсуз, тиричиликке туруктуу жана экологиялык туруктуулугун камсыз кылуу. | Банк экономиканы стимулдаштырууга, жаңы жумуш орундарын түзүүгө өбөлгө түзгөн долбоорлорду колдойт. |
| | **12-максат.** Өндүрүштүн жана керектөөлөрдүн туруктуу моделин камсыз кылуу. | Банк жоопкерчиликтүү керектөөгө жана өндүрүшкө түртку берүүгө умтулат.<br><br>Банк ресурстарды (суу, электр энергиясы) керектөөнү кыскартууга, ошондой эле административдик имараттарда ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды колдонууга умтулат.<br><br>Банкта “Жашыл кеңсе” концепциясы киргизилген.<br><br>Бул тууралуу кеңири маалыматты “Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү” бөлүмүнөн окуңуз. |
| | **13-максат.** Климаттын өзгөрүшү жана анын кесепеттери боюнча күрөшүүнүн шашылыш чараларын кабыл алуу. | Банк жоопкерчиликтүү каржылоого олуттуу көңүл бурат.<br><br>Инвестициялык чечимдерди кабыл алуу процессинде Банк ESG-факторлорду эске алат. Долбоорлорду тандоодо Банк Экологиялык жана социалдык саясаттын принциптерин жетекчиликке алат, ал бир эле учурда позитивдүү таасир этүүгө дем берүү менен терс кесепеттерден алыс болуу же минимумга келтирүү үчүн Банк тарабынан каржыланган демилгелерди потенциалдуу жагымсыз экологиялык жана социалдык кесепеттер предметине системалуу түрдө текшерүү жол-жобосун карайт.<br><br>Бул тууралуу кеңири маалыматты “Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү” бөлүмүнөн окуңуз. |

| БУУнун Туруктуу өнүгүү максаты | Банк үчүн релеванттуу ТӨМ | Банктын долбоорлору, демилгелери, иш-чаралары |
|---|---|---|
|  | **16-максат.** Туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыктарында социалдык тоскоолдуктардан тынчтыкка умтулган жана эркин коомду түзүүгө көмөктөшүү, бардыгы үчүн адилеттүү сотко болгон жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана бардык деңгээлдерде натыйжалуу, отчеттуу мекемелерди түзүү. | Кызыкдар тараптар менен мамилелерде адилеттүүлүктү жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуучу практикаларды киргизүү, коррупциянын, паракорчулуктун жана акчаны адалдоонун алдын алуу.<br><br>Банкта Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясат киргизилген, ал коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу боюнча башкаруучулук жана уюштуруучулук негиздерди белгилейт. Банкта коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу максатында коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча кызматкерлерди окутуу жүргүзүлөт.<br><br>Банктын корпоративдик башкаруунун негизги органдарынын кызматкерлеринин жана мүчөлөрүнүн 100%ы коррупцияга каршы күрөшүү саясаты жана ыкмалары жөнүндө маалымат алышты. |
|  | **17-максат.** Туруктуу өнүгүүгө жетүүнүн каражаттарын бекемдөө жана туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыктарында глобалдуу өнөктөштүк механизм иштерин активдештирүү. | Банк мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик органдары, жарандык коом институттары, жергиликтүү коомчулуктар жана бизнес-коомдоштуктар менен үзгүлтүксүз өз ара аракеттенет.<br><br>Банк мамлекеттик түзүмдөрдүн жумушчу топторуна, ошондой эле ассоциацияларга туруктуу өнүгүү, жашыл каржылоо жана климаттын өзгөрүшү менен күрөшкө салым кошуу маселелерин талкуулоо максатында катышат. |

# Стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү

**Биз кызыкдар тараптар ("стейкхолдерлер" термини да колдонулат) менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү туруктуу өнүгүүнүн маанилүү курамдык бөлүгү экенин түшүнөбүз. Банк, финансылык уюм болуу менен, кызыкдар тараптарга таасирин тийгизет. Ошол эле учурда кызыкдар тараптардын кызыкчылыктары жана күтүүлөрү Банктын стратегиялык максаттарын коюуга таасирин тийгизбейт. Биз кызыкдар тараптар менен конструктивдүү диалог жүргүзүүгө умтулабыз.**

## "Дос-Кредобанк" ААКнын стейкхолдерлеринин картасы



# Стейкхолдерлер менен коммуникация каналдары

Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүнүн негизги формалары болуп төмөнкүлөр саналат: биргелешкен программалар жана долбоорлор; кызматташуу жөнүндө меморандумдар; биргелешкен жумушчу топтор; бет ачарлар; Банктын иши жөнүндө отчеттуулук; жолугушуулар, кеңешмелер; жалпыга маалымдоо каражаттарындагы жана Банктын ресурстарындагы жарыялоолор; интервью.
Банк кызыкдар тараптарга өзүнүн иши тууралуу маалыматтарды берүү жана бул үчүн коммуникациянын ар кандай каналдарын пайдалануу менен маалыматтын ачыктыгы жана айкындуулугу принциптерин карманат.
Кызыкдар тараптар менен коммуникациянын негизги каналдары:

- Банк, анын иши, башкаруу органдары жөнүндө негизги маалымат https://www.dcb.kg/ru/ сайтында жайгаштырылган.
- Акционерлер үчүн Банктын олуттуу иши жөнүндө маалымат Банктын жылдык отчетторунда жарыяланат.
- Банктын жаңылыктары жалпыга маалымдоо каражаттарында үзгүлтүксүз жарыяланат.

# Орто мөөнөттүү перспективага пландар

Банк туруктуу өнүгүүнү башкаруу тутумун өркүндөтүүнү пландаштырат.

2024–2025-жылдары ESG жана туруктуу өнүгүү жаатындагы Стратегияны иштеп чыгууну жана кабыл алууну пландайбыз, ал ESG жана туруктуу өнүгүү жаатындагы Банктын ишинин принциптерин жана багыттарын белгилейт; Банкта туруктуу өнүгүү принциптерин киргизүү үчүн ар бир органдын жана бардык кызматкерлердин ролун, компетенциясын, жоопкерчилигин бекитет, ошондой эле туруктуу өнүгүүнүн жана Банктын негизги процесстеринин өз ара байланышын аныктайт. Мындан тышкары биз иш-чараларды жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн камтыган, Жол картасын - ESG жана туруктуу өнүгүү принциптерин киргизүү планын иштеп чыгууну көздөп жатабыз.

DOSCREDOBANK



# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ЭКОНОМИКАЛЫК БӨЛҮГҮ

# Биздин стратегия

Банкта 2022–2024-жылдарга Өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган, анда стратегиялык максаттар жана артыкчылыктар аныкталган.

### IT-Банк

Өнүгүүнүн келечектеги муктаждыктарына ылайык келген заманбап жана ишенимдүү IT-системаны жана инфраструктураны түзүү.

### Инновациялык Банк

Инновациялык продукттарды иштеп чыгуу жана киргизүү.

### Online Банк

Аралык жана санариптик банктык кызматтарды өнүктүрүү: электрондук капчык, онлайн-кредиттөө, интернет-банкинг, MarketPlace.

### №1 Жашыл Банк

Жашыл экономиканы каржылоого багытталган продукттардын жана инструменттердин спектрин кеңейтүү.

### Өнүккөн агенттик тармагы бар Банк

Камтуу зонасын жана кардарлар базасын кеңейтүү үчүн агенттик тармакты өнүктүрүү.

### Банк №1

Өлкөнүн чекене сегментинде №1 Банк болуу.

# Өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү:

- кирешелүүлүктү, кардарларды тейлөөнүн сапатын жана ылдамдыгын жогорулатуу максатында бардык операциялык процесстерди максималдуу рационалдуу уюштуруу;
- активдүү иштеп жаткан компаниялар жана ишкерлер бөлүгүндө кардарлар базасын олуттуу көбөйтүү, кардарлар базасын диверсификациялоо жана кардарларды натыйжалуу тартууну уюштуруу;
- алдыңкы банктык технологияларды киргизүү жана кардарларга банктык кызматтардын прогрессивдүү спектрин сунуштоо;
- маалыматты коргоонун заманбап технологияларын колдонуу менен Банктын кардарларын аралыктан тейлөө каналдарын кеңейтүү жана өркүндөтүү;
- адамдын кол эмгегин максималдуу кыскартуу жана операциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында Банктын IT-платформасын жакшыртуу;
- Банкты иштеп жаткан жана потенциалдуу кардарлар, өзгөчө юридикалык жактар тарабынан позитивдүү кабыл алуу;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын агенттик тармагын өнүктүрүү жана андан ары кеңейтүү, Банктын ачылган филиалдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;
- Банктын ресурстарын сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу жана анын натыйжасында операциялык чыгымдарды азайтуу;
- банктык продукттардын бардык түрүн сатуу түйүнү катары фронт-кеңселердин функцияларын күчөтүү;
- корпоративдик башкаруу, тобокелдиктерди тескөө жана маалымат тутумдарын өркүндөтүү; БУУнун Туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарын (ТӨМ), бизнести жүргүзүүдө экологиялык (E), социалдык (S) жана башкаруучулук (G) жоопкерчиликтин негизги принциптерин эске алуу менен жоопкерчиликтүү каржылоо принциптерин интеграциялоо;
- персоналдын сандык өсүшүнөн алардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга өтүү, жамаатта өзүн-өзү өркүндөтүүгө жана жумушка туура, чыгармачыл мамиле жасоого багытталган корпоративдик маданиятты түзүү;
- операциялык моделди модернизациялоо жана натыйжалуу уюштуруу түзүмүн түзүү.

**“Дос-Кредобанк” ААКнын Өнүгүү стратегиясынын негизги артыкчылыктарынын бири БУУнун Туруктуу өнүгүү жаатындагы максаттарын (ТӨМ), ошондой эле ESG-принциптерин эске алуу менен жоопкерчиликтүү каржылоо принциптерин интеграциялоо болуп саналат.**

# Бизнес-этика

**Ишкердик жүрүм-турумдун негизги баалуулуктары, принциптери, стандарттары жана ченемдери "Дос-Кредобанк" ААКнын Корпоративдик этика кодексинде каралган.**

**Банктын ишкердик этика принциптери:**

- Ак ниеттүүлүк
- кесипкөйлүк
- өнөктөштүк
- өз ара ишеним
- урматтоо

Корпоративдик этика кодексинде Банктын кардарлар, атаандаштар, өнөктөштөр, бийлик органдарынын жана ЖМКнын өкүлдөрү менен өз ара мамилелеринин стандарттары берилген.

Банктын Корпоративдик этика кодексине ылайык, корпоративдик этиканын негизги стандарттарына төмөнкүлөр кирет:

- коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ички контролдун натыйжалуу системасын камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички документтеринин талаптарын сактоо;
- кызыкчылыктардын кагылышуусунун алдын алуу;
- Банктын кызматкерлеринин (Директорлор кеңешинин жана Башкарманын мүчөлөрүн кошо алганда) эмгек акысынын, сый акыларынын жана сыйлыктарынын өлчөмүн Банктын ишинин жыйынтыктарын гана эмес, Банктын стратегиялык максаттарына ылайык келүүсүн жана кесиптик этика стандарттарын сакташын эске алуу менен белгилөө;
- кызматкерлерге жетекчиликтин мыйзамсыз, этикага жатпаган же шектүү аракеттери жөнүндө билдирүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү механизмдердин болушу.

**"Дос-Кредобанк" ААК:**

- **Ички Жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык кардарларды идентификациялоосуз, анонимдүү банктык эсептерди (аманаттарды), көрсөтүүчүгө банктык эсептерди (аманаттарды) ачпайт жана тейлебейт.**
- **Оффшордук аймактарда катталган банктар менен корреспонденттик мамилелерди түзбөйт.**
- **Обочо банктар менен корреспонденттик мамилелерди түзбөйт.**



## Этикалык жана мыйзамды сактаган жүрүм-турум маселелери боюнча консультацияга кайрылуу үчүн механизмдер

Этикалык жана мыйзамды сактаган жүрүм-турумга байланыштуу маселелер жаралган учурда, Банктын кызматкерлери чыр-чатактуу кырдаалды чечүү үчүн Комплаенс-контролдоо кызматына же Персоналдык башкаруу боюнча департаментке (HR Департамент) кайрылууга укуктуу.

# Коррупцияга каршы аракеттенүү

“Дос-Кредобанк” ААК өз ишинде коррупциялык укук бузууларга жол берилбестик принциптерин жетекчиликке алат. Банктагы коррупцияга каршы аракеттенүү тажрыйбасы жана жол-жоболору ички документке – Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясатка (2023-жылда бекитилген) ылайык жүргүзүлөт.

Банктын бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле “Дос-Кредобанк” ААК Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясатынын принциптерин жана талаптарын сактоого милдеттүү.

Банкта жыл сайын комплаенс-тобокелдикке баа берүү жүргүзүлөт. 2022-2023-жылдары кардарларды тейлөө чөйрөсүндө, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда же Банк ишинин башка чөйрөлөрүндө коррупциялык тобокелдиктер аныкталган эмес.

# Кызматкерлерге коррупция менен күрөшүү темасына байланыштуу аспекттер жөнүндө маалымдоо

**Жумушка кабыл алууда Банктын кызматкерлерине маалымдоо жүргүзүлөт: бардык кызматкерлер Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясаты менен таанышууга милдеттүү. Мындан тышкары коррупцияга каршы күрөшүү темасына байланыштуу аспекттер жөнүндө маалымат кызматкерлер үчүн ички сайтта жайгаштырылган. Банктын кызматкерлери коррупцияга каршы стандарттарга окутуудан үзгүлтүксүз өтүп турушат.**

**Коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча окуудан өткөн Банктын кызматкерлери**

| Көрсөткүч | 2022 | | 2023 | |
|---|---|---|---|---|
| | Адам | Банктын кызматкерлеринин жалпы санынан үлүш, % | Адам | Банктын кызматкерлеринин жалпы санынан үлүш, % |
| Тышкы окутуудан өткөн кызматкерлердин жалпы саны | 267 | 32% | 180 | 18% |
| Анын ичинде: жетектөөчү кызматтарда | 88 | 11% | 39 | 4% |
| адистер жана административдик персонал | 179 | 21% | 141 | 14% |

Банк комплаенс-тобокелдикти башкаруунун алкагында коррупция менен күрөшүүгө байланыштуу маселелер боюнча Банктын кызматкерлери үчүн окутуу иш-чараларын өткөрүүнү пландаштырат.

# Коррупцияга каршы аракеттенүү системасынын ишин уюштуруу жана контролдоо

Банкта Комплаенс-контролдоо кызматы – түзүмдүк бөлүм иштейт, анын негизги милдети болуп Банктын жана бардык кызматкерлердин коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сакташын камсыз кылуу, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү ички контроль боюнча Саясатты жана Эрежелерди ишке ашыруу саналат.

Комплаенс-контролдоо кызматы өз ишинде Банктын башка түзүмдүк бөлүмдөрүнөн көз карандысыз жана Банктын Директорлор кеңешине отчет берет.

Ички аудит кызматы ар жылдык негизде Комплаенс-контролдоо кызматын аудитордук текшерүүнү жүргүзөт.

**Ар бир адам (анын ичинде, кызматкерлер, кардарлар) төмөнкүлөр аныкталган учурда Комплаенс-контролдоо кызматына кайрыла алат:**

- **Банктын кызматкерлеринин катышуусу менен коррупциялык укук бузуулар жана алдамчылык иш-аракеттер фактылары;**
- **Банктын кызматтарын пайдалануу менен мыйзамсыз жол менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) жана терроризмди каржылоо фактылары;**
- **Банктын кызматкерлеринин катышуусу менен кызыкчылыктардын кагылышы.**



## Орто мөөнөттүү перспективага пландар

- Банктын Комплаенс-контролдоо кызматы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарына ылайык иштелип чыккан, 2024-жылга жана кийинки мезгилдерге каралган коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы иш-чараларды жүзөгө ашырууну улантат.
- Банктын кызматкерлери үчүн окутуу иш-чараларын өткөрүү аркылуу коррупцияга каршы маданиятты түзүү боюнча иш улантылат.

# Сатып алуу иши

Банк жеткирип берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүгө жоопкерчиликтүү мамиле кылууга жана чынчыл жана ишенимдүү өнөктөштөр менен кызматташууга умтулат. Банк төмөнкү принциптерге ылайык сатып алууларды жүргүзөт:

- сатып алуулар үчүн колдонулган акча каражаттарын максаттуу жана натыйжалуу пайдалануу;
- жеткирип берүүчүлөрдүн коммерциялык сырга укуктарын жана/же мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо менен сатып алуу жол-жоболорунун ачыктыгы жана айкындуулугу (тендердин жыйынтыгын чыгарганга чейин);
- потенциалдуу жеткирип берүүчүлөрдүн арасындагы ак ниеттүү атаандаштык;
- сатып алуулардын катышуучуларынын жоопкерчилиги;
- коррупциялык көрүнүштөргө жол бербөө;
- потенциалдуу жеткирип берүүчүлөргө сатып алууларды өткөрүү жол-жобосуна катышуу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү.

Банкта сатып алуу ишин жөнгө салган бир катар документтер киргизилген:

- “Дос-Кредобанк” ААКнын товарларды, иштерди, кызматтарды сатып алуу жана мүлктү сатуу тартиби жөнүндө жобо;
- “Дос-Кредобанк” ААКнын тендердик жол-жоболордо колдонулган товарларды, иштерди жана кызматтарды сатып алуу эрежелери;
- Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясат.

Келечекте Банк бизнес-өнөктөштөр (анын ичинде жеткирип берүүчүлөр) тарабынан жоопкерчиликтүү ишкер практиканын стандарттарын, өнөр жайлык жана экологиялык коопсуздук жаатындагы талаптарды, ошондой эле коопсуз эмгек шарттарын сакташын камсыз кылган кызматташуу үчүн мамилелерди, механизмдерди жана жол-жоболорду пландаштырат.

# Маалыматтык коопсуздук

“Дос-Кредобанк” ААК маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга жана кардарларынын маалыматтарын коргоого чоң маани берет. Биз ишенимдүү маалыматтык коопсуздукту башкаруу жана кардарлардын маалыматтарын коргоо системасын өнүктүрүүгө жана киргизүүгө умтулабыз.

Банк өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атынан жөнгө салуучунун талаптарын, ошондой эле маалыматтык коопсуздук (МК) жаатындагы мыкты тажрыйбаларды жана стандарттарды жетекчиликке алат. Мунун баары Банктын Маалымат коопсуздугу боюнча саясатында бекитилген.

Маалыматтык коопсуздук башкармалыгы Банктагы маалыматтык коопсуздук үчүн жооп берген түзүмдүк бөлүм болуп саналат. МК башкармалыгынын жетекчиси түздөн-түз Банк Башкармасынын төрагасына баш иет. Банк маалыматтык коопсуздукту башкаруунун тийиштүү деңгээлин камсыз кылуу үчүн олуттуу ресурстарды бөлөт. “Дос-Кредобанк” ААКда маалыматтык коопсуздукту башкаруунун натыйжалуу тутуму курулган, ал өзүнө вируска каршы коргоону, жаңы муундагы firewalls, маалыматтардын чыгып кетүүсүн алдын алуу тутуму, логдорду талдоо жана чогултуу, ошондой эле инциденттерге жооп берүү тутуму, артыкчылыктуу колдонуучуларды көзөмөлдөө тутуму, коопсуздук кодун талдоо тутуму жана чабал жерлерди аныктоо тутуму сыяктуу продукттарды камтыйт. Бул тутумдарды ишке ашырууда баш тартууга туруктуулук түптөлгөн.

“Дос-Кредобанк” ААК маалыматтык коопсуздук, анын ичинде кардарлардын жеке маалыматтарын коргоо жаатында колдонулуп жаткан чаралардын натыйжалуулугу предметине аудиторлордун текшерүүсүнөн үзгүлтүксүз өтүп турат. Биз мезгилден артта калбайбыз жана маалыматтык коопсуздук жаатындагы мыкты чечимдерди киргизебиз.



## Маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуунун негизги принциптери

Банктагы маалыматтык коопсуздук негизги үч принцип менен куралат: купуялуулук, бүтүндүк, жеткиликтүүлүк. Банктын иштөө циклиндеги ар кандай процессти түзүүдө бул принциптерди колдонуу маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга жана туруктуу жакшыртууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле минималдуу артыкчылыктар принциби жана берилген жетүү мүмкүндүгүнүн тууралыгын мезгил-мезгили менен көзөмөлдөө колдонулат. МК тобокелдиктерин үзгүлтүксүз баалоо Банктын ишине терс таасирди минималдаштырууга мүмкүндүк берет.

Банк белгилүү бир жана билдирилген максаттардын алкагында мыйзамда каралган учурлардан тышкары, жеке маалыматтардын субъектинен (ээсинен) же анын мыйзамдуу өкүлүнөн макулдук алгандан кийин гана кардарлардын жеке маалыматтарын чогултууну жана иштеп чыгууну жүзөгө ашырат. Жеке маалыматтарга жетүү мүмкүндүгү чектелген жана Банктын кызматкерлерине функционалдык милдеттерин аткаруу үчүн минималдуу жана жетиштүү көлөмдө берилет.

## Кардарлардын маалыматынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар

Банктын маалымат коопсуздугу башкармалыгынын командасы кардарлардын маалыматтарынын купуялуулугу жаатында Банк кызматкерлеринин маалымдуулугун жогорулатуу үчүн окутууну, тестирлөөнү (ички портал колдонулат), актуалдуу маалыматтарды жөнөтүүнү туруктуу жүргүзүп турат. Банктын сервисторинин корголгондук деңгээлин жогорулатуу үчүн маалыматтык коопсуздук тутумдары киргизилүүдө, алардан кардарларды тейлөөнүн сапаты көз каранды болот.

Банктын бардык кызматкерлери маалыматтык коопсуздук маселелери боюнча окутуудан жылына бир жолудан кем эмес өтүп турушат. Ошондой эле кызматкерлер МКБдан үзгүлтүксүз жөнөтмөлөрдү алышат.

## Орто мөөнөттүү перспективага пландар

Жакынкы келечекте Банк маалыматтык коопсуздук тутумун өркүндөтүүнү улантууну пландап жатат.

DOSCREDOBANK



# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК БӨЛҮГҮ

# Биздин мамиле

“Дос-Кредобанк” ААК өз ишинин жүрүшүндө айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого жана климаттын өзгөрүшү менен күрөшкө өз салымын кошууга умтулат. Биз ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу ыкмаларын карманабыз, калдыктарды башкаруу жана энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу боюнча программаларды киргизебиз. Мындан тышкары Банк DCB Green программасын ишке ашырууда, ал биздин кардарлардын энергиянын кайра жаралуучу булактарына өтүүгө, демек, экологиялык таза келечекке өтүүгө умтулуусун колдойт.

“Дос-Кредобанк” ААК экологиялык туруктуулукка жана социалдык жоопкерчиликке көмөктөшүүчү долбоорлорду тандоо, ошондой эле айлана-чөйрөгө терс таасир тийгизиши мүмкүн болгон иштин түрлөрүн каржылоодон баш тартуу принцибин камтыган жоопкерчиликтүү каржылоо принциптерин киргизет.

**Айлана-чөйрөгө кам көрүү жаатындагы Банктын негизги артыкчылыктары:**

- Жоопкерчиликтүү каржылоо (анын ичинде жашыл долбоорлорго)
- Энергиялык майнаптуулук жана калдыктарды жоопкерчиликтүү башкаруу
- Климаттын өзгөрүшү менен күрөш

# Экологиялык саясат

Банкта Экологиялык жана социалдык саясат киргизилген, ал туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүүнүн жалпы таанылган жана эл аралык принциптерин камсыз кылган милдеттенмелерди жана жол-жоболорду сүрөттөйт.

Бул Саясатты ишке ашыруу төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлөт:

- Банктын иш процесстерине экологиялык жана социалдык аспекттерди киргизүү;
- Банк үчүн, ошондой эле анын кардарлары үчүн Экологиялык жана социалдык саясаттын критерийлерине жана максаттарына ылайык туруктуу жыйынтыктарга жетүү боюнча тиешелүү функцияларды жана милдеттерди аныктоо;
- экологиялык туруктуулукка жана социалдык жоопкерчиликке көмөктөшкөн долбоорлорду колдоо боюнча стратегиялык милдеттерди коюу.

# Жашыл каржылоо саясаты

2022-жылдан тартып Банкта жашыл каржылоо инструменттери аркылуу акча каражаттарын тартуунун дүйнөлүк мыкты тажрыйбаларын жана ыкмаларын формалдаштыруу, унификациялоо жана колдонуу максатында иштелип чыккан Жашыл каржылоо саясаты колдонулат.

Жашыл каржылоо экологиялык долбоорлорду каржылоого багытталган облигацияларды, кредиттерди, ошондой эле башка каржылоо ыкмаларын камтыйт:

- жогоруда көрсөтүлгөн Саясатка жана Эл аралык капитал рынокторунун ассоциациясынын Жашыл облигациялар принциптерине ылайык чыгарылган жашыл облигациялар (Green Bonds Principles, International Capital Market Association – GBP, 2021);
- жогоруда көрсөтүлгөн Саясатка жана кредиттик рыноктор ассоциацияларынын Жашыл кредиттөө принциптерине ылайык чыгарылган жашыл кредиттер (Green Loan Principles, Loan Market Association, Asia Pacific Loan Market Association и Loan Syndications & Trading Association – GLP, 2021);
- жашыл каржылоо жана туруктуу өнүгүү принциптерине ылайык келген башка каржылоо ыкмалары.

Банк жашыл каржылоо инструменттерин колдонуу менен ар бир операция боюнча төрт негизги элементти сактоого милдеттенет:

- каражаттарды пайдалануу;
- долбоорлорду баалоо жана тандоо процесси;
- каражаттарды башкаруу;
- отчеттуулук.

Жашыл каржылоо саясатында жашыл облигацияларды чыгаруудан же тартылган жашыл кредиттерден түшкөн каражаттын 100%ы конкреттүү экологиялык пайда алып келген жана сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөр менен өлчөнө турган жашыл долбоорлорду каржылоого жана/же кайра каржылоого жумшала турганы көрсөтүлгөн.





## Каржылоого жана/же кайра каржылоого жол берилген жашыл долбоорлордун категориялары

- кайра жаңылануучу энергия;
- энергиялык майнаптуулук;
- булгануулардын алдын алуу жана аларды контролдоо;
- жаратылыш ресурстарын жана жер пайдаланууну экологиялык туруктуу башкаруу;
- жердин жана суунун биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо;
- экологиялык таза транспорт;
- суу ресурстарын жана саркынды сууларды туруктуу башкаруу;
- климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу;
- циркулярдык экономикага ыңгайлаштырылган продукттар, өндүрүштүк технологиялар жана процесстер;
- “жашыл” имараттар.

“Дос-Кредобанк” ААКнын Жашыл каржылоо саясаты Эл аралык капитал рынокторунун ассоциациясынын Жашыл облигациялар принциптерине жана Кредиттик рынок ассоциациясынын Жашыл кредиттөө принциптерине ылайык келүүсүнө карата экинчи тараптын пикир форматында тышкы баалоодон өткөн.

Баалоонун жыйынтыктарына ылайык, ошондой эле “Жашыл облигациялардын принциптерине шайкештик деңгээлин ыйгаруу картасына” ылайык ЧК “AIFC Green Finance Center” Банкка “Эң жакшы” даражасын ыйгарган, бул “Дос-Кредобанк” ААК башкаруунун, тартылган каражаттарды бөлүштүрүүнүн, долбоорлорду тандоонун, тартылган каражаттарды башкаруунун сапатынын, отчеттуулуктун жана экологиялык мааниси бар ишке ашырылып жаткан долбоорлор жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруунун жогорку деңгээлин көрсөтөт дегенди билдирет.

# Айлана-чөйрөгө кам көрүү чөйрөсүндөгү "Дос-Кредобанк" ААКнын негизги жетишкендиктери жана сыйлыктары

Кыргыз Республикасынын тарыхында биринчи жолу чыгарылган, «Дос-Кредобанк» ААКнын жашыл облигациялар эмиссиясы (2023-жыл) климаттык күн тартибиндеги долбоорлорго, ошондой эле өлкөнүн баалуу кагаздар рыногуна инновациялык финансы инструментин киргизүүгө түрткү берди.

HoReCa секторy үчүн жашыл каржылоого олуттуу салым үчүн сыйлык (2023-жыл). Экологияны жана айлана-чөйрөнү сактоо үчүн туристтик бизнес жана меймандостук секторунда жогорку сапаттагы жашыл каржылоо продукттарын таануу болуп саналат.

Борбор Азияда, Кавказда, ЕАЭБ өлкөлөрүндө, Батыш Кытайда, Монголияда жана Чыгыш Европада жашыл жана туруктуу финансыны өнүктүрүү жаатындагы жетишкендиктерди таануу жана колдоо максатында "Астана" эл аралык финансы борбору тарабынан негизделген GREEN FINANCE AWARD 2023 эл аралык сыйлыгы.

«Жашыл лидер» (Green Leader) номинациясындагы The Amcham Awards 2023 сыйлыгы кардарлар үчүн жаңы экологиялык жоопкерчиликтүү продукттарды жана кызматтарды түзүүдө жасалган алгылыктуу иш үчүн тапшырылат.

«Green Waste Leaders – 2023» иш-чарасынын алкагындагы WasteNet бизнес-платформасынан "Калдыктарды башкаруунун мыкты тажрыйбасы" стандартына шайкештик сертификаты.

Бул сертификат уюмдун калдыктарды башкаруунун ички тутумунун "Кыргыз Республикасында калдыктарды чогултуу жана кайра иштетүү тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу" долбоорунун талаптарына жана белгиленген критерийлерине шайкештигин текшерүүдөн өтүүнүн ыктыярдуу сертификаттоо прототиби болуп саналат жана экологиялык жоопкерчиликти ачык көрсөтүү үчүн "Best Recycle Practice" белгисин колдонууга укук берет.

# Жашыл облигациялар эмиссиясы

**2023-жылы жашыл каржылоо чөйрөсүндөгү эң маанилүү окуялардын бири жашыл облигациялар эмиссиясы болуп калды. Кыргыз Республикасынын тарыхында биринчи жолу "Дос-Кредобанктын" дебюттук жашыл облигациялар эмиссиясы климаттык күн тартиби бар долбоорлорго түрткү берди жана кыргыз баалуу кагаздар рыногуна уникалдуу инновациялык финансы инструментин чыгарды.**

**Kyrgyz Green Bonds**

| | 2023 |
|---|---|
| Жайгаштыруу көлөмү | 85 000 000 |
| Баалуу кагаздардын саны | 85 000 |
| Номиналдык наркы | 1 000 сом |
| Облигацияларды жүгүртүү мөөнөтү | 3 жыл |
| Кирешелүүлүк | 16% |
| Пайыздарды төлөө | Квартал сайын |
| Биржа аянтчасы | Кыргыз Фонд Биржасы |
| Финансылык брокер | "SENTI" финансылык компаниясы |
| Тышкы баалоо провайдери | "Эң жакшы" баасы, "ЭФАБ Жашыл финансы борбору" (Астана, Казакстан) |

Облигацияларды сатуудан түшкөн каражат экологиялык долбоорлорду каржылоого гана жумшалат. Иш жүзүндө жайгаштырылган облигациялардын жалпы наркы 85 000 облигация санында 85 000 000 сомду түздү.

Жашыл облигациялардын чыгарылышы ишкердикти жана бизнес чөйрөнү өнүктүрүү боюнча USAID финансылык колдоосунда ишке ашырылган.

Облигациялар жөнүндө кеңири маалымат www.dcb.kg сайтында **Облигациялардын эмиссиясынын проспектинде** жана **Облигацияларды ачык сунуштоонун шарттарында** жайгаштырылган.

*«Биз жашыл каржылоо секторун өнүктүрүүгө умтулабыз жана биздин команда жаңы инновациялык чечимдерди киргизүү үчүн болгон күч-аракетин жумшайт. Биздин максатыбыз – пайдалуу инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу гана эмес, Кыргызстаныбыз жана келечек муун үчүн жакшы өзгөрүүлөрдү жаратуу болуп саналат».*

**НАРИМАН УУЛУ БАКЫТ,** “ДОС-КРЕДОБАНК” ААКНЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ

*«Климаттын өзгөрүү маселелери финансы чөйрөсүндө гана эмес, илимдин бардык багыттарында бар. Кыргызстан бул багытта алгачкы кадамдарды жасап жатканына жана “Дос-Кредобанк” бул жаңы жолду ачкандыгына абдан кубанычтамын. “Дос-Кредобанкка” өлкөдөгү “жашыл” багытты өнүктүрүү максатында жасап жаткан бардык демилгеси үчүн ыраазычылык билдирем, сиздерге көп ийгиликтерди жана алга умтулууну каалайм! “Жашыл” демилгелерге жеңиш каалайм!»*

**АЗАМАТ ТЕМИРКУЛОВ,** ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛДӨӨ МИНИСТРИНИН ОРУН БАСАРЫ

*«Климатты каржылоо климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн чечүүчү мааниге ээ, анткени чыгындыларды олуттуу кыскартуу үчүн ири масштабдуу инвестиция керек. Демографиялык, экономикалык, социалдык жана климаттык өзгөрүүлөр жаратылыш ресурстарына болгон кысымды күчөтөт. Сууга жана энергияга болгон суроо-талаптын өсүшү экотутумга коркунуч келтирүүдө. Бул контекстте мындай ресурстарды туруктуу пайдалануу жолдорун табуу улуттук жана глобалдык көйгөйлөр үчүн эң артыкчылыктуу болуп саналат. USAID Кыргыз Республикасында климаттык каржылоону илгерилетүүдө “Дос-Кредобанк” менен өнөктөштүккө өтө кубанычта. Бул демилге жеке сектордун башка мүчөлөрүн айлана-чөйрөнү жакшырта турган жашыл чечимдерди издөөгө үндөйт деп үмүттөнөм».*

**ДЖОШУА ТЕМПЛТОН** МЫРЗА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ USAID АКШНЫН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АГЕНТТИГИНИН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ БӨЛҮМҮНҮН ЖЕТЕКЧИСИ

*« “Дос-Кредобанкты” биринчи жашыл облигациялардын чыгарылышы менен чын жүрөктөн куттуктайм! “Дос Кредобанк” GIP жаңы мүчөсү болуп саналат жана мындай кыска убакыттын ичинде ушундай жемиштүү жолду басып өткөнүнө сыймыктанам. Жашыл облигацияларды чыгаруу иштеп жаткан жашыл финансы рыногунун негизги секторлорун кеңейтүү, анын ичинде таксономия, маалыматты ачыкка чыгаруу, продукттардын инновациялары, потенциалды жогорулатуу, ошондой эле активдүү эл аралык кызматташ үчүн маанилүү стимул болуп калат».*

**CHENG LIN** МЫРЗА, ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ИНСТИТУТУНУН ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК БОРБОРУНУН ДИРЕКТОРУ, “БИР АЛКАК – БИР ЖОЛ” GIP ДЕМИЛГЕЛЕРИНИН КАТЧЫЛЫГЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИ

*« “Дос-Кредобанк” командасын жашыл облигациялардын дебюттук чыгарылышы менен куттуктайм, бул жашыл каржылоо чөйрөсүн куруу жана кеңейтүү жолундагы маанилүү кадам болду. АЭФБ жашыл каржылоо борбору экинчи Тараптын пикири форматында тышкы баа берди, ага ылайык “Дос-Кредобанк” ААКга “эң жакшы” даражасы ыйгарылды: Банк башкаруунун, долбоорлорду тандоонун, отчеттуулуктун жана экологиялык мааниси бар ишке ашырылып жаткан долбоорлор жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгаруунун мыкты деңгээлин көрсөтүүдө».*

**ДАНИЯР КЕЛЬБЕТОВ,** АЭФБ ЖАШЫЛ ФИНАНСЫЛАР БОРБОРУНУН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ

*«Бүгүн биздин финансы рыногубуз үчүн тарыхый күн – “Дос-Кредобанктын” жашыл облигацияларынын дебюттук чыгарылышы болуп өттү. Бул Кыргыз Республикасынын экономикасынын жетилгендигин көрсөтөт, бизнес-сектордун эл аралык стандарттар боюнча иштөөгө даярдыгын көрсөтөт жана актуалдуу финансылык инструменттердин спектрин кеңейтүүгө түрткү берет. “Дос-Кредобанкты” куттуктайм жана мындан аркы ийгиликтерди каалайм!»*

**МЕДЕТБЕК НАЗАРАЛИЕВ,** КЫРГЫЗ ФОНД БИРЖАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

*«Бул чыгарылыштын андеррайтери болуу биз үчүн чоң сыймык, бардык катышуучуларга жана өнөктөштөргө ыраазычылык билдиребиз. Биз биргеликте "жашыл" келечекти курабыз жана климаттын өзгөрүшү менен күрөштө маанилүү салым кошобуз».*

**МЭЭРИМ АСКАРБЕКОВА,** "СЕНТИ" ФИНАНСЫ КОМПАНИЯСЫНЫН ДИРЕКТОРУ

*«"Дос-Кредобанктын" жашыл облигациялары инвесторлор арасында талап кылынган тандоо болуп калды. Бул каражаттарды тартуунун уникалдуу финансылык инструменти пайдалуу инвестициялык шарттарды гана эмес, Кыргызстандын экологиясын жакшыртууга активдүү таасир этүү мүмкүнчүлүгүн да сунуштайт».*

**ЧОЛПОН ЭШБЕРДИЕВА,** "ДОС-КРЕДОБАНК" ААКнын БАШКАРМАСЫНЫН ТӨРАГАСЫ



# Биздин климаттык стратегиябыз

Кыргыз Республикасы 2050-жылга карата көмүртектин нейтралдуулугуна жетүү милдеттенмесин алды. Бул тууралуу биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2021-жылдын 2-ноябрында Глазго шаарында БУУ КӨАКнын Тараптарынын конференциясынын жүрүшүндө Дүйнөлүк лидерлердин саммитинде билдирген.

“Дос-Кредобанк” ААК Кыргыз Республикасынын Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү планын жана анын парник газдарынын эмиссиясын азайтуу боюнча глобалдык аракеттерге кошкон салымын колдоо жана бөлүшүү аркылуу климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартууга жана Париж климаттык келишимин аткарууга өз салымын кошууга умтулат.

Кыргызстанда климаттык күн тартибин киргизүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү менен Банк жашыл таксономиянын улуттук стандарттарын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топторго катышат (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги).

**КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ БИЗДИН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫБЫЗ:**

- **Энергиянын кайра жаралуучу булактары.**
- **Банктын ишинен улам жана нарк түзүү чынжырынын бардык этаптарында парник газдарынын чыгындысын декарбонизациялоо жана азайтуу.**
- **Ресурстарды үнөмдөө жана энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу.**

# Климаттык тобокелдиктерди тескөө



Банк климаттык (экологиялык) тобокелдиктердин картасын кеңейтүү менен тобокелдиктерди тескөөнүн корпоративдик тутумун өркүндөтөт. 2024-жылы Банк бул багытта маанилүү кадам жасады – климаттык тобокелдиктерди камтыган ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатты иштеп чыкты жана ишке киргизди. ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатка ылайык тобокелдерди башкаруу кредиттөөнүн бардык этаптарында, секторлордун жана географиялык райондордун тобокелдик профилинде, тобокелдиктерди классификациялоо жол-жоболорунда, күрөөлөрдү баалоодо ESG-тобокелдиктерди эске алууга тийиш экендиги каралган.

Атап айтканда, ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатта кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү перспективада климаттык тобокелдиктерди аныктоо процесстери, ошондой эле климаттык тобокелдиктерди тескөө стратегиясын иштеп чыгуу боюнча сунуштамалар сүрөттөлгөн.

Банк келечекте климаттык тобокелдиктерди тескөө үчүн процесстерди, анын ичинде аларды идентификациялоо, баалоо, башкаруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жол-жоболорду жана стандарттарды, TCFD сунуштамаларын (Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу финансылык маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча сунуштамаларды) эске алуу менен, ошондой эле IFRS S2 стандартынын талаптарына ылайык (анын ичинде жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга пайдалуу боло турган климатка байланыштуу тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруу) климаттык тобокелдиктерди тескөө үчүн процесстерди иштеп чыгууну пландаштырууда. Ошондой эле климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу сценарийлерге талдоо жүргүзүлөт, аныкталган климаттык тобокелдиктерге ыңгайлаштыруу боюнча план иштелип чыгат. Жогорку аткаруу органынын деңгээлинде климаттык тобокелдиктерди тескөө үчүн жооптуу адамды дайындоо да келечектеги милдеттердин катарына кирет. Бул тууралуу кийинки отчетторубузда кеңири маалымат беребиз.

# Жоопкерчиликтүү каржылоо

“Дос-Кредобанк” ААК айлана-чөйрөнү сактоо жана адам укуктарын сактоо шартында Банктын туруктуу өнүгүүсүнө жана жогорку финансылык жыйынтыктарына жетишүү максатын көздөгөн жоопкерчиликтүү каржылоо принциптерин киргизет.

Инвестициялык чечимдерди кабыл алуу процессинде Банк ESG-факторлорун эске алат. Долбоорлорду тандоодо Банк Экологиялык жана социалдык саясаттын принциптерин жетекчиликке алат, ал Банкта 2021-жылдан тартып колдонулат (2023-жылы актуалдаштырылган) жана позитивдүү таасирлерди бир эле учурда стимулдаштырууда терс кесепеттерин алдын алуу же азайтуу үчүн потенциалдуу жагымсыз экологиялык жана социалдык кесепеттерге карата Банк тарабынан каржыланган демилгелерди системалуу түрдө текшерүү жол-жобосун карайт.

Банк каржылануучу долбоорлорду тандоо процессинде долбоорлор төмөнкүдөй болушуна умтулушат:

- социалдык жана экологиялык туруктуу мүнөзгө ээ болуу;
- бул долбоорлор таасир тийгизген кызматкерлердин жана жергиликтүү калктын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу;
- колдонуудагы ченемдик талаптарга жана алдыңкы эл аралык тажрыйбага ылайык иштелип чыгуу жана киргизүү.

Кыргызстан үчүн мүнөздүү болгон артыкчылыктуу экологиялык жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган төмөнкүдөй элементтерди камтыган долбоорлорго өзгөчө көңүл бурулат: климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу жана ага ыңгайлашуу чаралары; биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо; энергияны жана ресурстарды үнөмдөө; жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу; татыктуу эмгекти камсыз кылууга көмөктөшүү; социалдык теңсиздикти жоюу, негизги кызмат көрсөтүүлөргө жетүү мүмкүндүгү; гендердик теңдик, транспаренттүүлүк жана социалдык өнүгүү.

**“Дос-Кредобанк” ААК жашыл каржылоого – оң экологиялык таасири бар долбоорлорду каржылоого артыкчылык берет, бул жашыл экономиканы өнүктүрүүгө көмөктөшөт.**

Мындан тышкары Банк маанилүү экологиялык жана социалдык пайданы эске алуу менен иштелип чыккан долбоорлорду жана демилгелерди колдоого умтулат. Мындай ыкма төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Банктын ишке ашырылып жаткан же болжолдонгон долбоорлоруна кошумча техникалык жардам көрсөтүү, анын ичинде каржылоонун натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу, энергетикалык аудитти жүргүзүүгө жардам берүү жана кардарларга алдыңкы практиканы аныктоого жана колдонууга көмөк көрсөтүү;
- Банктын кардарларына экологиялык же социалдык маселелерди чечүүгө кыйла натыйжалуу мамиле жасоо, каржылоонун мыкты шарттарын алуу мүмкүндүгүн берген кыйла жагымдуу чөйрөнү калыптандыруу;
- олуттуу экологиялык же социалдык пайда алууга эсептелген бизнестин жаңы багыттары үчүн мүмкүнчүлүктөрдү изилдөө максатында пилоттук долбоорлорду каржылоо.

# "ДОС-КРЕДОБАНК" ААКДА ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КАРЖЫЛООНУН ПРИНЦИПТЕРИН КИРГИЗҮҮ 2021–2022-ЖЖ.

**2021–2022-жж.**

Жашыл каржылоо боюнча атайын кредиттөө программалары иштелип чыкты жана бекитилди.
"Дос-Кредобанк" Кыргызстандын ар кайсы аймактарында экологиялык таза технологияларды киргизүүгө жана ишке киргизүүгө багытталган DCB Green программасын ишке киргизди.
"Дос-Кредобанк" Кыргыз Республикасынын Климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү боюнча планын жана анын парник газдарынын эмиссиясын кыскартуу боюнча глобалдык аракеттерге түзгөн кошкон салымын (Париж макулдашуусунда "Кыргыз Республикасынын улуттук деңгээлде аныкталуучу салымы", ОНУВ) талкуулоого жеке сектордун өкүлү катары катышкан, бул өлкөнүн планына төмөнкү маселелерди киргизүүгө өбөлгө түзгөн:

- электромобилдер рыногун колдоо (анын ичинде аларды Кыргыз Республикасына ташып келүү маселелери, салык салуунун жеңилдетилген системалары);
- орто аралык этап катары жеке секторду газдаштырууну колдоо жана өнүктүрүү.

Жоопкерчиликтүү каржылоо чөйрөсүндөгү ички документтер иштелип чыкты жана киргизилди: банктык жол-жоболорго интеграцияланган Экологиялык жана социалдык менеджмент тутуму жана Гендердик саясат.
Банкта түзүмдүк бөлүм – Жашыл каржылоо департаменти түзүлгөн.
80ден ашык өнөктөштөр менен кызматташтык жана "ЭКОАВТО", "ЭКОДОМ", "ЭКО-Агрокредит" жана "ЭКО – Туризм" жеңилдетилген продукттарын чогуу ишке ашыруу жөнүндө меморандумдарга кол коюлду, ири электромобилдерди, газ жабдууларын, тазалоочу курулмаларды жана башкаларды жеткирип берүүчүлөр менен туруктуу байланыштар жолго салынды.

"Дос-Кредобанк" Банктын ченемдик базасын климаттык каржылоонун эл аралык стандарттарына шайкеш келтирүү максатында Жашыл климаттык фонддон техникалык жардам алды.
"Дос-Кредобанк" GIP for the Belt and Road (Green Investment Principles, "Алкак жана жол" демилгесинин алкагындагы Жашыл инвестициялар принциптери) стандарттарына кол койгон жана кабыл алган Борбор Азиядагы биринчи банк болуп калды. Бул Кыргызстанда туруктуу каржылоо жана жашыл инвестициялар принциптерин илгерилетүүгө карай маанилүү кадам болуп калды.
"Дос-Кредобанк" ААК, Борбор Азиядагы GIP аймактык кеңсеси жана АЭФБ Жашыл финансы борбору Кыргызстанда биринчи Жашыл инвестициялар форумун өткөрдү.
Банкта жашыл каржылоо инструменттери аркылуу акча каражаттарын тартуунун жана аларды экологиялык багыттагы долбоорлорду ишке ашырууда Банктын тиешелүү максаттарына жана принциптерине ылайык келген долбоорлор үчүн пайдалануунун дүйнөлүк мыкты тажрыйбаларын жана ыкмаларын формалдаштыруу, унификациялоо жана колдонуу максатында иштелип чыккан Жашыл каржылоо саясаты кабыл алынган.
Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигинин колдоосунда "Дос-Кредобанк" Банктын ченемдик базасын Жашыл климаттык фонддун эл аралык стандарттарына шайкеш келтирүү максатында Жашыл климаттык фонддун "Дос-Кредобанкты" алдын ала аккредитациялоону колдоо үчүн техникалык жардам" долбоорун ишке ашырды.
"Дос-Кредобанк" "Астана" эл аралык финансы борбору менен кызматташтык жөнүндө меморандумга кол койгон, ал билим, тажрыйба жана ресурстарды алмашуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат.
"Дос-Кредобанк" Европа Бирлиги тарабынан колдоого алынган "Кыргызстандын туризм индустриясында энергиялык майнаптуулукту жана ресурстук майнаптуулукту илгерилетүү" (PERETO) долбоорун ишке ашыруунун алкагында "Юнисон Групп" компаниясы менен кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол койду.

**2024-жыл**

Банкта ESG-тобокелдиктерди тескөө саясаты иштелип чыкты жана кабыл алынды.

# DCB Green

**Уникалдуу табигый экотутумдары бар Кыргызстан биосферанын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу маселелерине өзгөчө көңүл бурат жана климаттын өзгөрүшүнүн терс кесепеттерине каршы күрөшүү боюнча чараларды көрүү процессинде турат. Кыргызстанда жашыл экономиканы өнүктүрүүгө өз салымын кошуу максатында “Дос-Кредобанк” ААК 2021-жылы кредиттөөдө жашыл продукттардын спектри аркылуу экологиялык таза технологияларды киргизүүгө багытталган DCB Green атайын долбоорун ишке киргизди.**

## DCB GREEN ПРОГРАММАСЫ “ЖАШЫЛ” КРЕДИТТИК ПРОДУКТТАРДЫН СПЕКТРИ АРКЫЛУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАЗА ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КӨМӨКТӨШӨТ

### “GREEN – ЭКОДОМ” кредиттөө программасы

Жашыл жана энергиялык майнаптуу технологияларды колдонуу менен экологиялык жактан таза материалдардан үйлөрдү жана орун жайларды куруу үчүн атайын кредиттерди берүү.

### “ЭКО-Агрокредит” кредиттөө программасы

Ар кандай жашыл технологияларды киргизүүдө ишкер аялдарды жана жаштарды колдоо аркылуу айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн атайын кредиттерди берүү.

### “GREEN – ЭКОАВТО” кредиттөө программасы

Биздин кардарлар экологиялык таза транспортту сатып алуу үчүн атайын кредиттерди берүү, ошондой эле электромобилдер үчүн заряддоо түзүлүштөрүн орнотуу.

### “ЭКО – Туризм” кредиттөө программасы

Туристтик секторго жашыл технологияларды киргизүү үчүн атайын кредиттерди берүү.

## “GREEN – ЭКОДОМ” кредиттөө программасы

Коммерциялык жана коммерциялык эмес кыймылсыз мүлктү газдаштырууга жана жылуулоого, жылытуу системасын жакшыртууга Банк тарабынан берилүүчү кредит/бөлүп төлөө.

Бул “жашыл” кредит төмөнкү коммерциялык жана керектөө максаттарына берилет:

- жеке үйлөргө жана коммерциялык мүлккө газ киргизүү;
- энергияны үнөмдөөчү буу казандарды орнотуу;
- жылытуу системасын жакшыртуу;
- кыймылсыз мүлктү жылуулоо.

“Жашыл” кредиттин бул түрү жеке ишкерлер, жеке жана юридикалык жактар үчүн арналган.

Кредиттин суммасы:

**10 000 сомдон**
**8 000 000 сомго чейин**

## “ЭКО-Агрокредит” кредиттөө программасы

Аялдарга колдоо көрсөтүү жана агросектордо аялдардын ишкердигин кеңейтүү, ошондой эле айыл чарбасында жашыл технологияларды киргизүү менен алектенген жаш ишкерлерди тартуу аркылуу Кыргыз Республикасынын айыл чарба тармагын, анын ичинде ата мекендик органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында иштелип чыккан. Кредит төмөнкү чөйрөлөрдө алектенген жеке адамдарга, жеке ишкерлерге, ошондой эле дыйкан жана фермердик чарбаларга арналат:

- малчылык, канаттуулар чарбасы;
- өсүмдүк өстүрүүчүлүк, талаачылык жана жер иштетүү;
- агро- жана эт-сүт өндүрүмүн жыйноо, кайра иштетүү, даярдоо;
- салттуу элдик кол өнөрчүлүк жана кол өнөрчүлүк өндүрүмүн өндүрүү жана сатуу;
- даяр өндүрүмдү КНЧ (кошумча нарк чынжырчасы) бөлүгү катары жана Банктын экологиялык саясатына каршы келбеген башка айыл чарба иши катары сатуу.

Кредиттин суммасы:

**50 000 сомдон**
**12 000 000 сомго чейин**

## “GREEN – ЭКОАВТО” кредиттөө программасы

Коммерциялык жана керектөө максаттар үчүн экологиялык транспортту сатып алууга Банк тарабынан берилген кредит/бөлүп төлөө:

•электр, газ жана гибриддик тарткыч автотранспортту сатып алуу;

•электр мото- жана велотранспортту сатып алуу;

•керектөө жана коммерциялык максаттар үчүн автотранспортко газ-баллон жабдууларын орнотуу.

“Жашыл” кредиттин бул түрү жеке ишкерлер, жеке жана юридикалык жактар үчүн арналган.

Кредиттин суммасы:

**10 000 сомдон 12 000 000 сомго чейин**

## “ЭКО – Туризм” кредиттөө программасы

Кыргызстанда туризм секторун өнүктүрүүгө жана ата мекендик туристтик бизнесте энергиялык майнаптуу жана ресурс үнөмдөөчү технологияларды киргизүүгө багытталган кредит.

Туризм жана мейманкана кызматтары тармагында иштеген жеке ишкерлерге, ошондой эле юридикалык жактарга – кафе, ресторан, мейманкана, конок үйлөрү, боз үй шаарчалары, санаторийлер жана дарылоо жайларына арналган.

Бул “жашыл” кредит төмөнкү максаттарга берилет:

- жылытууга жана муздатууга чыгымдарды азайтуу үчүн имараттарды жылуулоо;
- “жашыл” жана ЭКБ технологияларын киргизүү;
- сууну үнөмдөө – тамчылатып сугаруу тутумдарын, тазалоочу курулмаларды орнотуу жана жамгырдын сууларын жыйноо;
- жылытуу, муздатуу жана желдетүү тутумдарын жакшыртуу;
- энергиялык майнаптуу жарыктандырууну киргизүү;
- энергиялык майнаптуу жана сууну үнөмдөөчү жабдууларды орнотуу жана пайдалануу;
- таштандыны ылгоо үчүн таштанды челектерин сатып алуу, ошондой эле колдонулган желимди таңгактоо үчүн прессти жана башка энергияны жана ресурстарды үнөмдөөчү иш-чараларды сатып алуу.

Кредиттин суммасы:

**50 000 сомдон 12 000 000 сомго чейин**

### ЖООПКЕРЧИЛИК ҮЧҮН БОНУСТАР:

**“ЭКО – Туризм” кредитин өз убагында жана толук төлөгөн карыз алуучулар 10% өлчөмүндө кредит боюнча төлөнгөн пайыздарды кайтарууга (кэшбек) укуктуу.**

**Бул багыттын алкагында 13 кредит берилген (юридикалык жактар – Ысык-Көл көлүнүн жээгиндеги эс алуу үйлөрүнө, анын ичинде заманбап тазалоочу тутумдарды орнотууга).**

## DCB GREEN ИШКЕ АШЫРУУНУН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**11,56%**

“Дос-Кредобанктын” кредиттик портфелиндеги жашыл долбоорлордун үлүшү (2023-жылдын аягындагы абал боюнча)

Банк тарабынан 700 млн сом жалпы суммасында


**2 237** жашыл кредит берилген (2021–2023-жж. абал боюнча)

**Анын ичинде:**

**33%** кредит ишкерлерге/жеке жактарга – эркектерге берилген

**67%** кредит ишкерлерге/жеке жактарга – аялдарга берилген

«Жашыл» кредиттер, DCB Green программасы боюнча берилген, багыттары боюнча



## Электромобилдер үчүн заряддоо станциялары

DCB Green долбоорунун алкагында "Дос-Кредобанк" ААК 2022-жылы Кыргызстанда биринчи жолу электромобилдерди акысыз тез заряддоо станцияларынын тармагын ишке киргизген.

Электромобилдерди биринчи тез заряддоо станциясы Ысык-Көл көлүнүн биосфералык аймагына карай жолдо Боом капчыгайында орнотулган жана күнү-түнү иштейт.

2022-жылы дагы бир электромобилдерди тез заряддоочу станция Бишкек шаарынын борборунда, ГУМ "Чынар" соода борборунда паркинг зонасында ачылган, бул жерде электромобилдердин ээлери электрокарларын акысыз заряддай алышат.

# Айлана-чөйрөгө кам көрүү

Өз ишинин өзгөчөлүгүнөн улам Банк айлана-чөйрөгө жана өзү иштеген аймактарда калктын жашоо сапатына олуттуу таасир тийгизбейт. Банк ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу, "Жашыл кеңсе" концепциясын, ошондой эле калдыктарды жоопкерчиликтүү урунуу боюнча программаларды киргизүү аркылуу экотутумга өз ишинин таасирин минималдаштырууга умтулат.

## Атмосферага чыгындылар

Атмосфералык абанын булганышынын жана климаттын өзгөрүшүнүн терс кесепеттери менен күрөшүү максатында "Дос-Кредобанк" ААК MoveGreen экологиялык уюму менен биргеликте абанын сапаты жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана реалдуу убакыт режиминде Абанын сапатынын дүйнөлүк индексинин интерактивдүү картасына берүү боюнча биргелешкен долбоорду ишке ашырууда.

"Дос-Кредобанктын" 17 бөлүмүндө жогорку ылдамдыктагы маалымат берүү менен көз карандысыз сенсордук тармак жайгашкан. Абанын сапаты боюнча маалымат 3-5 параметр боюнча көрсөтүлөт, атап айтканда абадагы эң зыяндуу булгоочу заттардын концентрациясы боюнча көрсөтүлөт: дем алуу жолдорун бөгөттөгөн жегич жыты бар сары-күрөң газ түрүндө азот диоксиди ($NO_2$) жана PM1, PM10 жана PM2.5 аралашкан бөлүкчөлөр – курамында катуу микробөлүкчөлөр жана суюктуктардын майда тамчылары бар аба булгоочу заттар.

# Ресурстарды жоопкерчиликтүү керектөө

Банк тарабынан керектелүүчү негизги ресурстар электр энергиясы, жылуулук энергиясы жана суу болуп саналат.

Өз ишинде Банк “жашыл кеңсе” концепциясын, ошондой эле энергиялык майнаптуу технологияларды киргизүү менен ресурстарды керектөөнү кыскартууга умтулат. Бардык кызматкерлерибиз сууну натыйжалуу керектөөгө жана калдыктарды жоопкерчиликтүү иштетүүгө умтулушат.

Банк муниципалдык суу менен камсыздоо тутумдарынан бардык керектүү сууну керектейт жана бул булактан тышкары, сууну керектөөнүн башка булактары колдонулбайт.

Энергиялык майнаптуулукту жогорулатуу биз үчүн негизги багыттардын бири. Биз электр жана жылуулук энергиясын керектөөнү минималдаштыруу боюнча иш-чараларды киргизебиз:

- Банктын административдик имараттарында люминесценттик чырактарды светодиоддук чырактарга алмаштырабыз;
- биз жарыктандыруу тутуму үчүн кыймыл/катышуу датчиктерин орнотобуз;
- биздин кызматкерлердин персоналдык компьютерлери үчүн компьютерлерди автоматтык түрдө өчүрүү үчүн “уйку” режими орнотулган.

Банкта “Tazar” коомдук кыймылынын калдыктарын башкаруу критерийлерине ылайык адистештирилген орундар жана контейнерлер менен камсыз кылуу менен Банктын кызматкерлери жана кардарлары үчүн таштандыларды өзүнчө чогултуу жана утилдештирүү практикасы киргизилген. “Tazar” командасы тарабынан калдыктарды өзүнчө чогултуу жана утилдештирүү боюнча Банктын персоналы үчүн тренингдер өткөрүлдү. Мындан тышкары биз “WasteNet.KG” калдыктарды туруктуу башкарууну өнүктүрүү үчүн бизнес тармагына катышабыз, калдыктарды кайра иштетүүгө жана экинчи пайдаланууга берүү үчүн компанияда калдыктарды өзүнчө чогултууну киргизүү жолу аркылуу калдыктарды башкаруунун мыкты практикасынын көз карандысыз экологиялык маркалоосу болуп саналган “Best Recycle Practice” талаптарын киргизебиз.

Банк басма продукциясын пайдаланууну кыскартуу боюнча бир катар иш-чараларды жүзөгө ашырууда жана акырындык менен электрондук форматка өтүүнү пландаштырып жатат, бул экологиялык терс таасирди азайтууга да өбөлгө түзөт. 2022-2023-жылдары Банк 1 тонна калдыкты кайра иштетүүгө берди.

# Орто мөөнөттүү келечекке пландар

- Жашыл экономиканы каржылоого багытталган продукттардын жана инструменттердин спектрин көбөйтүү.
- Позитивдүү таасир этүүгө бир учурда түрткү берүүдө терс кесепеттердин алдын алуу же азайтуу максатында “Дос-Кредобанк” ААК тарабынан каржыланган долбоорлорго (демилгелерге) потенциалдуу экологиялык жана социалдык жагымсыз кесепеттерге баа берүүнү кошо алганда, Банкта ESG-принциптерин андан ары интеграциялоо.
- Төмөнкүлөр аркылуу климаттык күн тартибин киргизүү:
  - климаттык тобокелдиктерди тескөө үчүн процесстерди, анын ичинде аларды идентификациялоо, баалоо, башкаруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жол-жоболорду жана стандарттарды, анын ичинде TCFD сунуштамаларын эске алуу менен (Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу финансылык маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча сунуштар) иштеп чыгуу;
  - климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу сценарийлерге талдоо жүргүзүү, ошондой эле аныкталган климаттык тобокелдиктерге ыңгайлаштыруу боюнча планды иштеп чыгуу.
- DCB Green программасын ишке ашырууну улантуу.
- Калдыктарды жоопкерчиликтүү башкаруу контекстинде “Жашыл кеңсе” концепциясын киргизүүнү улантуу.

DOSCREDOBANK



# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН СОЦИАЛДЫК БӨЛҮГҮ

# Биздин кызматкерлерибиз

## “ДОС-КРЕДОБАНК” ААК – ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ИШ БЕРҮҮЧҮ

**Биздин кызматкерлерибиз – бул биздин эң баалуу активибиз.**

**Биз кызматкерлерибизге өнүгүү үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү беребиз.**

**Банкта басмырлоонун ар кандай формаларына, анын ичинде расалык, этностук, гендердик, диний жана башка жеке өзгөчөлүктөрү боюнча басмырлоого катуу тыюу салынган.**

### Биз кызматкерлерибизди өнүктүрүүгө инвестиция салабыз

**38%**

Банктын кызматкери окутуу жана өнүктүрүү программалары менен камтылган

**1,5** млн сом

2023-жылы кызматкерлерди окутууга Банк инвестиция салган

### Жаш жана амбициялык команда

**982**
кызматкер

**32**
жаш
биздин кызматкерлерибиздин орточо курагы

**48%**
жетектөөчү кадрлар – аялдар

**57%**
жогорку жетекчилик – аялдар
(2024-жылдын октябрындагы маалыматтар)

# Персоналды башкарууга биздин мамилебиз

**Биз командабызга кесипкөй жана максатка умтулган адистерди тартабыз жана жагымдуу иш берүүчү статусун сактоого умтулабыз.**

**Персоналды башкаруу чөйрөсүндөгү Банктын негизги артыкчылыктары:**

- **биздин кызматкерлер үчүн өзүн өнүктүрүү жана кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;**
- **татыктуу сый акыларды жана карьералык өсүш үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү;**
- **кызматкерлерибиздин ден соолугуна жана коопсуздугуна кам көрүү.**

Банкта персоналды башкаруунун натыйжалуу тутуму түзүлгөн жана өркүндөтүлүп жатат, HR Департамент иштейт. HR Департаменттин негизги милдеттери болуп саналат:

- Банктын жалпы өнүгүү максаттарына жана кадр саясатынын конкреттүү багыттарына ылайык, натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү жана кызматкерлерди кесипкөй өнүктүрүү максатында персонал менен иш алып барууну уюштуруу;
- Банк кызматкерлерин тандоо, баалоо жана адаптациялоо тутумун түзүү;
- персоналды баалоону иштеп чыгуу, киргизүү жана уюштуруу, кадрлар резервин түзүү, персоналды окутуу тутумун киргизүү;
- корпоративдик маданиятты калыптандыруу, сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле башка милдеттер.

Банктын персонал менен өз ара аракеттенүүсү бир катар ички ченемдик документтер менен жөнгө салынат: Корпоративдик этика кодекси, Корпоративдик башкаруу кодекси, Кадр саясаты, Кызматкерлерге эмгек акы жана сый акы төлөө саясаты, ошондой эле Банктын башка ички документтери.

**Биз кызматкерлерибизге ыңгайлуу эмгек шарттарын, татыктуу сый акыларды жана карьералык өсүш үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү беребиз. Биз кызматкерлерге мотивация берүүнүн жана өнүктүрүүнүн натыйжалуу тутумун киргизебиз, ошондой эле корпоративдик маданиятты өнүктүрөбүз.**

# Персоналдык саны жана түзүмү

2023-жылдын 31-декабрына карата Банк кызматкерлеринин иш жүзүндөгү саны 976 адамды түзгөн. Банкта 2023-жылдын 31-декабрына карата 323 эркек жана 653 аял иштеген. 2023-жылы Банкта персоналдын орточо жашы 33 жаш болгон.

Банк кызматкерлерди жалдоодо бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат. 2023-жылы Банкта аялдардын үлүшү 67%ды түзгөн. 2023-жылы жетектөөчү позицияларда аялдардын үлүшү 49%ды түзгөн.

Персоналдын негизги бөлүгү – 30дан 50 жашка чейинки курактагы кызматкерлер, бул Банктын кызматкерлеринин жалпы санынан 48%ды түзөт.

2023-жылы 447 кызматкер кабыл алынган (эркектер – 159, аялдар – 288).



### Банктын персоналынын саны, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Отчеттук мезгилдин 31-декабрына карата абал боюнча Банктын штаттык кызматкерлеринин саны, адам | 836 | 976 |

## Банктын персоналынын жаш курактык топтор боюнча түзүмү, 2022–2023

| Көрсөткүч | Бардыгы адам | 2022 | | | | | | Бардыгы адам | 2023 | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 30 жашка чейин | | 30-50 жаш | | 50 жаштан улуу | | | 30 жашка чейин | | 30-50 жаш | | 50 жаштан улуу | |
| | | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | | Адам. | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % |
| Отчеттук мезгилдин 31-декабрына карата абал боюнча персоналдын иш жүзүндөгү саны, адам | 836 | 335 | 40% | 429 | 51% | 72 | 9% | 976 | 435 | 45% | 467 | 48% | 74 | 8% |
| Анын ичинде: жетектөөчү кызматтарда (жогорку жана ортоңку звено) | 114 | 13 | 11% | 90 | 79% | 11 | 10% | 128 | 15 | 12% | 103 | 80% | 10 | 8% |
| административдик кызматкерлер | 722 | 322 | 45% | 339 | 47% | 61 | 8% | 848 | 420 | 50% | 364 | 43% | 64 | 8% |

## Банктын персоналынын гендердик топторго бөлүү менен түзүмү, 2022–2023

| Көрсөткүч | Бардыгы адам | 2022 | | | | Бардыгы адам | 2023 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эркектер | | Аялдар | | | Эркектер | | Аялдар | |
| | | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш % | | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % |
| Отчеттук мезгилдин 31-декабрына карата абал боюнча персоналдын иш жүзүндөгү саны, адам | 836 | 291 | 35% | 546 | 65% | 976 | 323 | 33% | 653 | 67% |
| Анын ичинде: жетектөөчү кызматтарда (жогорку жана ортоңку звено) | 114 | 55 | 48% | 59 | 52% | 128 | 65 | 51% | 63 | 49% |
| административдик кызматкерлер | 722 | 236 | 33% | 486 | 67% | 848 | 258 | 30% | 590 | 70% |

## Отчеттук мезгилдин 31-декабрына карата Банктын башкармалыгынын жетектөөчү органдарынын жаш курагы боюнча түзүмү, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | | | | | | | 2023 | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы адам | 30 жашка чейин | | 30-50 жаш | | 50 жаштан улуу | | Бардыгы адам | 30 жашка чейин | | 30-50 жаш | | 50 жаштан улуу | |
| | | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | | Адам | Үлүш, % | Адам | Үлүш, % | Адамы | Үлүш, % |
| Директорлор кеңеши | 5 | - | - | 1 | 20% | 4 | 80% | 5 | - | - | 1 | 20% | 4 | 80% |
| Башкарма | 5 | - | - | 4 | 80% | 1 | 20% | 4 | - | - | 3 | 75% | 1 | 25% |

## Башкармалыктын жетектөөчү органдарынын гендердик топтор боюнча түзүмү, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | | | | 2023 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аялдар, адам | Үлүш, % | Эркектер, адам | Үлүш, % | Аялдар, адам | Үлүш, % | Эркектер, адам | Үлүш, % |
| Директорлор кеңеши | 3 | 60% | 2 | 40% | 2 | 50% | 2 | 50% |
| Башкарма | 2 | 40% | 3 | 60% | 2 | 40% | 3 | 60% |

# Ар түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр

“Дос-Кредобанк” ААК социалдык жоопкерчилик принциптерин сактайт, Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралган адам укуктарын сактайт, ошондой эле адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарды, анын ичинде БУУнун Адам укуктарынын жалпы декларациясын колдойт.

Банк балдар эмгегин же мажбурланган эмгектин башка түрлөрүн колдонууга жол бербейт жана тыюу салат. Банкта жынысы, жаш курагы, этностук же улуттук таандыктыгы, туткан дини, үй-бүлөлүк статусу, саясий ынанымдары, теги жана башка жеке өзгөчөлүктөрү боюнча басмырлоонун ар кандай формаларына тыюу салынат.

**“Дос-Кредобанк” ар бир кызматкерге кесипкөй өсүү үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.**

Банкта кызматкерлердин натыйжалуулугун баалоо жол-жобосу киргизилген, ал кызматтык милдеттеринин алкагында гана ишке ашырылат жана коюлган максаттарга жетүүдө кошкон салымын эске алат. Биз аялдарга эмгек акы төлөөдө адилеттүүлүктү сактайбыз.

2023-жылы “Дос-Кредобанктын” өкүлдөрү “БУУ-Аялдар” уюмунун өкүлү Улзийсурен Жамсран менен жолугушкан. Жолугушуунун алкагында Банк жыныстардын теңдигин колдоо жана ар кандай чөйрөлөрдө аялдарды колдоосу менен байланыштуу өзүнүн баалуулуктары жана көз караштары менен бөлүшкөн. Банк өзүнүн аялдардын туруктуу өнүгүүсүнө жана жашоо сапатын жогорулатуусуна көмөктөшүү максатын баса белгилеген. Жолугушуунун жүрүшүндө Банктын жетекчилиги жана “БУУ-Аялдар” уюмунун өкүлдөрү узак мөөнөттүү кызматташтыктын келечегин талкуулашкан.

# ГЕНДЕРДИК САЯСАТ

Банк комплекстүү гендердик мамиле климаттын өзгөрүшү жаатындагы иш-чараларды натыйжалуу, туруктуу жана таасирдүү кыларын түшүнөт.

2022-жылы Банк Гендердик саясатты иштеп чыккан жана кабыл алган. Банк бул документти Жашыл климаттык фонддун (ЖКФ) аккредитациялоо талаптарын аткаруу үчүн иштеп чыккан, ал гендердик көйгөйлөрдү өзүнүн жалпы программасынын негизги элементтеринин бири катары карайт.

Саясат климаттын өзгөрүшүнө каршы аракеттенүү чараларын каржылоонун негизин түзгөн эл аралык жана улуттук гендердик милдеттенмелерди чагылдырат.

Гендердик саясатка ылайык Банк климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттери жана ыңгайлаштыруу потенциалы гендердик көз караштан алганда нейтралдуу эместигин тааныйт. Климаттын өзгөрүшү аялдарга жана эркектерге ар кандай таасир тийгизет, алар импульстарга ар башкача жооп беришет, ар кандай чечимдерди жактырышат жана климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин ар башкача кабыл алышат, ошондой эле аларга ар башкача ыңгайлашат. Ошол эле учурда аялдар климаттын өзгөрүү процесстеринин активдүү катышуучулары – драйверлери жана аткаруучулары катары каралат.

Гендердик саясатка ылайык Банк бүтүндөй долбоордук циклдин аралыгында гендердик теңдик көйгөйлөрүн эске алат. Бул алгач аялдар үчүн иштелип чыккан же гендердик багытка ээ болгон долбоорлорго гана эмес, бардык долбоорлорго тиешелүү. Комплекстүү гендердик мамиле ар кандай долбоорду ишке ашыруу үчүн олуттуу мааниге ээ болот.

Гендердик саясаттын негизги максаттары:

- Банктын алкагында да, анын өнөктөштөрүнүн тармагында да колдонула турган бардыгын камтыган гендердик мамиленин негизинде климаттын өзгөрүүсү жаатындагы иш-чараларды жана инновацияларды колдоо;
- климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин азайтуу жана ага ыңгайлашуу, ошондой эле социалдык, гендердик жана климатка байланыштуу тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрүү аркылуу гендердик теңдикке өбөлгө түзүүчү климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү боюнча чараларга инвестицияларды колдоо;
- климаттын өзгөрүшү менен күрөшүүгө инвестицияларды салуу аркылуу климаттын өзгөрүшүнөн улам күчөгөн аялуулукту жана ажыратуунун социалдык, экономикалык жана экологиялык факторлорундагы гендердик ажырымды азайтууга салым кошуу.

# Персоналды тандоо

Банк бош кызмат орундарын ээлөө үчүн квалификациялуу талапкерлерди тартуу максатында персоналды тандоону жүзөгө ашырат. Банктагы бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоо ачык-айкын сынактык жол-жоболордун негизинде ишке ашырылат, алар Банктын Кадр саясатына ылайык жүргүзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларынын талаптарын эске алат.

Банкта кадрдык резерв түзүлөт, андан келечекте орто жана жогорку звенодогу менеджменттин жетекчи кызмат орундарына дайындоолор жүргүзүлүшү мүмкүн.

Бош кызмат орундарына ички тандоо Банкта негизги адистерди сактап калуу максатында артыкчылыктуу болуп саналат. Кадрлар резервинен талапкерлер жок болгон учурда Банк бош кызмат ордун ээлөөгө тышкы сынак жарыялайт. Бирдей жетүү мүмкүндүгүн жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу максатында Банктын бош орундары Банктын расмий сайтында, ошондой эле рекрутинг платформаларында жарыяланат.

Жаш кадрларды тартуу максатында Банк жогорку окуу жайлар менен кызматташат, өзгөчө таланттуу студенттерге стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн берет.



# Мотивация берүү жана эмгек акы төлөө

Банкта персоналга мотивация берүүнүн натыйжалуу жана ачык-айкын тутуму түзүлгөн. Биз кызматкерлерибизге татыктуу жана атаандашууга жөндөмдүү сый акы беребиз.

“Дос-Кредобанк” ААКда кызматкерлерге эмгек акы төлөө тутуму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан, ички ченемдик документтер менен жөнгө салынат, алардын негизгиси болуп “Дос-Кредобанк” ААКнын кызматкерлерине эмгек акы жана сый акы төлөө боюнча саясаты саналат.

**10,5%**

**2023-жылы кызматкерлерибиздин эмгек акысынын орточо өсүшү.**

# Кызматкерлерди социалдык колдоо

Социалдык колдоо Банктын кадр саясатынын бир бөлүгү болуп саналат жана кызматкерлерди Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негизги социалдык кепилдиктер жана компенсациялар менен камсыз кылууну камтыйт. Кызматкерлерди социалдык колдоо жагымдуу эмгек шарттарын түзүүнүн, ошондой эле квалификациялуу адистерди тартуунун жана кармап калуунун маанилүү элементи болуп саналат.

Банкта жоопкерчилик деңгээлине, аткарылуучу милдеттердин татаалдыгына жана талап кылынган квалификацияга ылайык Банк ичиндеги ар кандай кызмат орундарын классификациялоого түзүмдөлгөн мамилени киргизүүгө мүмкүндүк берген грейд тутуму колдонулат.

Мотивацияны жогорулатуу максатында Банкта эки жыл сайын кызматкерлерге жаңы квалификация ыйгарылат (карьералык өсүш), ошондой эле эмгек акынын деңгээли кайра каралат.

Банкта жыл сайын персоналды баалоо жүргүзүлөт, ал кызматкер кандай жыйынтыктарга жетишкенин гана көрсөтпөстөн, өнүгүү зоналарын аныктоого жардам берет. 2023-жылы Банкта “360 градус” ыкмасы боюнча кошумча баалоо жүргүзүлгөн (кызматкерлер, анын ичинде жетекчилер үчүн ар тараптуу баа берүүнү камсыз кылат).

Банк өз кызматкерлерине социалдык колдоо көрсөтөт:

- ден соолукту чыңдоо үчүн материалдык жардам;
- никелешүү учурунда материалдык жардам;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүдө материалдык жардам;
- баланын төрөлүшүнө байланыштуу финансылык жардам;
- жакын тууганынан айрылган учурларда колдоо.

Банктын бардык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык бала багуу боюнча өргүү алууга укуктуу. Ошондой эле Банк өз кызматкерлерине кошумча өргүү берет: 2022-жылдан баштап Банк “Үй-бүлө күнүн” киргизген – квартал сайын кызматкерлерге үй-бүлөсү менен өткөрүү үчүн акы төлөнүүчү өргүүнүн бир күнү берилет.

Банк кызматкерлерди экологиялык транспорттун түрлөрүнө өтүүгө үндөйт. Биз кызматкерлерибизге велосипеддерди, электросамокаттарды жана электромобилдерди сатып алуу үчүн бөлүп төлөөнү беребиз.

# Кызматкерлерди окутуу жана өнүктүрүү

Кызматкерлерибиздин кесипкөй потенциалын өнүктүрүү Банктын стратегиялык максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн маанилүү экенин түшүнөбүз. Биз кызматкерлерибизди окутууга жана квалификациясын жогорулатууга инвестиция салабыз жана алардын инсандык жана кесипкөй өнүгүүсүнө түрткү берүүгө умтулабыз.

Биз алдыга коюлган максаттарды жана милдеттерди, ошондой эле алардын натыйжалуулугун ар жылдык баалоонун жыйынтыктарын жана алардын жеке өнүгүү пландарын эске алуу менен, кызматкерлерибиз үчүн окутуу иш-чараларынын багыттарын аныктайбыз.

**739** кызматкер

2023-жылы ички окутуудан өтүштү

**180** кызматкер

2023-жылы тышкы окутуудан өтүштү

### Кызматкерлерди окутууга Банктын инвестициялары, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| Кызматкерлерди окутууга Банктын инвестициялары, миң сом | 751,002 | 1 474,470 |

Банктын кызматкерлери 2023-жылы окуудан өткөн негизги темалар төмөнкүлөр болгон:

- салык мыйзамдарына өзгөртүүлөр;
- туруктуу өнүктүрүү жана ESG-отчеттуулук жаатындагы отчетторду даярдоо;
- дебитордук карыздарды укуктук жөнгө салуу;
- сотко чейинки жана соттук жаза чаралары;
- ISO стандарттарындагы бизнес-менеджменттин куралдары;
- корреспонденттик мамилелер жана Swift системасы боюнча чет өлкө валютасындагы төлөмдөрдү тариздөөгө карата эл аралык талаптар;
- Борбордук Азиядагы санарип сервистер жана алардын коопсуздугу жана башкалар.

Операция бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жана кассирлер үчүн 2023-жылы биз банктык операцияларды билүү бөлүгүндө гана эмес, кардарлар менен иштөөнүн психологиялык аспекттери бөлүгүндө да алардын кесипкөй сапаттарын жогорулатууга багытталган окутуу семинарларын өткөрдүк.

## HR-ПОРТАЛ

**Банкта 2024-жылдан бери HR-порталы - ички билим берүү платформасы иштейт, аны Банк келечекте активдүү өнүктүрүүнү көздөп жатат. 2024-жылдын октябрына карата порталда кызматкерлер үчүн Банктын операциялык, кредиттик иши боюнча; коопсуздук техникасын сактоо боюнча; “Жашыл кеңсе” стандарттары; мүмкүнчүлүгү чектелген кардарларды тейлөө жана башка темалар боюнча 30дан ашык программалар жеткиликтүү.**



# Кызматкерлердин жана жетекчиликтин өз ара аракеттенүүсү

Банк кызматкерлерге өз потенциалын ачууга жана көз карашын ачык билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген шарттарды түзүүгө умтулат. Биздин кызматкерлерибиз өз пикирин ачык айта алышат, көйгөйлөрдү билдире алышат, ошондой эле биздин ишибизде эмнелерди жакшыртууга боло тургандыгы жөнүндө өз сунуштарын бере алышат. Банкта кызматкерлер өз сунуштарын киргизе турган “Бриллианттар журналы” бар. Бардык сунуштар Банктын жетекчилиги тарабынан каралат. Алардын ичинен эң актуалдуусун биз ишке ашырууга умтулабыз, ал эми идеяларды ийгиликтүү ишке ашырылган кызматкерлер кошумча сыйланат. 2022-жылдан тартып жыл сайын Банкта кызматкерлердин лоялдуулук деңгээлин eNPS-баалоо сурамжылоосу жүргүзүлүп келет. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча 2023-жылы кызматкерлердин лоялдуулук деңгээли 77%ды түзгөн (2022-жылы – 57%).

# Кызматкерлердин ден соолугу жана коопсуздугу

## Коопсуздук жана эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү биздин мамиле

Кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо – "Дос-Кредобанк" ААК үчүн маанилүү артыкчылык. Биз кызматкерлерибиз үчүн коопсуз эмгек шарттарын түзөбүз жана алардын ден соолугуна кам көрөбүз.

Банкта Кыргыз Республикасынын Конституциясына, КР Эмгек кодексине, эмгекти коргоо жөнүндө КР Мыйзамына ылайык иштелип чыккан Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча нускама бар. Нускама эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоонун башка эрежелери боюнча бирдиктүү талаптарды белгилейт, аларды Банктын бардык кызматкерлери өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда жетекчиликке алышат.

Банктын ар бир жаңы дайындалган кызматкери өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо боюнча алгачкы инструктаждан милдеттүү түрдө өтөт. Мындан тышкары жыл ичинде жер-жерлерде жооптуу адамдар тарабынан кайра инструктаждар жүргүзүлөт, бул журналдарда жана таанышуу барактарында белгиленет.

Банкта коопсуздук жана эмгекти коргоо үчүн жооптуу Коопсуздук башкармалыгы болуп саналат.

Жыл сайын Коопсуздук башкармалыгы тарабынан Банкта Коопсуздукту камсыздоо жана эмгекти коргоо боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгат, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Банктын бардык объекттерине баруу жана кыдыруу, анын жүрүшүндө жумуш орундарына, шарттарга мониторинг жүргүзүлөт, өрт коопсуздугунун системасы текшерилет;
- өрт коопсуздугу жана эмгекти коргоо боюнча алгачкы жана кайра инструктаждарды өткөрүү;
- окуу эвакуацияларын жүргүзүү;
- кандайдыр бир мыйзам бузууларды же бузуктарды аныктоо учурларына карата орун жайларды үзгүлтүксүз кыдырып чыгуу.

## Тобокелдиктерди идентификациялоо процесси жана өзгөчө кырдаалдарга даярдык

"Дос-Кредобанктын" тобокелдиктер реестринде коопсуздукка жана эмгекти коргоого байланыштуу тобокелдиктер жок, анткени КЭК чөйрөсүндөгү тобокелдиктер банк ишинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу Банк үчүн анча маанилүү эмес болуп саналат. Банкта колдонулуп жаткан жол-жоболордун алкагында кызматкерлер жумуш ордунда пайда болгон кооптуу жагдайлар жөнүндө кайтарым байланыш тутуму жана коммуникациянын ички каналдары аркылуу билдире алышат. Банк кызматкерлеринин бардык кайрылуулары каралат жана кайра байланыш берилет.

## Жаракат алуу

Жаракат алуунун алдын алуу максатында Банкта эмгекти коргоо боюнча үзгүлтүксүз инструктаждар өткөрүлүп турат;
жумуш орундарынын абалына жана эмгекти коргоо ченемдеринин сакталышына контроль жүргүзүлөт; КЭК боюнча ар жылдык пландардын алкагында иш-чаралар жүргүзүлөт. Тилекке каршы, 2023-жылы Банкта өндүрүштөгү бөөдө кырсыктын 1 фактысы катталган, бул кызматкерибиздин убактылуу эмгекке жарамсыздыгына алып келген. Бөөдө кырсыктын жыйынтыгы боюнча текшерүү жүргүзүлүп, Башкарманын 15.06.2023-жылдагы №49 чечимине ылайык кызматкерге материалдык жардам көрсөтүлгөн.

## Кызматкерлерди КЭК боюнча окутуу

Жыл сайын Банктын бардык кызматкерлери КЭК боюнча инструктаждан өтүшөт. Мындан тышкары 2023-жылы Банктын башкы кеңсесинде жана филиалдарында райондордун ӨКМ кызматкерлеринин катышуусу менен окуу өткөн. Окуу жер титирөө; өзгөчө кырдаалдарда эвакуациялоо; өрт коопсуздугу; эмгекти коргоо темалары боюнча өткөрүлгөн.

### БЭК боюнча окуудан өткөн кызматкерлердин жалпы саны, 2022–2023

| Көрсөткүч | 2022 | 2023 |
|---|---|---|
| БЭК боюнча окуудан өткөн кызматкерлердин саны, адам | 165 | 277 |

## Кызматкерлердин ден соолугуна кам көрүү

“Дос-Кредобанк” ААКда кызматкерлер арасында сергек жашоо образын жайылтууга багытталган программалар иштелип чыккан. Банктын социалдык колдоосунун бир бөлүгү – кызматкерлердин ден соолугун сактоо үчүн ар жылдык төлөмдөр, анын аркасында ден соолуктун жалпы абалын текшерүүгө, ошондой эле профилдик адистерден консультация алууга болот. Кызматкерлер үчүн спорттук турнирлер, анын ичинде футбол жана волейбол матчтары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.

# Орто мөөнөттүү перспективага пландар

**Кызматкерлерди окутуу жана өнүктүрүү:**

- RSBP платформасын колдонуу менен окуу программасын ишке киргизүү;
- сатуу техникасы боюнча тренингдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- жаңы кызматкерлер үчүн Ыңгайлаштыруу программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- бэк-кеңсенин кызматкерлери үчүн soft-skills боюнча масштабдуу тренинг өткөрүү.

**Кызматкерлердин катышуусу:**

- жаңы мотивациялык программаларды иштеп чыгуу, эмгек акы рынокторун талдоо;
- жетишкендиктер үчүн сыйлоо тутумун киргизүү.

**HR-процесстерди автоматташтыруу:**

- электрондук макулдашууну киргизүү, кадрдык иш кагаздарын жүргүзүүдөгү өзгөрүүлөр, макулдашуу процесстерин тездетүү, документтерди электрондук түрдө тариздөө, кол коюу жана сактоо.

# Коом менен өз ара аракеттенүү

Өз ишин жүргүзүү менен, “Дос-Кредобанк” жарандардын жашоо сапатын жакшыртууга, ошондой эле өлкөнүн социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууга умтулат.

Банк салык төлөмдөрүн толук көлөмдө, өз убагында жана ачык-айкындуулуктун жогорку деңгээли менен ишке ашырат, бул жергиликтүү коомчулуктардын өнүгүүсүнө шарт түзөт. Банк билим берүү, маданият жана спорт чөйрөсүндөгү социалдык маанилүү жана кайрымдуулук долбоорлорду жана демилгелерди колдойт.

**93 546**

миң сом

**2023-жылы Банктын салыктык чегерүүлөрү (пайдага салык)**

**1 347**

миң сом

**социалдык инвестициялар, демөөрчүлүк жана кайрымдуулук**

Биз жалпы билим берүүчү жана музыкалык мектептерди оңдоого жардам беребиз, ошондой эле шахмат турнирлерин өткөрүүнү колдойбуз.

Көп жылдар бою (2017-жылдан тартып азыркы убакка чейин) “Дос-Кредобанк” Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча мамлекеттик программасын ишке ашырууну колдоп келет. Программа өзгөчө балдар жана жаштар арасында финансылык сабаттуулукту жогорулатууга багытталган. Банктын кызматкерлери ар кандай ЖОЖдордун студенттери үчүн аманаттардын жана топтоонун финансылык инструменттери менен таанышууга, кирешенин ар кандай булактарын түзүүгө, финансылык максаттарды коюуга жана ага жетүүгө, финансылык планды түзүүгө арналган семинарларды өткөрүштү. Жаштар акчаны кантип табуу, сарптоо жана үнөмдөө керектигин, киреше алуу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр бар экенин, ошондой эле туура финансылык чечимдерди кабыл алууну үйрөнүштү.



2023-жылы Балдарды коргоо күнүнө карата “Дос-Кредобанк” DCB KIDS жаңы балдар үчүн банктык картаны ишке киргизди, ал балдарга эрте жашынан өз каражатын башкарууну үйрөнүүсүнө жардам берет.

Бул карталардын жардамы менен ата-энелер балдарына үйрөтө алышат:

- өзүнүн чыгымдарын пландаштыруу жана топтоо;
- банкоматтарды пайдалануу жана төлөм терминалдары аркылуу картасын толуктоо принциптерин өздөштүрүү;
- товарларга жана кызматтарга накталай эмес төлөөнү жүргүзүү.

Бул карталарды ата-энелер 7 жаш курагынан баштап өз балдары үчүн ача алышат. Карта боюнча тарифтер менен кененирээк Банктын сайтында таанышууга болот.

# Кайрымдуулук

Банк балдарга, балдар үйлөрүнө, реабилитациялык борборлорго, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, ошондой эле социалдык маанилүү долбоорлорго үзгүлтүксүз негизде кайрымдуулук жардам көрсөтүп турат.

Мындан тышкары Банк 2023-жылы Түркиядагы жер титирөөдөн жабыр тарткандарга жардам көрсөтүп, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы Элчилигинин атайын эсебине 1 миллион сом акча которгон, ошондой эле заряддоо түзүлүштөрү жана жууркандар түрүндөгү гуманитардык жардамды тапшырган.



# Волонтерлук

Банк волонтерлукту – кызматкерлердин ыктыярдуу негизде кайрымдуулук ишине катышуусун колдойт. Айлана-чөйрөгө кам көрүү менен Банктын кызматкерлери жыл сайын парктарды жана скверлерди тазалоого жалпы шаардык ишембиликтерге катышышат. 2023-жылы DCB Green долбоорунун алкагында ар жылдык бак-дарактар отургузулду, ал токой аянттарын көбөйтүүгө багытталган жана "Жашыл мурас" улуттук кампаниясынын бир бөлүгү болуп калган. Иш-чарага "Дос-Кредобанктын" 100дөн ашык кызматкерлери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин, токой кызматынын жана Фрунзе токой чарбасынын өкүлдөрү катышты. Фрунзе токой чарбасынын аймагында 5 гектар аянтка тамыр системасы жабык мисте жана бадам дарактарынын 3 миңден ашык көчөтү отургузулду. Мындан тышкары DCB Green алкагында Банктын кызматкерлери Каракол шаарын жашылдандырууга катышты.

# “ДОС-КРЕДОБАНК” КЫРГЫЗСТАНДА КЫЗДАРДЫН ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ДЕМИЛГЕЛЕРГЕ КАТЫШАТ

Отчеттук мезгилден кийинки окуя.

2024-жылдын январында “Дос-Кредобанк” “Роза Отунбаеванын демилгелери” ЭКФ демилгеси боюнча түзүлгөн STEM4ALL x MentoringHer долбоорунун ментордук программасына активдүү катышкан.

Бул демилге Кыргызстанда өзгөчө илим, технология, инженерия жана математика жаатында (STEM) кыздардын жана аялдардын уктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган.

Долбоордун алкагында Банктын өкүлдөрү билим берүү акциясын өткөрүштү, бул жерде азыркы дүйнөдөгү финансылык технологиялардын ролу жөнүндө тажрыйбаны жана билимди бөлүшүштү; санарип инновациялар кантип STEM жаатында ийгиликке жетүү үчүн күчтүү курал боло аларын жана бул чөйрөлөрдө аялдардын лидерлигин колдоо жана өнүктүрүү канчалык маанилүү экенин талкуулашты.

STEM4ALL x MentoringHer демилгелерине катышуубуздун аркасында биз STEM чөйрөсүндөгү билим алуу жана карьералык мүмкүнчүлүктөрдү Кыргызстандагы кыздар жана аялдар үчүн жеткиликтүү жана жагымдуу кыла алабыз деп ишенебиз.



DOSCREDOBANK



# КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ

# Банктын корпоративдик башкаруу тутуму

Банкта корпоративдик башкаруу адилеттүүлүк, чынчылдык, жоопкерчилик, ачыктык, айкындуулук, кесипкөйлүк жана компетенттүүлүк негизинде курулат.

**Банкта корпоративдик башкаруу төмөнкү негизги принциптерге негизделет:**

- **Банктын акционерлеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;**
- **натыйжалуу башкаруу;**
- **отчеттуулук жана жоопкерчилик;**
- **банк жана анын иши жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруунун айкындуулугу жана объективдүүлүгү;**
- **мыйзамдуулук жана этикалуулук;**
- **натыйжалуу дивиденд саясаты;**
- **натыйжалуу кадр саясаты;**
- **айлана-чөйрөнү коргоо;**
- **Кыргыз Республикасынын финансы тутумун өнүктүрүүгө активдүү көмөктөшүү.**

Жогоруда көрсөтүлгөн корпоративдик башкаруунун принциптери “Дос-Кредобанк” ААКнын Корпоративдик башкаруу кодексинде белгиленген.

“Дос-Кредобанк” ААКнын Корпоративдик башкаруу кодекси Банк тарабынан Банктын бардык акционерлеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоону, аларга адилеттүү мамилени, чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкындуулугун, Директорлор кеңешинин жана Банктын Башкармасынын мүчөлөрүнүн, башка кызмат адамдарынын жана Банктын кызматкерлеринин кесиптик жана этикалык жоопкерчилигин камсыз кылуусуна багытталган. Корпоративдик башкаруу кодекси Банктын үчүнчү жактар менен мамилелер чөйрөсүн жөнгө салат, ошондой эле маалыматтык ачыктыкты кеңейтүүнү жана ишкердик жана кесиптик этика ченемдеринин тутумун өнүктүрүүнү карайт.

## Банктын корпоративдик башкаруу түзүмү

Банктын корпоративдик башкаруу түзүмү Банктын Уставы жана башка ички жөнгө салуучу документтери менен аныкталган.

Банктын башкаруу органдары болуп саналат:

- Жогорку башкаруу органы – Акционерлердин жалпы чогулушу
- Банкты жалпы башкарууну жүргүзүүчү башкаруу органы – Директорлор кеңеши
- Коллегиялык башкаруунун аткаруу органы – Башкарма

**“ДОС-КРЕДОБАНК” ААКНЫН КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУСУНУН УЮШТУРУУ ТҮЗҮМҮ**



# Директорлор кеңеши

Банктын Директорлор кеңеши Банкты стратегиялык башкарууну ишке ашырат, Банкта тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдоо системасын уюштурууга карата негизги принциптерди жана ыкмаларды аныктайт, Банктын аткаруу органдарынын ишин контролдойт.

Директорлор кеңешинин негизги милдеттери болуп Банк тарабынан максималдуу пайда алуу жана анын активдерин көбөйтүү үчүн шарттарды түзүү, акционерлердин Жалпы чогулушунун чечимдеринин аткарылышына контроль жүргүзүү жана Банктын башка башкаруу органдары тарабынан башкарууга туруктуу байкоо жүргүзүү жана контролдоо аркылуу жалпысынан Банктын акционерлеринин бардык топторунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу саналат.

Директорлор кеңеши өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Банктын Уставын жана Банктын башка ички жөнгө салуучу документтерин жетекчиликке алат.

**Банктын Директорлор кеңешинин негизги функциялары:**

- Банктын стратегиялык максаттарын аныктоо жана анын саясаттарын калыптандыруу;
- Банкта натыйжалуу корпоративдик башкарууну киргизүү;
- Банктын бизнес-стратегияларын жана саясаттарын түзүү, бекитүү жана мезгил-мезгили менен жаңыртуу;
- Банктын жана анын башкаруу органдарынын ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына жана талаптарына шайкеш келишин камсыз кылуу;
- этикалык жана чынчыл стандарттарды түзүү жана колдоо;
- кызыкчылыктардын кагылышуусун идентификациялоо жана жол бербөө тутумун уюштуруу;
- Банктын ишинин ачык-айкындуулугун, маалыматтардын өз убагында жана толук ачыкка чыгарылышын камсыз кылуу;
- Банкта тобокелдиктерди тескөө тутумунун натыйжалуулугу.

Банктын Директорлор кеңеши акционерлердин Жалпы чогулушу тарабынан шайланат. Акционерлердин чогулушунда шайланган Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында макулдашуудан өтөт.

Толук аракетке жөндөмдүү жана КР Улуттук банкы тарабынан белгиленген кынтыксыз ишкер аброй, кесиптик жарактуулук жана иш тажрыйбасы талаптарына ылайык келген жеке адамдар гана Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү болуп шайлана алышат.

# Директорлор кеңешинин курамы

Банктын Директорлор кеңешинин сандык курамы конструктивдүү дискуссияны жолго салууга, тез жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга, ошондой эле Директорлор кеңешинин натыйжалуу ишине көмөктөшөт.

Бул Отчет 2024-жылдын 4-кварталында жарыяланганын эске алуу менен жана актуалдуу маалыматты берүү максатында Директорлор кеңешинин курамы 2024-жылдын октябрына карата абал боюнча көрсөтүлгөн.

**Банктын Директорлор кеңеши 5 мүчөдөн турат: Директорлор кеңешинин Төрагасы жана көз карандысыз директорлор. Банктын Директорлор кеңешинин курамында үч эркек (60%) жана эки аял (40%) бар.**

## ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН КУРАМЫ

### Нариман уулу Бакыт
Директорлор кеңешинин төрагасы

**Директорлор кеңешинин курамына шайланган дата: 2021-жылдын 30-марты.**

**Билими**

**2009–2012**
Лондон билим берүү жана өнүктүрүү академиясы (Улуу Британия).

**Иш тажрыйбасы**

**2021–азыркы убак**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Директорлор кеңешинин төрагасы.
**2012–2021**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:
- Директорлор кеңешинин мүчөсү;
- Өнүктүрүү бөлүмүнүн начальниги;
- Кредиттөө бөлүмүнүн начальнигинин орун басары;
- Филиалдын директорунун орун басары;
- Башкы Казыналыктын дилери;
- Башкарманын мүчөсүнүн кеңешчиси, Башкарманын төрагасынын кеңешчиси.

### Оганян Кармен Гургенович
Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Директорлор кеңешинин курамына шайланган дата: 2021-жылдын 30-марты.**

**Билими**

**1979–1986**
Кыргыз мамлекеттик университети
Юридика факультети

**Иш тажрыйбасы**

**2021–азыркы убак**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Директорлор кеңешинин мүчөсү.
**1997–азыркы убак**
“ОНИКС” ФЮК
Директор.
**1995–1997** “ШАДЭ” юридикалык фирмасы.
Директордун орун басары.
**1992–1995** КыргСХИ окуу-тажрыйбалык чарбасы. Коммерция маселелери боюнча директордун орун басары.

**1986–1992** Кыргыз ССРнин прокуратурасы.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:
- Фрунзе ш. Свердлов районунун прокурорунун жардамчысы;
- Фрунзе ш. Свердлов районунун прокуратурасынын тергөөчүсү, улук тергөөчүсү.

### Тагаев Рустамбек Турдыевич

Директорлор кеңешинин мүчөсү

**Директорлор кеңешинин курамына шайланган дата: 2021-жылдын 30-марты.**

**Билими**

**1986–1991**
Москва технологиялык институту.
Жеңил өнөр жай факультети.
**1997–2000**
Кыргыз мамлекеттик университети.
Факультет: "Финансы жана кредит".

**Иш тажрыйбасы**

**2021 – азыркы убак**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Директорлор кеңешинин мүчөсү.
**2006 – азыркы убак**
"Ак-Жол" камсыздандыруу компаниясы" ААК
Башкарманын төрагасы.
**1999–2005** Кыргыз темир жолу, "Кыргыз темир жолдору" УК МИ:

- УКЖД Тышкы байланыштар жана маалыматтык камсыздоо бөлүмүнүн начальниги;
- Финансы-ревизиялык бөлүмдүн начальниги.

**1998–1999** "Экспресс" ЖЧК
Коммерциялык директор.

**1996–1998** "Достлик" соода үйү СИ.
Директор.
**1995–1996** "Экспресс" өндүрүштүк коммерциялык ишканасы.
Менеджер.
**1994–1995** Чүй экономикалык компаниясы.
Маркетинг жана рыноктун конъюнктурасы боюнча директор.
**1992–1994** "Эмгек" транспорт кооперативи.
**1991–1992** "Тулпар" өнөр жайлык соода бирикмеси.
2-категориядагы инженер-химик.

### Нурмолдоева Гуланда Айнидиновна

Директорлор кеңешинин мүчөсү, көз карандысыз директору

**Директорлор кеңешинин курамына шайланган дата: 2021-жылдын 30-марты.**

**Билими**

**1983–1985**
Фрунзе финансы-экономикалык техникуму
Адистиги: "Банктардагы эсеп".
**1987–1992**
Кыргыз мамлекеттик университети
Адистиги: "Финансы жана кредит".

**Иш тажрыйбасы**

**2021 – азыркы убак**

"Дос-Кредобанк" ААК.
Директорлор кеңешинин мүчөсү.
**2016 – азыркы убак**
"Мамлекеттик ипотекалык компания" ААК:
Бухгалтердик эсеп жана бюджеттөө бөлүмүнүн начальниги – башкы бухгалтер.
**2019–2021** "Мамлекеттик ипотекалык компания" ААК
Башкарманын төрагасынын орун басары.
**2013–2016** "Дос-Кредобанк" ААК:
Бухгалтердик эсеп башкармалыгынын начальниги – башкы бухгалтер.
**2009–2013** "КЫРГЫЗСТАН коммерциялык банкы" ААК:

- Башкы операциялык башкармалыктын начальниги;
- Филиалдын директору.

**1998–2009** "Айыл Банк" ААК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:

- Бухгалтер;
- Тейлөө бөлүмүнүн начальниги-контролеру;
- КСФК бек-кеңсесинин начальниги;
- Башкы бухгалтер.

**1993–1998** АКБ "Кыргыздыйканбанк".
Ар кандай кызматтарды ээлеген:

- Кредит адиси;
- Жетектөөчү адис;
- Кредит бөлүмүнүн начальниги.

**1985–1987** Биринчи май филиалы, СССР Мамбанкы
Бухгалтер.

### Камчибекова Гульчехра Садырбековна

Директорлор кеңешинин мүчөсү, көз карандысыз директор

**Директорлор кеңешинин курамына шайланган дата: 2021-жылдын 30-марты.**

**Билими**

**1988–1993**
Кыргыз мамлекеттик университети
Адистиги: "Прикладдык математика".

**Иш тажрыйбасы**

**2021 – азыркы убак**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Директорлор кеңешинин мүчөсү, Аудит комитетинин төрагасы.
**2022 – азыркы убак**
"Альфа Телеком" ЖАК (Megacom)
Финансы боюнча директор.
**2019–2020** "Альфа Ойл" ЖЧК (Red Petroleum)
Финансылык директор.
**2013–2019** "Айыл Банк" ААК
Башкарманын төрагасынын орун басары.
**2013** "Капитал Банк" ААК
Башкарманын төрагасынын орун басары.
**2011–2013** "Казкоммерцбанк Кыргызстан" ААК:

- Директорлор кеңешинин мүчөсү;
- Аудит боюнча комитеттин төрагасы.

**2006–2011** "ФинансКредитБанк КАБ" ААК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:

- Юридикалык жактарды тейлөө бөлүмүнүн начальниги;
- Тобокелдик-менеджменти башкармалыгынын начальниги;
- Казыналык башкармалыгынын директору;
- Башкарманын төрагасынын орун басары.

**1996–2006** "Кыргызпромстройбанк" ААК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:

- Мамлекеттер аралык эсептешүүлөр бөлүмүнүн адиси;
- Тышкы экономикалык байланыштар бөлүмүнүн жетектөөчү адиси;
- Валюталык операциялар башкармалыгынын жетектөөчү адиси;
- ГОПУ чет өлкө валютасында Эсептик тейлөө бөлүмүнүн начальниги;
- Башкы операциялык башкармалыктын Контролдоо бөлүмүнүн начальниги.

**1994–1996** АКБ "КЫРГЫЗСТАН"
Ош башкы дирекциясынын Кредиттик саясат жана экономикалык талдоо бөлүмүнүн улук адиси.

# Көз карандысыз директорлор

Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн биринен кем эмесин көз карандысыз директорлор түзүшү керек. Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн көз карандысыздык статусун ырастоо үчүн “Дос-Кредобанк” ААКда кызыкчылыктардын кагылышынын жоктугу, анын ичинде компаниядан материалдык көз карандысыздыкка негизделген, көз карандысыз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгү маанилүү. Көз карандысыз Директорлор кеңешинин мүчөсү банк коомчулугунда сый-урматка татыктуу болууга, кесипкөй болууга, кынтыксыз абройго ээ болууга, ошондой эле өзүнүн аброю менен жооп берүүгө даяр болууга жана кабыл алган чечимдер үчүн материалдык жоопкерчилик тартууга тийиш.

Көз карандысыз директорлор Директорлор кеңешинин ички аудит, тобокелдик-менеджменти жана башка системасы үчүн жооптуу комитеттерин түзүүгө жана алардын ишине активдүү катышат, ошондой эле аудиторлор (ички, тышкы), контролдоо органдары жана кызыкдар жактар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат. Көз карандысыз директор Банктан алган сый акынын бирден-бир формасы болуп Директорлор кеңешинде анын иши үчүн сый акы саналат.

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрүнө алардын көз карандысыздыгын аныктоочу белгилүү критерийлер коюлат. Көз карандысыздык деген талапкер шайланган учурда төмөнкүдөй экенин билдирет:

- акыркы беш жыл ичинде Банктын кызматкери же Банк менен байланыштуу юридикалык жактардын биринин кызматкери эмес жана болгон эмес;
- акыркы беш жыл ичинде Банк Башкармасынын мүчөсү же Банк менен байланыштуу юридикалык жактардын биринин Башкармасынын мүчөсү эмес жана болгон эмес;
- акыркы беш жыл ичинде Директорлор кеңешинин жыйындарына катышууга байланыштуу чыгымдардын ордун толтуруудан тышкары, Банктан же Банк менен байланыштуу адамдардан же алардын атынан түз же кыйыр түрдө эч кандай олуттуу кошумча сый акыларды, компенсацияларды, жөлөк пулдарды же кайыр-садагаларды алган эмес;
- акыркы беш жыл ичинде Банк же Банкка байланыштуу жактар менен түздөн-түз да, же өнөктөш катары да эч кандай олуттуу ишкердик байланыштары жок (анын ичинде кредиттерди, зайымдарды берүү жана алуу);
- акыркы беш жыл ичинде Банктын учурдагы же мурдагы тышкы аудиторунун же Банкка байланыштуу болгон жактардын өнөктөшү же кызматкери болгон эмес;
- Банкка олуттуу катышууну же контролду жүзөгө ашырбайт жана эч кандай жол менен Банкка олуттуу катышууну же контролду жүзөгө ашырган акционерди өкүлдөбөйт;
- акыркы беш жыл ичинде Банктын кызматкери же Банкка байланыштуу юридикалык жактардын биринин кызматкери эмес жана болгон эмес;
- акыркы төрт жыл аралыгында Банктын Директорлор кеңешинин курамына кирген эмес.

**Банктын Директорлор кеңешинин курамында – 2 көз карандысыз директор бар, алар жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүккө жана башкаруу ишинде чоң тажрыйбага ээ. Эки көз карандысыз директор тең – аялдар, алар Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитетти жана Аудит боюнча комитетти жетектейт.**

**Банктын Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөлөрү 2023-жылдын аягына карата абал боюнча көз карандысыз критерийлерине толук жооп беришет.**

# Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу

Банкта Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясат колдонулат.

Бул Саясат Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө КР конституциялык Мыйзамына, банктар жана банк иши жөнүндө КР Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

Саясат комплаенс-тобокелдикти башкаруунун бир бөлүгү болуп саналат жана Банктын бардык кызматкерлерине жайылтылат.

Саясат кызыкчылыктардын кагылышына жол берилбестигин камсыз кылуу, Банктын ишкердик аброюн сактоо жана колдоо, Банк тарабынан операциялык ишти жүргүзүү, милдеттерди ийгиликтүү чечүү жана Банктын алдына коюлган максаттарга жетүү максатында Банкта кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуу жана жөнгө салуу үчүн шарттарды аныктайт.

Саясат кызыкчылыктардын кагылышуусу жана коррупциялык схемалар келип чыгышы мүмкүн болгон кырдаалдардын жана иш чөйрөлөрүнүн алдын алуу, өз убагында аныктоо жол-жоболорун жана механизмдерин аныктайт; кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салууну (четтетүүнү), коррупцияга жол бербөөнү контролдойт жана көмөктөшөт, ошондой эле алардын кесепеттеринин алдын алууга багытталган чараларды белгилейт.
Кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча негизги милдеттерге төмөнкүлөр кирет:

- кызыкчылыктар кагылышынын алдын алуу жана Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактары, Башкарманын жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрү, жалпы кызыкчылыктагы жактар менен байланыштуу башка кызмат адамдары менен операцияларды жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын сакталышын камсыз кылуу;
- потенциалдуу кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруу принциптерин, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу механизмдерин жана кызыкчылыктардын кагылышы келип чыккан учурда Банктын кызматкерлеринин жүрүм-турум ченемдерин белгилөө;
- Банк тарабынан сактоо үчүн милдеттүү болгон кызыкчылыктардын кагылышын башкаруунун стандарттарын, анын ичинде потенциалдуу стандарттарды аныктоо.

2023-жылы Директорлор кеңешинин ишинде кызыкчылыктар кагылышы катталган эмес.

# Директорлор кеңешинин комитеттери

Ишти натыйжалуу уюштуруу үчүн Банктын Директорлор кеңешинин алдында 3 туруктуу иштеген комитет бар: Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет, Аудит боюнча комитет, Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык комитеттердин иши Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген Комитеттер жөнүндө жоболор менен жөнгө салынат жана Комитеттин курамы, компетенциясы жана функциялары, Комитеттин мүчөлөрүн шайлоо тартиби, Комитеттердин иш тартиби, ошондой эле алардын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндө жоболорду камтыйт.

## Аудит боюнча комитет

Банктын Директорлор кеңешинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана алар тарабынан кабыл алынган чечимдерди оптималдаштыруу, ошондой эле ички контроль, тышкы жана ички аудит системасына контролду күчөтүү, финансылык отчеттуулуктун аныктыгын жана Банк ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн.

## Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет

Тобокелдиктерди тескөө жаатында Банктын ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоодо, ошондой эле Банкта тобокелдиктерди тескөө системасынын талаптагыдай иштеши үчүн шарттарды түзүүдө Банктын Директорлор кеңешине көмөктөшүү максатында түзүлгөн.

## Дайындоолор жана сый акылар боюнча комитет

Башкарманын мүчөлөрүн, ички аудит, тобокелдик-менеджменти бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жана кызматкерлерин жана корпоративдик катчыны дайындоону жана сыйлоону контролдоо үчүн, ошондой эле Банк үчүн зарыл болгон компетенцияларга жана квалификацияларга ээ адамдарды тартуу, мотивация берүү жана кармап туруу үчүн жетиштүү болууга тийиш болгон Банк тарабынан төлөнүүчү сый акынын деңгээлин аныктоо максатында түзүлгөн.

2023-жылы Директорлор кеңешинин алдындагы Комитеттердин 50 жыйыны өткөн. 2023-жылы Директорлор кеңешинин алдындагы Комитеттердин жыйындарында туруктуу өнүгүү маселелери, анын ичинде жашыл каржылоо, биринчи жолу жашыл облигацияларды чыгаруу, экологиялык жана социалдык башкаруу системалары талкууланган.

# Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн окутууга жана кесиптик компетенциясын жогорулатууга карата Банктын мамилелери

Директорлор кеңешинин мүчөлөрү тышкы жана ички окутуу иш-чараларына (семинарларга/тренингдерге), конференцияларга (тегерек үстөлдөргө, форумдарга) катышуу менен өз квалификациясын жогорулатат.
2023–2024-жылдары Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрү төмөнкү иш-чараларга катышкан:

- “Аудиттин (АЭС) жана финансылык отчеттуулуктун (ФОЭС) эл аралык стандарттарындагы бардык өзгөртүүлөр боюнча прогрессивдүү практикум”. Уюштуруучу – “Alterra” окуу борбору.
- “Кесипкөй ички аудитор (IAPBE)”. Уюштуруучу – “Alterra” окуу борбору.
- “Корпоративдик башкаруу”. Уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Банктар бирлигинин окуу борбору.
- “АЭС жана ФОЭС бардык өзгөртүүлөрдү боюнча прогрессивдүү практикум”. Уюштуруучу – “Аудиторлор гильдиясы” ААК.
- “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү”. Уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын Окуу борбору.
- “Жашыл жана туруктуу каржылоо”. Уюштуруучу – Туруктуу өнүгүү академиясы.
- “Туруктуу өнүгүү үчүн корпоративдик башкаруу”. Уюштуруучу – Туруктуу өнүгүү академиясы.
- “Туруктуу өнүгүүнүн негиздери жана ESG”. Уюштуруучу – Туруктуу өнүгүү академиясы.



# Башкарма

Банктын Башкармасы Банктын акционерлеринин Жалпы чогулушунун жана Директорлор кеңешинин өзгөчө компетенциясына кирген маселелерден тышкары, компетенциясына Банктын күндөлүк ишин жетектөөгө байланыштуу маселелер кирген Банктын коллегиялуу башкаруунун аткаруу органы болуп саналат.

Башкарма Банктын аткаруу органы болуп саналат жана анын ишин ыкчам жетектөөнү ишке ашырат. Башкарманын курамына Башкарманын төрагасы, анын орун басарлары жана Директорлор кеңешинин чечими боюнча Башкарманын курамына киргизилген башка кызматкерлер кирет.

Бул Отчет 2024-жылдын 4-кварталында жарыяланганын эске алуу менен жана актуалдуу маалыматты берүү максатында Башкарманын курамы 2024-жылдын октябрына карата абал боюнча көрсөтүлгөн.

## Башкарманын курамы

**“ДОС-КРЕДОБАНК” ААКнын БАШКАРМАСЫНЫН КУРАМЫ**

### Эшбердиева Чолпон Молдалиевна
Башкарманын төрагасы

**Билими**

**1985–1990**
Кыргыз мамлекеттик университети.
Адистиги: “Финансы жана кредит”.
**1983–1985**
Финансы-экономикалык техникум.
Адистиги: “Банктардагы бухгалтердик эсеп”.

**Иш тажрыйбасы**

**2021 – азыркы убак**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Башкарманын төрагасы.
**2014–2021**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Башкарманын төрагасынын орун басары.

**2013–2014** “Кыргыз-Швейцария банкы” ЖАК.
Башкарманын мүчөсү.
**2012–2013** “Дос-Кредобанк” ААК.
Башкы бухгалтер.
**2007–2012** “Бай Түшүм жана Өнөктөштөр” МФК ЖАК.
Башкы бухгалтер.

**2004–2007** Пакистандын Улуттук банкынын Бишкек филиалы.
Ички аудитор.

**1995–2004** Пакистандын Улуттук банкынын Бишкек филиалы.
Ички аудитор.

**1990–1995** Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университети.
Финансы-экономикалык техникум.
Окутуучу.

### Городов Александр Андреевич
Башкарманын төрагасынын орун басары

**Билими**

**2003-2010**
Кыргыз-Россия Славян университети.
Факультет: “Финансы жана кредит”.
Адистиги: “Финансылык менеджмент”.

**Иш тажрыйбасы**

**2021 – азыркы убак**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Башкарманын төрагасынын орун басары.
**2009–2021**
“Дос-Кредобанк” ААК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:

- Башкарманын мүчөсү – Казыналык департаментинин директору;
- Казыналык департаментинин директору;
- “Берекет” филиалынын директорунун орун басары;
- Башкы дилер, Казыналыктын дилери;
- Операция бөлүмүнүн адиси.

**Ыбыкеева Аида Орозбековна**
Башкарманын мүчөсү

**Билими**
**1992-1996**
Кыргыз улуттук мамлекеттик университети.
Факультет: "Экономика жана менеджмент".
Адистиги: "Финансы жана кредит".

**Иш тажрыйбасы**
**2022 – азыркы убак**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Башкарманын мүчөсү.
**2020–2022** "Дос-Кредобанк" ААК.
Проекттерди башкаруу бөлүмүнүн начальниги.
**2019–2020** "Дос-Кредобанк" ААКнын Долбоорлорду башкаруу бөлүмүнүн начальниги.
**2013–2019** "Айыл Банк" ААК.
Төлөм системалары башкармалыгынын начальниги.
**2006–2013** "Демир Кыргыз Интернэшнл Банк" ЖАК. Карта операциялары жана тейлөө бөлүмүнүн начальниги.

**2002–2006** "Казкоммерцбанк Кыргызстан" ААК. Жетектөөчү бухгалтер/Эсепке алуу жана банктык операцияларды администрациялоо бөлүмүнүн Кредит администратору.

**1999–2002** АКБ "Толубай".
Кредиттик башкаруу бөлүмүнүн экономисти.
**1997–1999** Жогорку Кеңеш.
Депутаттын жардамчысы.
**1996–1997** АКБ "Кыргызстан".
Жалпы бөлүмдүн улук инспектору.

**Джумалиев Насир**
Башкарманын мүчөсү

**Билими**
**2007–2011**
Казакстан экономика менеджменти жана божомолдоо институту (КЭМБИ).
Факультет: "Бизнес-администрациялоо".
Адистиги: "Финансы".

**Иш тажрыйбасы**
**01.2024 – азыркы убак**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Башкарманын мүчөсү – Продукттарды иштеп чыгуу департаментинин директору.
**05.2023–12.2023**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Башкаруучу директор.
**2022–2023** "Дос-Кредобанк" ААК.
Башкарманын төрагасынын кеңешчиси.
**2021–2022** "СберВосток" ЖЧШ ("Сбербанк" ААКнын туунду уюму).
B2C өнүктүрүү боюнча жетекчи.
**2019–2021** Screen Software DMCC
БАЭдеги кеңсенин директору.
**2018–2019** ДБ "Альфа-Банк Казахстан" АК.
"Массалык бизнес" Блогунун лоялдуулук багытынын жетекчиси.
**2015–2018** Dar Ecosystem компаниялар тобу. Product Owner.

**Алыбаева Индрахан Ташыбековна**
Башкарманын мүчөсү

**Билими**
**1986–1992**
Кыргыз улуттук университети (мурда СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУ).
Адистиги: "Экономист"
**1981–1984**
Фрунзе финансы-экономикалык техникуму.
Адистиги: "Финансист".

**Иш тажрыйбасы**
**01.01.2024 – азыркы убак**
"Дос-Кредобанк" ААК.
Башкарманын мүчөсү – Башкаруучу директор.
**2022–2023** "Дос-Кредобанк" ААК.
Башкаруучу директор – Башкы бухгалтер.
**2019–2022** "Дос-Кредобанк" ААК.
Башкы бухгалтер.
**2019** "БТА Банк" ЖАК.
Башкарманын төрагасынын финансы маселелери боюнча кеңешчиси.
**2000–2019** САКБ Эридан, "ИНЭКСИМБАНК" ЖАК, "БТА Банк" ЖАК.
Ар кандай кызматтарды ээлеген:
- Башкы бухгалтер-БЭ департаментинин начальниги, Башкарманын мүчөсү;
- Бухгалтердик эсеп жана башкы бухгалтердин отчеттуулугу департаментинин начальниги;
- Башкы бухгалтердин орун басары, Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын начальниги;
- Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башкы адиси;
- Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн адиси.

**1999–2000** "Мед экспресс плюс" ЖЧК.
Бухгалтер.
**1998–1999** **Биринчи май району боюнча МСИ. Маалыматтык-аналитикалык бөлүмүнүн мамлекеттик салык инспектору**

**1997–1998** Тоо-лыжа спорту жана теннис боюнча БӨСМ.
Бухгалтер-кассир.
**1994–1997** "Токтогул аймактык казыналык бөлүмү".
Ар кандай кызматтарды ээлеген:
- Башкы адис;
- Башчынын орун басары.

**1984–1994** "Токтогул райондук финансы бөлүмү".

Ар кандай кызматтарды ээлеген:
- Башкы бухгалтер;
- Башкы бухгалтердин орун басары;
- Улук экономист;
- Экономист.

# Маалыматты ачыкка чыгаруу

“Дос-Кредобанк” ААК өз ишинде маалыматтык ачыктык жана айкындуулук принциптерин сактайт.

Банк жана анын иши жөнүндө маалыматты ачыкка чыгаруунун ачык-айкындуулугу жана объективдүүлүгү Банктын Корпоративдик башкаруу кодексинде бекитилген корпоративдик башкаруунун негизги принциптеринин бири болуп саналат.

Банктын Корпоративдик башкаруу кодексине ылайык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички документтеринде белгиленген тартипте Банктын акционерлерине жана инвесторлоруна (анын ичинде потенциалдуу) тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон банк жана анын иши жөнүндө маалыматтарга эркин жетүү мүмкүнчүлүгү берилет.

Банк өз ишинин негизги жыйынтыктары, пландары жана перспективалары жөнүндө маалыматты өз убагында ачыкка чыгарат, ал анын акционерлеринин жана инвесторлорунун укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн.

Кызыкдар тараптар менен ишенимдүү мамилелерди түзүү максатында Банк төмөнкүлөргө ылайык өз иши жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптары;
- Банктын Корпоративдик башкаруу кодексинде жана башка ички документтерде белгиленген маалыматтарды ачыкка чыгаруунун жана берүүнүн негизги принциптери.

Кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүн камтуу үчүн Банк маалыматты өзүнүн www.dcb.kg расмий сайтында жарыялоо менен ачыкка чыгарат.

# Тобокелдиктерди тескөө

## Тобокелдиктерди тескөө концепциясы

“Дос-Кредобанк” ААКда тобокелдиктерди тескөө процесси Банктын бизнес-процесстери жана операциялары менен ажырагыс байланышта жана мүмкүн болуучу чыгымдарды минималдаштырууга мүмкүндүк бере турган Банктын конкреттүү чечимдерин жана аракеттерин аныктоого багытталган.

Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору рыноктук кырдаалдын өзгөрүшүн чагылдыруу, Банктын продукттарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өркүндөтүү максатында, ошондой эле тобокелдиктерди тескөөнүн заманбап тажрыйбаларын киргизүүнү эске алуу менен Банкта туруктуу негизде кайра каралып турат.

Банкта Банктык тобокелдиктерди тескөө концепциясы кабыл алынган, ал Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык иштелип чыккан.

Тобокелдиктерди тескөө концепциясы бизнестин керектөөлөрүнүн негизинде тобокелдиктерди тескөө, кардарларды тейлөө сапатын жогорулатуу, Банктын ар кандай бөлүмдөрүнүн тобокелдиктерди тескөө боюнча аракеттерин бириктирүү жаатындагы артыкчылыктарды аныктайт.

Тобокелдиктерди тескөө концепциясы Банктын тобокелдигинин ар бир түрү үчүн өзүнчө иштелип чыккан саясаттарды карайт.


**Банкта тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максаттары:**

- **Банктын финансылык ишенимдүүлүгүн шартсыз камсыз кылуу;**
- **тобокелдиктердин тескелүүчү деңгээлин кабыл алууда Банктын максималдуу кирешелүүлүгүнө жетишүү;**
- **тобокелдиктерди тескөөнүн интеграцияланган тутумун түзүү.**

## Коюлган максаттарга жетүү төмөнкү негизги милдеттерди чечүү аркылуу камсыздалат:

- **тобокелдиктерди өз убагында идентификациялоо жана классификациялоо;**
- **Банктын тобокелдик-профилине ылайык тобокелдиктерди өлчөө, баалоо жана талдоо;**
- **тобокелдиктердин деңгээлин чектөө, Банктын күтүлбөгөн окуяларын жана жоготууларын азайтуу;**
- **Банктын деңгээлинде тобокелдиктерди бирдиктүү түшүнүүнүн жана кабыл алынган тобокелдиктин деңгээлин эске алуу менен пландарды жана стратегияларды камсыз кылуунун аркасында атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу;**
- **кабыл алынган тобокелдиктерди адекваттуу баалоо жана башкаруу аркылуу сунушталган продукттарды тандоону кеңейтүүдө туруктуулукту сактоо.**

Биздин бардык кызматкерлерибиз Банктын финансылык абалына алардын таасирин минималдаштыруу максатында тобокелдиктерди тескөөгө жана контролдоого багытталган Банктын процесстерин, жол-жоболорун жана ички эрежелерин түшүнүүсүнө жана кабыл алуусуна умтулабыз. Биздин кызматкерлерибиз учурдагы жана потенциалдуу тобокелдиктерди ачык талкуулашат жана аларга жооп беришет, ошондой эле аларды этибарга албоого чыдамсыздыкты көрсөтөт.




# Тобокелдиктер картасы

"Дос-Кредобанк" ал кабылган тобокелдиктердин түрлөрүн талдоого негизделген тобокелдиктерди ички классификациялоо системасын пайдаланат.

**Банктын тобокелдиктер картасына аныкталган жана артыкчылыктары боюнча иретке келтирилген төмөнкү тобокелдиктердин түрлөрү киргизилген:**

1. операциялык тобокелдик
2. инновациялык технологиялар тобокелдиги
3. маалыматтык коопсуздук тобокелдиги
4. кредит тобокелдиги
5. долбоорлорду ишке ашыруу тобокелдиги
6. ликвиддүүлүктү жоготуу тобокелдиги
7. стратегиялык тобокелдик
8. ишкердик аброюн жоготуу тобокелдиги
9. комплаенс-тобокелдик
10. рыноктук тобокелдик
11. өлкөлүк тобокелдик

## БАНКТЫН ТОБОКЕЛДИКТЕР КАРТАСЫ



# БАНКТЫН ТОБОКЕЛДИКТЕРИНИН РЕЕСТРИ

## ОПЕРАЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Тышкы окуялардан, персоналдын катачылыктарынан, алдамчылыктан улам келип чыккан операциялардагы үзгүлтүктөрдүн натыйжасында, ошондой эле процесстердин, жол-жоболордун же контролдоо системасынын шайкеш эместигинин же бузулушунун натыйжасында Банк дуушар болгон түз же кыйыр чыгым тартуу тобокелдиги.

### Негизги иш-чаралар

- Операциялык тобокелдиктерди башкаруу жаатында натыйжалуу ички контролдоо тутумун сактоо.
- Жөнөкөй жана натыйжалуу документ жүгүртүүнү уюштуруу.
- АБСга маалыматтарды киргизүү/чыгаруу баскычтарында маалыматты башкаруу жана контролдоо процесстерин максималдуу автоматташтыруу.
- Маалымат тутумуна уруксатсыз кирүүдөн коргоону иштеп чыгуу.
- Ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө.
- Персоналдын квалификациясын жогорулатуу жана өнүктүрүү программасы.
- Операцияларды формалдаштыруу жана автоматташтыруу.
- Банк кызматкерлеринин укуктарын жана жоопкерчиликтерин берүү.

## МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУК ТОБОКЕЛДИГИ

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Маалыматты коргоо тутумунун жана/же маалыматка жетүү тартибинин жоктугу (жетилбегендик), Банк ичиндеги маалымат агымдарынын туура эмес уюштурулушу, финансылык зыяндардын келип чыгышына, аброй тобокелдигинин жана тобокелдиктердин башка түрлөрүнүн ишке ашырылышына алып келиши мүмкүн болгон маалыматтык коопсуздукту тышкы арам ойлуу жана арам ойлуу эмес бузуучулар.

### Негизги иш-чаралар

- Маалыматтар менен иштөөдө аларга берилген укуктардын жана ыйгарым укуктардын чегинде кызматкерлердин ката кетирүү жана бузуу мүмкүнчүлүгүн азайтууга багытталган технологиялык чечимдер жана ыкмалар.
- Коопсуздук коркунучтарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн кыйла кыйындатуу же жокко чыгаруу же алар ишке ашырылган учурда жоготуулардын өлчөмүн азайтуу үчүн маалыматтарды иштеп чыгуу тутумунун иштөө процесстерин, анын ресурстарын пайдаланууну, тейлөөчү персоналдын ишин, ошондой эле колдонуучулардын жана тейлөөчү персоналдын тутум менен өз ара аракеттенүү тартибин жөнгө салуучу, административдик жана жол-жобо мүнөзүндөгү чаралар.
- Физикалык - потенциалдуу бузуучулардын тутумдун компоненттерине жана корголгон маалыматтарга кирүү жана жетүү мүмкүн болгон жолдорунда физикалык тоскоолдуктарды жаратуу үчүн атайын арналган механикалык, электр же электрондук-механикалык түзүлүштөрдү жана курулмаларды, ошондой эле визуалдык байкоо, байланыш жана күзөт сигнализация каражаттарын колдонууга негизделген.
- Ар кандай электрондук түзүлүштөрдү жана атайын программаларды колдонууга негизделген жана коргоо функцияларын техникалык коргоо чараларын аткарат.
- Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун натыйжалуу жөнгө салуучу документтерин түзүү.
- Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча талаптарды унификациялоо.
- Маалыматтык коопсуздуктун аудити.
- Криптографиялык маалыматтарды коргоо.
- Маалыматтарды жана колдонмолорду резервдик көчүрүү жана башкалар.

## ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ТОБОКЕЛДИГИ

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Банктын ишинде жаңы бизнес-моделдердин иштөөсүнүн тобокелдиктери, ошондой эле инновациялык процесстерди жетиштүү оптималдаштырбаган учурда финансылык жоготуулардын келип чыгуу ыктымалдыгы.

### Негизги иш-чаралар

- Сабаттуу кадр саясаты, инновациялык технологиялар чөйрөсүндө банк менеджерлеринин жогорку кесипкөйлүгү.
- Технологиялык процесстерди жана маалыматты коргоо тутумдарына инвестициялоо.
- Стратегиялык пландоонун бөлүгү катары инновациялык саясат концепциясын жана жаңы финансылык жана уюштуруу-экономикалык инструменттерди киргизүүнүн аркасында Банктын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын жыйындысын иштеп чыгуу.
- Инновациялык технологиялар тутумун өнүктүрүүнү уюштуруу-укуктук камсыздоо жана башка иш-чаралар.

## КРЕДИТТИК ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Кардарлар тарабынан келишимдин мөөнөттөрүнө жана шарттарына ылайык өз милдеттенмелерин аткарбагандык тобокелдиги, анын натыйжасында Банк үчүн финансылык жоготуулар болушу мүмкүн.

### Негизги иш-чаралар

- Кредиттик тобокелдиктин өлчөмүн эсептөө.
- Кредиттик чечимдерди кабыл алуу, маалымат менен камсыз кылуу жана кредиттик процесс үчүн кадрларды тандоо процессин жакшыртуу.
- Уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү.
- Маалыматтык технологияларды колдонуу.
- Көйгөйлүү кредиттерди сапаттуу башкаруу.
- Кредит портфелинин сапатын контролдоо.
- Резервдөө жана лимиттөө.
- Кредит портфелин диверсификациялоо.
- Кызматкерлердин ыйгарым укуктарын чектөө жана башка иш-чаралар.

## ДОЛБООРЛОРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ТОБОКЕЛДИГИ

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Долбоордун ийгиликтүү аякташына таасир этиши мүмкүн болгон жагымсыз окуялардын же шарттардын потенциалдуу коркунучун же мүмкүнчүлүгүн билдирет. Бул тобокелдиктер ар кандай булактардан, анын ичинде техникалык, убакыт, финансылык, адамдык жана тышкы факторлордон келип чыгышы мүмкүн.

### Негизги иш-чаралар

- Долбоордун үзгүлтүксүз серептери жана аудиттери.
- Резервдик иш-аракеттер пландарын иштеп чыгуу.
- Эксперттик баалоолорду колдонуу.
- Сактык чараларын иштеп чыгуу.
- Технологиялык чечимдерди колдонуу.
- Тышкы жеткирип берүүчүлөрдү талдоо жана башкаруу.
- Долбоорго мониторинг жүргүзүү жана контролдоо тутумдарын киргизүү.
- Буйрутма берүүчүнүн үзгүлтүксүз талкууга катышуусу.
- Тобокелдиктерди тескөө боюнча долбоордун командасын окутуу.
- Так коммуникациялык жол-жоболорду белгилөө.
- Долбоордун тобокелдиктер реестрин үзгүлтүксүз жаңыртуу.
- Сценарийлик талдоо жүргүзүү.
- Долбоорду декомпозициялоо ыкмаларын колдонуу.

## ЛИКВИДДҮҮЛҮКТҮ ЖОГОТУУ ТОБОКЕЛДИГИ

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Жагымсыз жоготууларга учурабоо үчүн милдеттенмелерин өз убагында аткарууга жөндөмсүз болгон учурда Банк дуушар болушу мүмкүн болгон жоготуу тобокелдиги (б.а. активдерди сатуу аркылуу гана ликвиддүүлүккө жетишүү, бул жагымсыз жоготууларга алып келет).

### Негизги иш-чаралар

- Мөөнөтү боюнча топтоштурулган талаптарды жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөтүндөгү ажырымды талдоо.
- Айрым инструменттер жана (же) мөөнөттөр боюнча каражаттарды тартуу/жайгаштыруу лимиттерин жана чендерин белгилөө.
- Банктын ликвиддүүлүгүн калыбына келтирүү боюнча сценарийлерди жана иш-чараларды иштеп чыгуу.
- Ликвиддүүлүктү тескөө боюнча белгиленген жол-жоболордун аткарылышын контролдоо.
- Коэффициенттик талдоо.
- Жөнгө салуучу тарабынан белгиленген ликвиддүүлүк ченемдеринин аткарылышын контролдоо.
- Банктын милдеттенмелерин толук жабуу үчүн жетиштүү өлчөмдө белгилүү учурдагы ликвиддүүлүктүн белгилүү бир резервин сактоо.
- Активдердин жана пассивдердин түзүмүндөгү мөөнөттөр жана валюталар боюнча ажырымдарды чектөө үчүн лимиттерди киргизүү.
- Банктын түзүмдүк ликвиддүүлүгүн борборлоштурулган башкаруу.
- Пассивдерди жана активдерди диверсификациялоо.

## СТРАТЕГИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Стратегиялык башкаруудагы каталардан улам Банкта чыгымга учуроо тобокелдиги. Бул каталар стратегиялык чечимдерди кабыл алууда Банктын ишине мүмкүн болуучу коркунучтар жөнүндө объективдүү аналитикалык маалыматтын жоктугу, банктык операциялардын перспективалуу өнүгүү факторлорун туура эмес аныктоо менен байланыштуу, бул Банкка атаандаштык артыкчылыктарын алууга мүмкүндүк бербейт.

### Негизги иш-чаралар

- Коомдо пайда болгон бардык тенденцияларга мониторинг жүргүзүү жана талдоо.
- Банктын Директорлор кеңешинде система түзүүчү окуяларды өз убагында талкуулоо жана аларга адекваттуу жооп кайтарууну иштеп чыгуу, ошондой эле өз ишин стратегиялык пландаштыруу жана узак мөөнөттүү болжолдоо.
- Тобокелдикке мониторинг – кайтарым байланыш механизми менен тобокелдикти баалоонун жана контролдоонун үзгүлтүксүз көз карандысыз системасы.
- Стратегиялык тобокелдиктин алгылыктуу деңгээлин белгилөө (тобокелдик-табит).
- Терс тенденциянын келип чыгуу баскычында стратегиялык тобокелдикти тескөө тутумун, ошондой эле стратегиялык тобокелдиктин Банк үчүн олуттуу өлчөмдөргө жетүүсүнүн алдын алууга (тобокелдикти минималдаштырууга) багытталган тез жана адекваттуу жооп кайтаруу тутумун түзүү.
- Тышкы жана ички факторлор өзгөргөн учурда Банктын стратегиясына ыкчам өзгөртүүлөрдү киргизүү.
- Натыйжалуу маалыматтык камсыздоо.

## ИШКЕР АБРОЙДУ ЖОГОТУУ ТОБОКЕЛДИГИ

### Тобокелдиктин сүреттөлүшү

Кардарлар, контрагенттер, акционерлер (катышуучулар), ишкер өнөктөштөр, жөнгө салуучу органдар жана башкалар тарабынан Банктын имиджин жагымсыз кабыл алуудан улам кредиттик уюмда чыгашалардын пайда болуу тобокелдиги.

- Жогорку кесиптик жана этикалык стандарттар боюнча иш регламентин түзүү.
- Ички ченемдик базаны түзүү, аны сактоо
- Банк кызматкерлери менен кардарлардын, контрагенттердин ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгарат.
- Банктын кызматкерлеринин, акционерлеринин жана алардын аффилирленген жактарынын мыйзамдарды, анын ичинде банктык мыйзамдарды сактоосуна туруктуу контроль жүргүзүү.
- Жалпысынан Банк ишинин көрсөткүчтөрүнө тобокелдик факторлорунун таасирин талдоону жүзөгө ашыруу.
- Банктын кардарларынын жана контрагенттеринин тапшырмасы боюнча эсептешүүлөрдүн өз убагында жүргүзүлүшүн камсыз кылуу.
- Финансылык отчеттордун жана башка жарыяланган маалыматтардын анныктыгын контролдоо.
- Банктын кызматкерлеринин квалификациясын туруктуу жогорулатууну камсыз кылуу.

## КОМПЛАЕНС-ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүреттөлүшү

Банк жана анын кызматкерлери тарабынан мыйзамдардын, КРУБ ченемдик укуктук актыларынын, Банктын ички документтеринин, анын ичинде кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү боюнча ички контролду уюштурууну, Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана финансы рыногунда операцияларды жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салган талаптарынын, ошондой эле Банктын ишине таасирин тийгизүүчү чет мамлекеттердин мыйзамдарынын сакталбагандыгынан улам жоготуулардын келип чыгуу ыктымалдыгы.

### Негизги иш-чаралар

- Келишимдердин жана документтердин экспертизасы.
- Мыйзамдарга мониторинг.
- Ички макулдашуу жол-жобосу.
- Комплаенс-тобокелдикти чектөөгө көмөктөшкөн корпоративдик маданиятты киргизүү.
- Мыйзам ченемдерине жана Банктын ички документтерине ылайык келүүсү үчүн отчеттуулукту жана жоопкерчиликти так аныктоо.
- Бардык мыйзамдардын жана жоболордун ырааттуу сакталышын камсыз кылган жол-жоболорду камтыган комплекстүү түзүмдү (планды) иштеп чыгуу.
- Потенциалдуу комплаенс-тобокелдик предметине ар кандай жаңы банк продукттарына же иштин түрлөрүнө талдоо жүргүзүү боюнча талап.
- Банктын персоналын Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдери, Банктын ишине таасирин тийгизген эрежелер жана жоболор боюнча окутуу.
- Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди адалдоого жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү саясатын киргизүү.
- Белектерди кабыл алуу жана берүү саясатын киргизүү.
- Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуучу саясатты киргизүү.
- Кардарларды, контрагенттерди жана товарларды/кызматтарды жеткирүүчүлөрдү тийиштүү изилдөө саясаты; Даттанууларды кабыл алуу жана карoo принциптери;
- Персоналды окутуу саясаты жана башка ички документтер сыяктуу башка саясаттар.

## РЫНОКТУК ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

Рыноктук пайыздык чендердин, алмашуу курстарынын, акцияларга жана/же товарларга баалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында Банктын балanстык жана баланстан тышкары активдеринин жана милдеттенмелеринин наркы жагымсыз өзгөргөн учурда Банк дуушар болгон жоготуулар тобокелдиги.
Пайыздык, валюталык, баа тобокелдиктерин камтыйт.

### Негизги иш-чаралар

- Рыноктук тобокелдикти баалоо процессин жөнгө салуучу жол-жоболор.
- Дилерлерге ачык позициялардын жеке лимиттерин белгилөө.
- Лимиттерди белгилөө жана сактоо.
- Жүргүзүлүп жаткан операциялар боюнча ыйгарым укуктарды, бекитүү тартибин жана отчеттуулукту чектөө.
- VaR-талдоо, стресс-тестирлөө, отчеттор, гэп-талдоо.

## ӨЛКӨЛҮК ТОБОКЕЛДИК

### Тобокелдиктин сүрөттөлүшү

- Өлкөлүк тобокелдик – бул чет мамлекеттин же чет мамлекеттин резидентинин төлөөгө жөндөмсүздүгүнөн же финансылык тобокелдиктерге байланышпаган себептерден улам Банктын алдындагы өз милдеттенмелери боюнча жооп берүүнү каалабагандыгынан улам чыгашалардын (чыгымдардын) пайда болуу тобокелдиги.
- Саясий тобокелдик – бул мамлекеттик саясаттын кесепети болуп саналган жоготуулардын пайда болуу же кирешелердин кыскаруу мүмкүнчүлүгү.
- Экономикалык тобокелдик – экономикалык тобокелдиктин рейтинги өлкөнүн узак мөөнөттүү жалпы экономикалык өнүгүүсүн жана өлкөнүн тышкы карыздын белгилүү бир деңгээлин тейлөөгө жөндөмдүүлүгүн баалоо каражаты катары анын потенциалын өлчөйт.
- Которуу тобокелдиги – өлкөнүн төлөм балансынын ликвиддүүлүгү анын туруктуу улуттук акча бирдигине (конвертацияланууучу) ээ болушу жана тышкы карыз боюнча төлөмдөрдү камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

### Негизги иш-чаралар

- Негизги банктык операцияларды жана бүтүмдөрдү стандартташтыруу.
- Контрагенттерге тиешелүү ички документтердеги жана жол-жоболордогу өзгөрүүлөрдү макулдашуунун ички тартибин белгилөө.
- Туруктуу негизде өлкөлүк тобокелдикти аныктоо жана алдын алуу максатында КР мыйзамдарынын жана колдонуудагы ченемдик актылардын өзгөрүүлөрүнө мониторинг жүргүзүү.
- Банктын кызматкерлеринин мыйзамдар, Банктын ички документтери боюнча актуалдуу маалыматтарга туруктуу жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу.
- Лимиттерди белгилөө.
- Контрагент-өлкөлөрдүн кредиттик рейтингдерин баалоо, мониторинг жүргүзүү.

# Тобокелдиктерди тескөөнүн корпоративдик тутумунун уюштуруу түзүму

## БАНКТЫН ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ:

- Банкта натыйжалуу корпоративдик башкарууну киргизүү;
- Банктын уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү;
- Банктын тобокелдик-табитин кароо жана бекитүү;
- жылдык бюджетти жана стратегиялык өнүгүү планын бекитүү;
- тобокелдиктерди тескөө талаптарын жөнгө салуучу ички ченемдик документтерди бекитүү;
- Банктын операцияларын жүргүзүүгө лимиттерди жана чектөөлөрдү бекитүү;
- Банкта натыйжалуу ички контролдоо тутумун түзүү.

### Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет

- колдонуудагы тобокелдиктерди тескөө тутумунун натыйжалуулугун баалоо;
- Директорлор кеңешине бекитүүгө Башкарма же Тобокелдик-менеджменти кызматы тарабынан чыгарылган банктык тобокелдиктерди тескөө боюнча ички документтерди кароо;
- Банкта тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча ТМК, Комплаенс-контролдоо кызматы, Ички аудит кызматы жана тышкы аудитор менен өз ара аракеттенүү;
- Банктын Директорлор кеңеши үчүн, анын ичинде колдонуудагы тобокелдиктерди тескөө тутумдарынын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу / даярдоо.

### Башкарма

- Банкта тобокелдиктерди тескөө тутумунун иштешин камсыз кылуу;
- тиешелүү жол-жоболорду жана эрежелерди бекитүү, анын ичинде укуктарды жана жоопкерчиликтерди, лимиттердин жалпы өлчөмдөрүн белгилөө жана зарыл болгон учурда тобокелдиктерди тескөө жол-жоболорун кайра карап чыгуу (жылына кеминде бир жолу);
- тобокелдиктерди идентификациялоо, баалоо боюнча ишти уюштуруу;
- олуттуу тобокелдиктерди тескөө, жол-жоболорду сактоо жана тобокелдиктерди тескөөгө контролду камсыз кылуу боюнча Директорлор кеңешине өз убагында, анык жана толук отчетторду берүү;
- Директорлор кеңешине Банкта тобокелдиктерди тескөө концепциясына жана саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгына байланыштуу сунуштамаларды берүү.

### Тобокелдик-менеджмент кызматы (тобокелдиктерди тескөө боюнча жоопкерчиликтүү түзүмдүк бөлүм)

- тобокелдиктердин ээлеринин алдында тобокелдиктерди тескөө тутумун куруу жана өнүктүрүү чөйрөсүндө милдеттерди коюу жана алардын аткарылышын контролдоо;
- Банктын жетекчилигин тобокелдик маселелери боюнча маалыматтык-аналитикалык камсыз кылууну жүзөгө ашыруу;
- Банкта тобокелдиктерди тескөө процесстерин жөнгө салган ички ченемдерди жана башка документтерди иштеп чыгуу;
- Банктын тобокелдиктеринин бардык түрлөрүн көз карандысыз баалоо, контролдоо жана мониторинг жүргүзүү;
- бекитилген тобокелдик-табитине, тобокелдиктер боюнча лимиттерге жана капиталга жана ликвиддүүлүккө муктаждыктарга ылайык тобокелдиктерди кабыл алуу жана тобокелдикке дуушар болуу боюнча ишке туруктуу мониторинг жүргүзүү.

# ESG-тобокелдиктерди тескөө

## ОТЧЕТТУК МЕЗГИЛДЕН КИЙИНКИ ОКУЯ

Банкта ESG-тобокелдиктерди тескөөнүн максаты банк иши айлана-чөйрөгө жана коомго тийгизиши мүмкүн болгон терс таасирди төмөндөтүү, ошондой эле узак мөөнөттүү перспективада туруктуулукту түзүү болуп саналат.

2024-жылы Банкта ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясат кабыл алынган, ал Туруктуу каржылоо факторлору менен байланыштуу финансылык тобокелдиктерди (ESG-тобокелдиктерди) аныктоо, мониторинг жүргүзүү жана ачыкка чыгаруу боюнча сунуштамаларга ылайык иштелип чыккан.

ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясат Банкта ыйгарым укуктарды берүүнү, тобокелдиктердин критикалык маанисин аныктоону жана баалоону камтыган жоопкерчиликтин бирдиктүү тутумун түзүүнү карайт, Банкта ESG-тобокелдиктерди тескөөнүн максаттарын, милдеттерин жана принциптерин аныктайт.

ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын белгиленген эрежелеринин жана жол-жоболорунун сакталышына контролдоо Банктын ички контролдоо тутумунун алкагында жүргүзүлөт. Контролду Директорлор кеңеши, Банктын Башкармасы, Ички аудит кызматы, Тобокелдик-менеджмент кызматы, ошондой эле чечимдери ESG-тобокелдик деңгээлине таасир этүүчү бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери ишке ашырат.

### Банкта ESG-тобокелдиктерди тескөө өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- **Тобокелдиктерди баалоо жана идентификациялоо**
  Банк өз ишине талдоо жүргүзөт, экологиялык, социалдык жана башкаруучулук аспекттерге байланыштуу потенциалдуу тобокелдиктерди аныктайт.
- **ESG-факторлорду стратегияга интеграциялоо**
  Банк ESG-факторлорун эске алган стратегияны иштеп чыгат жана аларды өзүнүн бизнес-процесстерине жана чечимдерди кабыл алуусуна киргизет.
- **Жол-жоболорду иштеп чыгуу**
  Банк ESG-тобокелдиктерди тескөө үчүн жол-жоболорду, анын ичинде стандарттарды сактоого карата талаптарды, тобокелдиктерди баалоо жана мониторинг жүргүзүүнү, кызматкерлерди окутууну жана башка иш-чараларды иштеп чыгат.
- **Өлчөө жана отчеттуулук**
  Банк ESG-факторлордун контекстинде өзүнүн өндүрүштүк жана финансылык ишин баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн механизмдерди белгилейт.

Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди сарамжалдуу башкарууга жана туруктуу өнүгүүгө жактоочулугунун алкагында Банк Жашыл климаттык фонддун талаптарына ылайык Экологиялык жана социалдык башкаруу тутумун киргизет.

ESG-тобокелдиктердин таасирин баалоо комплекстүү болуп саналат жана Банктын жалпы тобокелдиктерди: кредиттик, рыноктук, операциялык жана башка тобокелдиктин түрлөрүн тескөө тутуму менен интеграцияланган.

ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатка ылайык кредиттик тобокелдиктерди тескөө кредиттөөнүн бардык этаптарында, секторлордун жана географиялык райондордун тобокелдиктер профилинде, тобокелдиктерди классификациялоо жол-жоболорунда, күрөөнү баалоодо ESG-тобокелдиктерди эске алышы керектиги каралган.

Банк экономиканы туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү үчүн салттуу ишканаларга да, экологиялык таза уюмдарга да карыздык колдоо көрсөтүү менен, ESG-тобокелдиктерди эске алууга умтулат.

ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатка ылайык кыска жана орто мөөнөттүү перспективада Банк төмөнкү иш-чараларды аткарат:

- Потенциалдуу финансылык кесепеттерди баалоо жана тиешелүү чараларды көрүү үчүн климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу тобокелдиктерди идентификациялоо жана баалоо процессин жүргүзөт. Анын ичинде, суу ташкыны, кургакчылык, бороон, бурганак, куюн, сел, жер көчкү, кар көчкү жана башка жаратылыш кырсыктары жана температуранын өзгөрүшү сыяктуу климаттык тобокелдиктерге аялуулугун баалоо ж.б.
- Банктын тобокелдиктерин идентификациялоонун жана баалоонун, анын ичинде аялуулукту төмөндөтүү үчүн чараларды көрүүнүн, жашыл экономика боюнча долбоорлорго инвестицияны кеңейтүүнүн, климаттык сценарийлердин негизинде эсептөөнүн жана маалыматтарды жана отчеттуулукту башкарууну жакшыртуунун негизинде тобокелдиктерди тескөө стратегиясын иштеп чыгат.
- Экономиканын ар кандай секторлоруна, коомго жана табигый экотутумдарга таасир этүүчү климаттык өзгөрүүлөрдүн потенциалдуу кесепеттерин баалоо үчүн Банк мүмкүн болуучу келечектеги климаттык шарттарды жана алардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин моделдеген ар кандай сценарийлерди иштеп чыгууга жана талдоого негизделген сценарийлик талдоону колдонот.

ESG-тобокелдиктерди тескөө боюнча саясатты ишке ашыруу жөнүндө кененирээк биздин келечектеги отчетторубузда айтып беребиз.

DOSCREDOBANK



# ТИРКЕМЕЛЕР

# 1-тиркеме. Отчет жөнүндө

## Жалпы маалымат

“Дос-Кредобанк” ААКнын 2023-жыл үчүн Туруктуу өнүгүү жөнүндө отчету (мындан ары – Отчет) Банктын операциялык иши жөнүндө маалыматты, ошондой эле туруктуу өнүгүүнү башкаруу жаатындагы Банктын артыкчылыктары жана жетишкендиктери жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарган биринчи отчет болуп саналат.

Отчетто 01.01.2023–31.12.2023 мезгилдеги Банктын иши берилген. Документ отчеттук мезгилдин чегинен чыккан, бирок түздөн-түз аны менен байланыштуу болгон маанилүү фактыларды, ошондой эле Банктын орто мөөнөттүү келечекке пландарын камтыйт. Документ кызыкдар тараптардын (стейкхолдерлер) кеңири чөйрөсүнө, анын ичинде: акционерлерге, менеджментке, персоналга, кардарларга, жеткирип берүүчүлөргө, өнөктөштөргө, мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнө, ЖМКга, ошондой эле бардык башка стейкхолдерлерге арналган.

Банктын отчету расмий сайтта жеткиликтүү https://www.dcb.kg/ru/

Финансылык көрсөткүчтөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сом менен көрсөтүлгөн. Көрсөткүчтөр бириктирилген финансылык отчетко шайкеш келет.

Отчетто “Дос-Кредобанк” ААКны белгилөө үчүн “Банк”, “Биз” терминдери колдонулган.

## Отчеттун түзүмү

Отчет төмөнкү темалар боюнча Банктын ишин сүрөттөөнү камтыйт:

- Банкты өнүктүрүү стратегиясы жана бизнес-модели;
- Корпоративдик башкаруу;
- тобокелдиктерди тескөө;
- жоопкерчиликтүү ишкердик тажрыйба, адам укуктарын сактоо, тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, коррупцияга каршы күрөшүү;
- туруктуу өнүгүү жаатындагы ишти башкаруу;
- стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү;
- персоналды башкаруу, өнүктүрүү, окутуу жана кызматкерлер менен өз ара аракеттенүү;
- коопсуз жана жакшы эмгек шарттарын камсыз кылуу;
- жоопкерчиликтүү жана жашыл каржылоо;
- айлана-чөйрөгө кам көрүү, климаттын өзгөрүшү менен күрөшүүгө салым кошуу;
- жергиликтүү коомчулуктарды колдоо жана өнүктүрүү.

# Маанилүү темаларды аныктоо процесси

Отчетто эң актуалдуу темаларды ачып берүү үчүн Банк тарабынан ички жана тышкы чөйрөгө серептин негизинде жана стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүүнүн негизинде GRI 3: Маанилүү темалар 2021 стандарттарында көрсөтүлгөн айрым көрсөткүчтөр жана темалар боюнча туруктуу өнүгүүнүн олуттуу аспекттерине талдоо жүргүзүлгөн.

Банк тарабынан маанилүү темаларды баалоо процесси жүргүзүлгөн, ал төмөнкү этаптарды камтыган:

**1. Отчеттуулук чөйрөлөрүн аныктоо.**

Кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен, отчеттук мезгилдеги туруктуу өнүгүү контекстинде Банктын ишине талдоо жүргүзүлгөн.

**2. Темаларды талдоо жана идентификациялоо.**


Наркты түзүүнүн бардык чынжырчасынын алкагында эл аралык стандарттарга жана финансылык эмес отчеттуулуктагы мыкты практикаларга ылайык маанилүү темаларды аныктоо үчүн комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн:

- Банк сектору боюнча SASB тармактык стандартына киргизилген темалар;
- 4 окшош уюмдун ишинде маанилүү темаларды Бенчмарк ачыкка чыгаруу (peers).

**3. Маанилүүлүгүн баалоо жана приоритеттештирүү.**

Банк тарабынан баалоо үчүн беш баллдык шкаланы пайдалануу менен 2023-жыл үчүн Туруктуу өнүгүү жөнүндө отчет үчүн ар кандай темалардын маанилүүлүгүн баалоо жүргүзүлгөн, мында эң жогорку баалоо эң маанилүү теманы көрсөткөн. Маанилүүлүгүн баалоонун жыйынтыктары матрица түрүндө төмөндө берилген. Төмөндө көрсөтүлгөн бардык 12 тема Банк жана анын стейкхолдерлери үчүн маанилүү жана ушул Отчетто ачыкталган.

# МААНИЛҮҮЛҮК МАТРИЦАСЫ 2023




1. Корпоративдик башкаруу (анын ичинде тобокелдиктерди тескөө).
2. Коррупцияга каршы күрөшүү.
3. Кызматкерлердин билим алуусу жана өнүгүүсү.
4. Кызматкерлердин ден соолугу жана коопсуздугу.
5. Жашыл каржылоо.
6. Ар түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр.
7. Климаттын өзгөрүшү.
8. Калдыктарды башкаруу, анын ичинде калдыктарды кайра иштетүүгө көмөктөшүү.
9. Жоопкерчиликтүү ишкердик практика.
10. Экономикалык натыйжалуулук.
11. Жумуштуулук жана кызматкерлер үчүн социалдык программалар.
12. Кардарлардын маалыматтарынын купуялуулугу жана коопсуздугу.

# Стандарттар жана ченемдик талаптар

Отчетто Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына, Банктын ички жөнгө салуучу документтерине, ошондой эле корпоративдик башкаруунун эл аралык практикаларына ылайык негизги маалыматтар ачыкталат.

Отчетту даярдоодо төмөнкү документтер эске алынган:

- 2003-жылдын 27-мартындагы № 64 “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Global Reporting Initiative туруктуу өнүгүү жаатындагы отчеттуулук боюнча эл аралык стандарт;
- Банк сектору боюнча Sustainability Accounting Standards Board (SASB) эл аралык стандарты (жарым-жартылай ачыктоо);
- TCFD (The Task Force on Climate-related Financial Disclosures) Финансылык туруктуулук боюнча кеңештин алдындагы Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу финансылык маалыматты ачыкка чыгаруу маселелери боюнча жумушчу топтун сунуштамалары (жарым-жартылай ачыктоо);
- AA1000SES Стейкхолдерлер менен өз ара аракеттенүү боюнча стандарт;
- БУУ Глобалдык келишиминин 10 принциби (UN Global Compact);
- 2030-жылга чейин мезгилде туруктуу өнүгүү жаатындагы БУУ максаттары.

# Отчеттун периметри

Отчеттун чек аралары Банктын отчеттуулугунун жылдык циклине шайкеш келет.

Отчетто “Дос-Кредобанк” ААКнын ишинин эң маанилүү жыйынтыктары жөнүндө маалымат ачыкталган. Маалыматтарды чогултууда тигил же бул олуттуу маселеге, окуяга же чечимге байланыштуу негиздүү чечим кабыл алууга олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн болгон сандык жана сапаттык мүнөздөгү маалыматтар эске алынган жана ачыкталган. Банк финансылык эмес маалыматтарды мындан ары отчеттордо ачыктоо максатында аларды чогултуу жана иштеп чыгуу тутумун өркүндөтүүнү пландаштырат.

# Отчетту даярдоо принциптери

Банк Отчеттун мазмунун аныктоодо GRI стандартынын сунуштамаларын сактайт. Отчеттун 2-тиркемесинде GRI таблицасы жайгаштырылган, анда GRI көрсөткүчтөрүн ачыкка чыгаруу жөнүндө маалымат берилген.

## Отчеттун сапаты GRI Стандарттарынын негизги принциптерин колдонуу менен камсыз кылынат:

**Салыштырмалуулук**
Банк Отчетто маалыматты сандык көрсөткүчтөр боюнча бир нече жылдагы динамика менен берген, бул стейкхолдерлерге убакыттын өтүшү менен Банктын ишинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүндөгү өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөө жана башка уюмдар менен салыштырмалуу талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

**Ачыктык**

Отчетто маалымат кызыкдар тараптар үчүн түшүнүктүү формада берилген, бул аларга Банк жана анын иши жөнүндө керектүү түшүнүктү берет.

**Ишенимдүүлүк**

Отчет үчүн бардык маалыматтар Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан чогултулган жана берилген, аныктыкка текшерилген.

**Өз убактылуулугу**

Отчет 2023-календардык жылдагы маалыматты берет, 2024-жылы жарыяланат.

**Тактык**

Бардык маанилүү темалар боюнча маалымат Отчетто кеңири берилген жана стейкхолдерлерге Банктын ишинин жыйынтыктарын баалоо мүмкүнчүлүгүн берет. Бардык маалыматтар Банк тарабынан расмий таанылат, ички документтер, ошондой эле ачык жарыяланган (анын ичинде Банктын сайтында) документтер менен тастыкталат.

**Туруктуу өнүгүү контексти**
Отчет экономикалык, экологиялык жана социалдык аспекттерге бөлүү менен Банктын салымы жөнүндө маалыматты берет. Ошондой эле Отчетто БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдөгү Банктын салымы жөнүндө маалымат ачыкталган.

**Толуктук**

Отчетто Банктын отчеттук мезгилдеги таасирин баалоо үчүн жетиштүү маалымат берилген.

## Божомолдуу маалыматтарды жарыялоо үчүн жоопкерчиликти чектөө жөнүндө билдирүү

Бул Отчетто “келечекке байланыштуу билдирүүлөр” болуп саналган же эсептелген, “Дос-Кредобанк” ААКнын орто мөөнөттүү келечекке пландары жана ниеттери жөнүндө маалымат камтылган. Отчетто көрсөтүлгөн пландар жана ниеттер божомол мүнөзүнө ээ, тобокелдикке жана белгисиздикке байланыштуу, анткени келечектеги окуяларга жана жагдайларга тиешелүү. Келечекке байланыштуу билдирүүлөр Банктын ишинин келечектеги жыйынтыктарынын кепилдиктери болуп саналбайт, анткени Банктын таасир этүү зонасынан тышкары турат. Иштин анык жыйынтыктары, Банктын финансылык абалы, Кыргыз Республикасынын өнүгүүсү бул отчетто сүрөттөлгөн божомолдон олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Ушул себептен улам келечектеги натыйжалуулуктун иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрү бул Отчетто жарыяланган божомолдуу билдирүүдөн айырмаланышы мүмкүн.

# 2-тиркеме. GRI таблицасы

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| GRI 2: ОТЧЕТТУН ЖАЛПЫ ЭЛЕМЕНТТЕРИ | | | |
| 2-1 | Уюм жөнүндө маалымат | Банк жөнүндө | 7 |
| 2-2 | Туруктуу өнүгүү жаатындагы уюмдун отчетуна киргизилген ишканалар | 1-тиркеме. Отчет жөнүндө | 99 |
| | | Байланыш маалыматы | 113 |
| 2-3 | Отчеттуулук мезгили, мезгилдүүлүк жана байланышуучу адам | 1-тиркеме. Отчет жөнүндө | 99, 102 |
| 2-4 | Маалыматты кайра карoo | Бул Отчет Банктын операциялык иши жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарган биринчи отчет болуп саналат, ошондуктан маалыматты кайра карoo болгон эмес. | 99 |
| 2-5 | Көз карандысыз күбөлөндүрүү | Отчет көз карандысыз күбөлөндүрүүдөн өткөн эмес. | |
| 2-6 | Ишмердик, наркты түзүү чынжыры жана башка ишкердик мамилелер | Банк жөнүндө | 8, 10 |
| 2-7 | Кызматкерлер | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 59 |
| 2-9 | Жетекчиликтин түзүмү жана курамы | Корпоративдик башкаруу | 76, 78, 79 |
| 2-10 | Жогорку башкаруу органын шайлоо жана бекитүү тартиби | Корпоративдик башкаруу | 77 |
| 2-12 | Таасирди башкарууга көзөмөл жүргүзүүдө жогорку жетектөөчү органдын ролу | Туруктуу өнүгүүнү башкаруу | 17 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| 2-14 | Туруктуу өнүгүү жаатындагы отчеттуулуктта жогорку жетектөөчү органдын ролу | Туруктуу өнүгүүнү башкаруу | 17 |
| 2-15 | Кызыкчылыктар кагылышы | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 81 |
| 2-16 | Опурталдуу маселелер жөнүндө маалыматты жогорку жетектөөчү органга маалымдоо | Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 32 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 67 |
| 2-17 | Жогорку жетектөөчү органдын жамааттык билими | Корпоративдик башкаруу | 77, 83 |
| 2-22 | Туруктуу өнүгүү стратегиясы жөнүндө билдирүү | Директорлор кеңешинин төрагасынын кайрылуусу<br>Башкарманын төрагасынын кайрылуусу | 2, 3 |
| 2-23 | Ички саясаттарга карата милдеттенмелер | Туруктуу өнүгүүнү башкаруу | 19, 20 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 29 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 62 |
| 2-24 | Ички саясаттарга карата милдеттенмелерди ишке ашыруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 63 |
| 2-26 | Кеңеш сурап кайрылуу жана тынчсыздануусун билдирүү механизмдери | Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 30 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 67 |
| 2-28 | Ассоциацияларга мүчөлүк | 3-тиркеме. Ассоциацияларга мүчөлүк | 112 |
| 2-29 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү ыкмасы | Туруктуу өнүгүүнү башкаруу | 24 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| ОЛУТТУУ ТЕМАЛАР | | | |
| GRI 3-1 | Олуттуу темаларды аныктоо тартиби | 1-тиркеме. Отчет жөнүндө | 100 |
| GRI 3-2 | Олуттуу темалардын тизмеги | 1-тиркеме. Отчет жөнүндө | 101 |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнү башкаруу | 17 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 37 |
| | | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 58 |
| КАТЕГОРИЯ: ЭКОНОМИКА | | | |
| Кыйыр экономикалык таасирлер | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 70 |
| GRI 203-1 | Инфраструктурага инвестициялар жана акысыз кызматтар | | 70 |
| GRI 203-2 | Олуттуу кыйыр экономикалык таасирлер | | 72 |
| Сатып алуу тажрыйбалары | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Сатып алуу иши | 33 |
| Коррупцияга каршы аракеттенүү | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 30 |
| GRI 205-2 | Коррупцияга каршы аракеттенүү саясаты жана коррупция менен күрөшүү ыкмалары боюнча маалымдоо жана окууну өткөрүү | Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 32 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| GRI 205-3 | Тастыкталган коррупция учурлары жана көрүлгөн чаралар | Отчеттук мезгилде Банкта коррупция учурлары жок | 81 |
| КАТЕГОРИЯ: ЭКОЛОГИЯЛЫК | | | |
| Энергиялык майнаптуулук | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 37, 54 |
| Суу ресурстарын башкаруу | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 37, 54 |
| GRI 303-1 | Жалпы ресурс катары сууну пайдалануу | Жарым-жартылай ачыкка чыгарылган. Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 54 |
| Климаттын өзгөрүшү жана көмүртек | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 37, 45 |
| GRI 306-2 | Калдыктарга байланыштуу олуттуу таасирлерди башкаруу | Жарым-жартылай ачыкка чыгарылган. Туруктуу өнүгүүнүн экологиялык бөлүгү | 54 |
| КАТЕГОРИЯ: СОЦИАЛДЫК | | | |
| Жумуштуулук | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 58 |
| GRI 401-1 | Жаңы жумушка алынган кызматкерлер жана кадрлардын туруксуздугу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 59 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| GRI 401-2 | Толук жумуштуулук шарттарында иштеген кызматкерлерге берилүүчү жеңилдиктер, алар убактылуу же толук эмес жумуштуулук шарттарында иштеген кызматкерлерге берилбейт | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 65 |
| Кызматкерлердин жана жетекчиликтин өз ара мамилелери | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 67 |
| GRI 402-1 | Уюмдун ишиндеги олуттуу өзгөрүүлөргө карата билдирүүнүн минималдуу мезгили | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык санынын же штатынын кыскарышына байланыштуу эмгек келишимдери бузулганда банк кызматкерлерине билдирүүнүн минималдуу мөөнөтү кеминде 4 жуманы түзөт. | |
| Ден соолук жана жумуш ордундагы коопсуздук | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 58, 68 |
| GRI 403-1 | Жумуш ордундагы эмгекти коргоо жана коопсуздук маселелерин башкаруу тутуму | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 68 |
| GRI 403-2 | Коркунучту идентификациялоо, тобокелдиктерди баалоо, бөөдө кырсыктарды иликтөө | “Дос-Кредобанктын” тобокелдиктер реестринде коопсуздукка жана эмгекти коргоого байланыштуу тобокелдиктер жок, анткени коопсуздук жана эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү тобокелдиктер Банк үчүн банк ишинин өзгөчөлүгүнөн улам олуттуу эмес болуп саналат. Банк үчүн индикатор релеванттуу эмес. | 68 |
| GRI 403-3 | Ден соолукту коргоо кызматы | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 68 |
| GRI 403-5 | Жумуш ордундагы эмгекти коргоо жана коопсуздук маселелери боюнча кесипкөй даярдык | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 69 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| GRI 403-6 | Кызматкерлердин ден соолугун коргоо | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 69 |
| GRI 403-8 | Жумуш ордундагы эмгекти коргоо жана коопсуздук маселелерин башкаруу системасы менен камтылган кызматкерлер | 100% Банктын кызматкерлери жумуш ордундагы эмгекти коргоо жана коопсуздук маселелерин башкаруу системасы менен камтылган. | |
| GRI 403-9 | Өндүрүштүк жаракат | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 69 |
| Кызматкерлерди окутуу жана өнүктүрүү | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 58, 66 |
| GRI 404-1 | Бир кызматкерге карата жылына окутуу саатынын орточо саны | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү.<br>Жарым-жартылай ачыкка чыгарылган.<br>Банкта окутулган кызматкерлердин санын эсепке алуу жүргүзүлөт. | 66 |
| GRI 404-2 | Кызматкерлердин жумуштуулукка жөндөмдүүлүгүн колдоого багытталган квалификацияны жогорулатуу программалары | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 66 |
| Көп түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 58, 62 |
| GRI 405-1 | Жетектөөчү органдардын жана кызматкерлердин ар түрдүүлүгү | Корпоративдик башкаруу | 59-61, 78 |
| Басмырлабоо | | | |
| GRI 406-1 | Басмырлоо учурларынын жалпы саны жана жоюу боюнча көрүлгөн чаралар | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү.<br>Банкта жынысы, курагы, этностук же улуттук таандыктыгы, туткан дини, үй-бүлөлүк статусу, саясий ынанымдары, теги жана башка жеке өзгөчөлүктөрү боюнча басмырлоонун ар кандай формаларына тыюу салынат. | 62 |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| Балдар эмгеги | | | |
| GRI 408-1 | Балдар эмгегин пайдалануунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирип берүүчүлөр, анын ичинде көрүлгөн чаралар | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү. Банк балдар эмгегин же мажбурланган эмгектин башка түрлөрүн колдонууга жол бербейт жана тыюу салат. | 62 |
| Мажбурланган эмгек | | | |
| GRI 409-1 | Мажбурланган же милдеттүү эмгекти пайдалануунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирип берүүчүлөр | Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү. Банк балдар эмгегин же мажбурланган эмгектин башка түрлөрүн колдонууга жол бербейт жана тыюу салат. | 62 |
| Жергиликтүү коомчулуктар | | | |
| GRI 3-3 | Олуттуу темаларды башкаруу | | |
| GRI 413-1 | Жергиликтүү коомчулуктар менен өз ара аракеттенүү, жергиликтүү коомчулуктарга таасирди баалоо жана жергиликтүү коомчулуктарды өнүктүрүү программаларын ишке ашыруучу бөлүмдөр | Жарым-жартылай ачыкка чыгарылган. Туруктуу өнүгүүнүн социалдык бөлүгү | 70-73 |
| GRI 413-2 | Жергиликтүү коомчулукка олуттуу иш жүзүндөгү же потенциалдуу терс таасирин тийгизген бөлүмдөр | Колдонулбайт. Банктын иши жергиликтүү коомчулукка терс таасир тийгизбейт. | |

| Индикатор | Көрсөткүчтүн аталышы | Отчеттогу бөлүм/ Банктын комментарийи | Отчеттун бети |
|---|---|---|---|
| GRI 415: Мамлекеттик саясат | | | |
| 415-1 | Саясий төгүмдөр | Банк саясий партияларга, уюмдарга же алардын өкүлдөрүнө финансылык колдоо көрсөтпөйт жана саясий ишмердикке катышпайт.<br><br>Кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча саясатка, ошондой эле “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” жана “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Банк чечимдерди кабыл алууга таасир этүү максатында материалдык баалуулуктарды, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү же пайдаларды кабыл алууга жана берүүгө катуу тыюу салат. | |
| Кардардын купуялуулугу | | | |
| 418-1 | Кардарлардын купуялуулугу. Купуялуулуктун бузууларына тиешелүү негиздүү даттануулар. | Жарым-жартылай ачыкка чыгарылган. Туруктуу өнүгүүнүн экономикалык бөлүгү | 34, 35 |

# 3-тиркеме. Ассоциацияларга мүчөлүк

## Жалпы маалымат

Өз ишинин натыйжалуулугун жана ачыктыгын жогорулатуу үчүн “Дос-Кредобанк” ААК улуттук деңгээлде кесипкөй ассоциациялардын ишине катышат.

**Банктын уюмдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн негизги багыттары:**

- мыйзамдык жана ченемдик базаны өркүндөтүү;
- Кыргыз Республикасында жашыл каржылоону өнүктүрүү боюнча демилгелерди илгерилетүү;
- Кыргыз Республикасында ESG-күн тартибин киргизүү боюнча демилгелерди илгерилетүү.

**“Дос-Кредобанк” төмөнкү ассоциациялардын катышуучусу болуп саналат:**

- Кыргызстандын банктар бирлиги;
- Кыргызстандын жашыл альянсы;
- AmCham Америка соода-өнөр жай палатасы;
- Банктар аралык процессинг борбору.

Мындан тышкары “Дос-Кредобанк” 2022-жылы GIP for the Belt and Road (Green Investment Principles, “Алкак жана жол” демилгесинин алкагындагы Жашыл инвестициялар принциптери) стандарттарына кол койгон жана кабыл алган Борбор Азиядагы биринчи банк болуп калды. Жогоруда көрсөтүлгөн жашыл инвестициялар принциптери 2019-жылдын 25-апрелинде Пекинде “Алкак жана жол” демилгесинин 2-форумунда жарыяланган. Документтин негизин үч деңгээлдеги: стратегиялык, операциялык жана инновациялык деңгээлдеги жети жетектөөчү принциптер түзөт, алар кол койгон тараптарды корпоративдик башкаруунун туруктуулугун камсыз кылууга чакырат, экологиялык тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн конкреттүү чараларды сунуштайт, ошондой эле заманбап финансылык “жашыл” инструменттерди пайдаланууга көмөктөшөт.

USAID
FROM THE AMERICAN PEOPLE

**Бул отчет USAID долбоору тарабынан ишкердикти жана бизнес чөйрөнү өнүктүрүү боюнча колдоо менен даярдалган.**

# Байланыш маалыматы

“Дос-Кредобанк” ААК
720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 92, 6-кабат

8686 (колл-борбор)

**Кайтарым байланыш**

Сиздин пикириңиз биз үчүн өтө маанилүү.

Эгерде сизде туруктуу өнүгүү жаатында өнөктөштүк үчүн сунушуңуз же бул отчетко байланыштуу комментарийиңиз/каалооңуз болсо, биз менен байланышыңыз:
**office@doscredobank.kg**